**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН А.АЛТМЫШБАЕВ АТЫНДАГЫ ФИЛОСОФИЯ, УКУК ЖАНА СОЦИАЛДЫК-САЯСИЙ ИЗИЛДӨӨЛӨР ИНСТИТУТУ**

**Ж. БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ Д 23.20.611**

Кол жазма укугунда
УДК: 316.334:37

**БЕДЕЛБАЕВА АЙНУРА ЗАМИРБЕКОВНА**

# БОЛОНДУК ПРОЦЕССТИН АЛКАГЫНДА КЫРГЫЗСТАНДА ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮНҮН КЕЛЕЧЕКТЕГИ ӨНҮГҮШҮ

22.00.04. – социалдык түзүлүш,
социалдык институттар жана процесстер

Социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын
изденип алуу үчүн жазылган диссертация

**Илимий жетекчи:** социология илимдеринин доктору,
профессор Салморбекова Р.Б.

**Бишкек - 2021**

**МАЗМУНУ**

**КИРИШҮҮ** ........................................................................................................**4**

**I ГЛАВА. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОЦЕССИН ИЗИЛДӨӨНҮН ТЕОРИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ**

1.1. Заманбап билим берүүнүн социологиялык парадигмалары..........................11

1.2. Болондук процесстин алкагындагы азыркы дүйнөдөгү жогорку
билим берүү системасы..............................................................................31

1.3. Болондук жогорку билим берүү системасын изилдөө.................................48

1-глава боюнча корутунду...............................................................................68

**II ГЛАВА. ЗАМАНБАП ШАРТТЫНДА КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮНҮН МЕТОДОЛОГИЯСЫ**

2.1 Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын Болондук процесске
өтүшү жана ишке ашырылышынын методологиясы..........................................71

2.2. Жогорку билим берүүнүн салттуу жана инновациялык
форматтарын коомдун кабыл алышы.............................................................95

2-глава боюнча корутунду.............................................................................105

**III ГЛАВА. БОЛОНДУК ПРОЦЕССТИН АЛКАГЫНДА КЫРГЫЗСТАНДА ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮНҮН ПРИОРИТЕТТҮҮ БАГЫТТАРЫ**

3.1. Кыргызстанда Болондук процесске өтүү этаптары....................................108

3.2. Болондук процесстин алкагындагы жогорку билим берүүнүн
приоритеттүү багыттары ..............................................................................126

3-глава боюнча корутунду.............................................................................139

**ЖАЛПЫ КОРУТУНДУ**...............................................................................**142**

**СУНУШТАР**..............................................................................................**149**

**ПАЙДАЛАНГАН АДАБИЯТТАР**...............................................................**152**

**Тиркеме 1. Социологиялык изилдөөнүн программасы**................................**171**

**Тиркеме 2. Социологиялык изилдөөнүн анкетасы**......................................**178**

# КЫСКАРТУУЛАРДЫН ТИЗМЕСИ

**ECTS** – Европалык насыяларды трансформациялоо системасы

**ESG** – Европалык жогорку билим берүү мейкиндигинин стандарты

**ENQA** – Сапатты башкаруу боюнча Европа фондусунун модели

**DAAD** – Германиялык Академиялык Алмашуу Кызматы

**UCTS** – Университеттин насыя которуу тутуму

**UMAP** – Азия жана Тынч океандагы университеттик мобилдүүлүк

**АЙРЕКС –** Эл аралык илимий изилдөө жана алмашуу боюнча кеңеши

**БФИС** – Бакалаврдын федералдык интернет сынагы

**БЭИЭ** – Бакалаврлардын Эл аралык интернет-экзамени

**ДББМ –** Дүйнөлүк билим берүү мейкиндиги

**ЖРТ** – Жалпы республикалык тестирлөө

**ЖОЖ** – Жогорку окуу жайлар

**ИНТАС** – Мурунку Советтер Союзунун Жаңы Көзкарандысыз Мамлекеттеринин окумуштуулары менен кызматташууну илгерилетүү боюнча эл аралык ассоциация

**ИИИ –** Илим-изилдөө институту

**КЭАУ** – Кыргызстан эл аралык университети

**КМКТАУ**– Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университети

**МББС** – Мамлекеттик билим берүү стандарты

**МКТ** – Маалыматтык компьютердик технология

**СМС** – Сапаттуу менеджмент системасы

**ТЕМПУС** – Трансевропалык университеттин мобилдүүлүк программасы

**ТАСИС –** Көз карандысыз мамлекеттердин шериктештигине техникалык жардам көрсөтүүнүн Европалык программасы

**ЮНЕСКО** – Бириккен Улуттар Уюмунун билим берүү жана маданият боюнча адистештирилген мекемеси

# КИРИШҮҮ

**Диссертациялык иштин актуалдуулугу.** Кыргызстан эгемендүү болуп, демократия өнүгүш жолун тандап алгандан тартып, ал бардык тармактар боюнча көптөгөн мамлекеттер менен коомдук-саясий, социалдык-экономикалык кызматташууга өттү. Мындай шартта артыкчылыкка ээ тармактардын бири болуп билим берүү системасы эсептелинет. Кыргызстан билим берүү системасын туура жолго салыш үчүн биринчи кезекте өнүккөн өлкөлөрдөгү ири жетишкендиктерге ээ болгон ийгиликтерди, дүйнөлүк билим берүүдөгү алдыңкы иш-тажрыйбаларды толугу менен өлкө ичине алып келүүгө аракет кыла баштады. Алардын биринчиси жогорку кесиптик билим берүүнү эки баскычтуу (бакалавриат жана магистратура) кредиттик окуу системасына алып чыгуу кызыкчылыгы болду. Өнүккөн өлкөлөрдө практикаланып келе жаткан мындай билим берүү системасын Кыргызстанга кабыл алуу аракети кимдир бирөөнүн жеке субъективдүү кызыкчылыгынан жаралган жок. Ага карата кызыкчылыктардын пайда болушу, XXI кылымдын алгачкы жылдарында, КМШ өлкөлөрүнүн бардыгына мүнөздүү объективдүү шарт болуп саналат.

Акыркы он жылдын ичинде орто эле эмес, жогорку окуу жайларда да билим берүү багытында кескин өзгөрүүлөр болду. Мындай ааламдык масштабды ичине алган өзгөрүүлөргө окумуштуулар ар түркүн кырдаалдан баа берип келишет. Алар: 1) адамзат жашоосунун ааламдашуусу; 2) адам баласынын дүйнө таанымынын демократиялашуусу; 3) илим-билимдин тездик менен өнүгүшү; 4) реалдуу турмуш чындыгынын кескин жаңыланышы, б. а. жарандык көз караштын дайыма өзгөрүүгө дуушар болушу; 5) коомдук-социалдык жаңылануураларга ылайык инсандын үзгүлтүксүз билим алууга муктаждыгы жана башка маселелер менен түшүндүрүлөт.

Бүгүнкү күндө Кыргызстанда мамлекеттик жогорку окуу жайлардын саны – 32 жана жеке менчик жогорку окуу жайлардын саны – 33, баары биригип – 65. Кыргыз Республикасынын билим берүү министрлигинин жоболоруна ылайык 2012-жылдан тартып бардык жогорку окуу жайлары Болондук процессте иш алып барышууда. Кыргызстан өткөн Болондук билим берүү тутуму эки

баскычтуу билим берүү тутумунан турат: биринчиси – төрт жылдык окуу менен бакалавр, экинчиси – эки жылдык окуу менен магистратура. Көпчүлүк адамдардын оюу боюнча, бакалавр даражасы толук эмес жогорку билим болуп саналат жана өз тармагында компетенттүү адис болуу үчүн магистр даражасына жетишүү зарыл.

Бул квалификациялык даражанын бирден-бир чектөөсү – бакалаврларга жогорку окуу жайларында сабак берүүгө тыюу салынган. Айрым адистиктер боюнча дагы чектөөлөр бар, мисалы, магистрдик даражадан төмөн квалификациясы бар адам жогорку кызматка көтөрүлө албайт.

Магистрдик программа – бул кесиптик өркүндөтүүнүн милдеттүү уландысы эмес, университеттер магистрдик программаларга бардык бакалаврларды кабыл ала албайт, анткени лицензиялык талаптар магистрдик программалардын максималдуу контингентин белгилеген, ал жогору эмес, анткени ал жакта жекече окутуу талап кылынат. Кыргызстандагы ЖОЖдордун бардыгы эле магистрдик программаларды ишке ашыра бербейт. Учурда магистратура программасы 26 жогорку окуу жайларында ачылган.

Илимий коомчулук ал өзгөрүүлөрдү ар түркүн аталыштар менен атап, ага ар кыл көз караштa баа берүүгө аракет кылат, ошондой эле социология илиминде да мындай аракеттер жетиштүү болуп саналат. Бирок, кайсы тарабынан алынбасын, алардын көз караштарын бир жерге топтоп, бирин-экинчиси менен байланыштырып турган жагдай — «адамдын эркин өнүгүшүнө» («свободное развитие человека») кызмат кыла турган билим берүүгө багыт алуу экендиги ачык көрүнөт. Бул багыттагы иштер жогорку окуу жайларын да толугу менен кучагына алып баратканын айтпай коюуга болбойт. Буга Болондук процесс мисал болуп бере алат. Жогоруда аталган маселелер жана көрүнүштөр азыркы жогорку билим берүү тармагындагы Болондук процессти изилдөө зарылдыгын аныктайт.

**Диссертациянын темасынын ири илимий программалар менен байланышы.** Аталган тема Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин «Социология жана социалдык иштер» кафедрасында жеке

демилге катарында бекитилген. Иште автор тарабынан 2012–2019-жылдар аралыгында Кыргызстандын аймагында аталган тема боюнча долбоорлордун негизинде жүргүзүлгөн социологиялык изилдөөлөрдүн жыйынтыктары чагылдырылган.

**Диссертациялык изилдөөнүн максаты:** Болондук процесстин алкагында Кыргызстандагы жогорку билим берүүнүн өнүгүшүнүн негизги багыттарын жана келечегин аныктоо.

Максатына жараша төмөнкү **милдеттер** коюлуп, каралган жана изилденген:

1. азыркы жогорку кесиптик билим берүүнү коомдук процесс катары социологиялык парадигмалардын негизинде талдоо;
2. Болондук процесстин алкагындагы заманбап жогорку кесиптик билим берүү тармагын талдоо;
3. жогорку кесиптик билим берүүнү Болондук процесстин чегинде реформалоону талдоо, анын оң жана терс жактарын, айырмачылыктарын ачып көрсөтүү;
4. Кыргызстандагы жогорку кесиптик билим берүүнүн салттык жана инновациялык форматтарынын коом тарабынан кабыл алынышын аныктоо;
5. жогорку кесиптик билим берүү системасынын Болондук процесске өтүү этаптарын карап чыгуу;
6. Болондук процесстин алкагында Кыргызстандагы жогорку кесиптик билим берүүнүн өнүгүшүнүн приоритеттүү багыттарын көрсөтүү.

**Алынган жыйынтыктардын илимий жаңылыгы.**

1. Болондук процесс жогорку кесиптик билим берүүнүн жаңы парадигмасы катары аныкталган;
2. Болондук процесске кошулгандагы алгачкы шарттардын жана аларга ылайык келген жогорку кесиптик билим берүүнүн методологиясы каралган;

3. Жогорку окуу жайлардын Болон процессине өтүү этаптары жана анын жүрүшүндөгү реформалар аныкталган;
4. Жогорку кесиптик билим берүүнүн салттуу жана инновациялык форматтарындагы проблемалар салыштырылып талданган;
5. Болондук процессти ишке ашыруудагы артыкчылыктар менен кемчиликтер көрсөтүлгөн.

**Изилдөөдөн алынган натыйжалардын практикалык мааниси:** изилдөөдөн алынган натыйжалар, иштелип чыккан илимий жоболор Болондук процесске арналган маселелер боюнча мамлекеттик билим берүү саясатынын маселелерин иштеп чыгууга, ишти мындан ары алып барууга, социалдык-психологиялык, методикалык материалдарды түзүүгө көмөк берет. Изилдөөнүн материалдарынын негизинде окуу куралдарды, дарстарды, практикалык сабактарды даярдоодо, жогорку окуу жайдын окутуучуларын кайрадан даярдоо курстарында маалымат катары колдонулушу мүмкүн.

**Алынган жыйынтыктардын экономикалык мааниси.** Изилдөөнүн жыйынтыктары жана иштелип чыккан сунуштары мамлекеттик жана мамлекеттик эмес жогорку окуу жайлардын ишин оптималдаштырууда, алардын рейтингин жогорулатууда жана социалдык мобилизациялоодо өлкө боюнча колдонууга мүмкүнчүлүк берет.

**Изилдөөчүнүн жекече салымы:** 2019-жылдан баштап изденүүчү өз демилгеси менен аталган тема боюнча социологиялык изилдөө жүргүзүлгөн. Бул изилдөө социологиянын сандык жана сапаттык ыкмаларын колдонуу аркылуу ишке ашырылган. Алсак, статистикалык маалыматтар, тема боюнча маселелерди чагылдырган эмгектер документтерди талдоо усулун пайдалануу менен илимий жактан талданган. Эксперттик (тема боюнча эксперттер, жогорку окуу жайлардагы жетекчилер, окутуучулар, бүтүрүүчүлөрдү жумуш менен камсыз кылуучулар) сурамжылоодо бардыгы болуп 100 экспертке, ошондой эле 400 респондентке (магистранттар) массалык сурамжылоо жүргүзүлдү. Алынган жооптор SPSS-16, Google Forms программаларында иштелип чыкты. Географиялык курчоо: Бишкек шаарындагы мамлекетик жана жеке менчик

жогорку окуу жайларынын магистранттарын жана жогорку окуу жайлардын кызматкерлерин камтыган. Себеби Кыргызстандын көпчүлүк жогорку окуу жайлары борбордо жайгашкан. Ошондуктан, изилдөөнүн максат, милдеттерине ылайык, Бишкектин жогорку окуу жайлары салыштырып изилдөөгө алынган.

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор:**

1. Болондук процессти ишке ашыруунун негизинде Кыргызстандагы жогорку билим берүү тармагы заманбап формаларга багытталышы менен билим берүүдөгү баштапкы базалык кырдаалдын ортосунда бир топ карама-каршылыктар бар, аларда көптөгөн чечиле элек проблемалар орун алган (сапаттуу билимдин жеткиликтүүлүгүндөгү теңсиздик, билим берүүдөгү баш аламандык, артта калган материалдык-техникалык база ж.б.). ЖОЖдорго Болондук процесстин алкагында жогорку кесиптик билим берүүнү модернизациялоо, инновацияларды камсыз кылуу маселелерин чечүү милдеттендирилүүдө;

2. Учурдагы Болондук процесс менен билим берүүнү реформалоо бирдиктүү европалык билим берүү мейкиндигин түзүүнүн негизги позицияларын жарым-жартылай кароого негизделген. Кыргызстандын шартында Болондук жаңылануунун ийгилигин жогорулатуу үчүн билим берүүнүн жана илимдин өз ара мамилелеринин натыйжалуулугун, кадрларды даярдоо жана аларды жумуш менен камсыз кылуу чөйрөсүн айкалыштыруу зарыл.

3. Кыргызстандын билим берүү стандарттарын европалык стандарттарга шайкеш келтирүү үчүн жогорку окуу жайларды дүйнөнүн алдыңкы окуу жайларын аккредитациялаган эл аралык уюмдардан аккредитациядан өткөрүү зарыл. Ал үчүн материалдык, каржылык жана кадр маселелери европалык стандарттарга туура жана толук жооп бере турган реформаларды жасоо керек.

4. Болонья келишиминин алкагында өлкөдө ишке ашырылып жаткан жогорку билим берүүнү модернизациялоонун вариантын «жактырабыз» жана «каршыбыз» деп эсептеген эксперттердин жүйөөлөрү келтирилген. Радикалдуу реформанын жактоочуларынын негизги аргументтери: адистерди даярдоонун эки баскычтуу системасынын ыңгайлуулугу; жогорку окуу жайлардын

бүтүрүүчүлөрү үчүн кыска мөөнөттүү окуу курстарынын киргизилиши; дипломдордун Европада да таанылышына жетишүү; чет өлкөдө билим алуу мүмкүнчүлүгү; жаңы баалоо тутумунун универсалдуулугу жана объективдүүлүгү; Кыргызстандык адистерди чет өлкөлөрдө таануу келечеги бар экендигин белгилешти. Кыргызстандын Болондук процесске киришине каршы көз караштардын негизги эскертүүлөрү катары: буга чейинки билим берүүнүн жетишкен ийгиликтерин жоготулуусу; илимий мектептердин потенциалынын жоготулуусу; билим берүүнү стандартташтыруу; студенттердин чыгармачыл потенциалын ачуунун мүмкүн эместиги; билим берүүнү формалдаштыруу; дипломдуу адистердин билим деңгээлинин төмөндөшү; Кыргызстандын эмгек рыногунда бакалаврларга талаптын жоктугун белгилешкен.

5. Билим берүүгө киргизилген принциптерди, методдорду жана адистерди даярдоонун деңгээлин окуу процессинин бир бөлүгү гана колдойт. Болонья келишиминде ишке ашырылган критерийлердин, механизмдердин тутумдары билим берүү субъекттеринин чоң топтору жана калк үчүн түшүнүксүз, алар коомдо анча белгилүү эмес. Болондук принциптерди кабыл алуу деңгээлин жогорулатуу студенттерден билимге болгон аң-сезимдүү мотивацияны күчөтүүнү, социалдык ой жүгүртүү тажрыйбасын топтоону, жаңы билим берүү мейкиндигин калыптандырууда маанилүү өнөктөш катары катышууга даяр болууну талап кылат.

6. Эмпирикалык социологиялык изилдөө билимдин төмөнкүдөй өзгөчө кырдаалдарын ачып берди: билим алуу баалуулугу студенттердин турмуштук баалуулуктарынын тутумунда алдыңкы орунду ээлебейт; жогорку билимге болгон мамиле азыркы жаштарда негизинен инструменталдык функцияларды аткарат; тандап алган адистиктердин сапаты боюнча студенттердин талаптарына университеттердин толук жооп бере албагандыгынан (материалдык-техникалык базанын начардыгы, лабораториялардын жоктугу, практикалык сабактардын жана кесипкөй жогорку сапаттагы окутуучулардын аздыгы ж.б.) нааразычылыктар жаралууда; ЖОЖдордо билим берүүнүн академиялык формаларынын негизги диапазону жетиштүү деңгээлде колдонулбайт.

Студенттер ар кандай билим берүү, анын каражаттары менен тааныш эмес жана алардын сапатына көбүнчө канааттанбайт, ошондой эле студенттер Болондук процесстин талаптарынын мүнөзү жана билим берүү форматтары жөнүндө так түшүнүккө ээ эмес.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын апробациясы:** Изилдөөнүн негизги натыйжалары 16 илимий макалаларда чагылдырылган. Диссертациялык изилдөөнүн натыйжалары боюнча эл аралык, республикалык илимий-практикалык педагогикалык конференцияларда баяндоолор жасалган. Алсак, «Реформирование в системе высшего образования Кыргызстана в русле Болонского процесса» (Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети, 2014-ж.), «Образование как фактор повышения мобильности» профессор К.Б.Бектургановдун 70-жылдык маарекесине арналган илимий жыйында (Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети, 2015-ж.) көрсөтүлдү. «Модернизация оценки эффективности местного управления в контексте мировых стратегий» (Казакстандын социологдорунун VI конгрессинин материалдар жыйнагы. – Астана, 2018-ж.) ж.б.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын толук жарыяланышы:** Алынган натыйжалар диссертациялык изилдөөнүн негизги мазмунун түзүү менен бирге 3 чет элдик (РИНЦ) жана республикалык илимий басылмаларда жарыяланган 13 макалаларда чагылдырылды.

**Диссертациянын түзүлүшү:** иш негизги үч главадан, 7 параграфтан, киришүүдөн, корутундудан, практикалык сунуштардан жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат. Диссертациянын көлөмү–151 бет, пайдаланылган адабияттар жана тиркемелер менен иштин жалпы көлөмү 190 бет.

# I ГЛАВА. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОЦЕССИН ИЗИЛДӨӨНҮН ТЕОРИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ

## 1.1. Заманбап билим берүүнүн социологиялык парадигмалары

Билим берүү социалдык жактан өтө маанилүү институттардын бири болгондуктан ар дайым дүйнөлүк коомчулуктун көңүлүн буруп келген. Ошол эле мезгилде бул тармак цивилизациялык өнүгүүнүн эпкининде ар кандай кризистик көрүнүштөргө дуушар болгон учурлар аз эмес. Билим берүү тармагындагы кризистик көрүнүштөрдөн чыгуу же бул тармакты андан ары өнүктүрүү жаңы теориялык багыттарга, парадигмалык деңгээлдеги идеяларга, концепцияларга кайрылуу аркылуу ишке ашат.

Азыркы учурда билим берүү тармагы татаал жана көп түрдүү болуп жатат. Жашоо, иш-аракеттер жана мотивдер улам барган сайын институтташтырылган легитимдүү жамааттык формадан алыстап, бул жагдай азыркы заманбап коомду изилдөөдө кыйынчылыкты жаратууда. Социология бүгүнкү күндөгү социалдык чындыкты сыпаттоодо дүйнөгө көз караштык, методологиялык жана методикалык олуттуу кыйынчылыктарды баштан кечирүүдө. Мындай көрүнүш билим берүүнүн социологиясына да тиешелүү.

Коомдук турмуштун бардык тармагында билим берүүнүн ролун күчөтүү билим берүүнүн социологиясындагы методологиялык позициянын жаңыланышын, билим берүүнүн социологиясынын методологиялык базасын кайра түзүүнү талап кылып отурат. Бүгүнкү күндө билим берүүнү социалдык институт катары изилдөөгө гана аракеттер жүрбөстөн, аны парадигмалык позициядагы социо-маданий феномен катары да изилдөө ишке ашырылууда.

XIX–XX кк. социологиялык билимдерден өз алдынча тармак катары социология билими түзүлгөн. XX кылымда социалдык билимдин негизги парадигмасы жана теориясы аныкталган.

Заманбап социологиянын илимий мазмундагы түзүлүшүн жана мүнөзүн түшүнүү кыйын. Социологияда принципиалдык теориялык ыкмалардын аныктоочу стратегиясы жана багытталган изилдөөсү кандайча алып барылат?, кантип изилденет? – деген суроолорго берилген жооптору, түрлөрү менен

дифференциацияланган жана изилдөө иштеринин аспектилеринин ортосунда айырмачылыктар бар.

Бул айырмачылыктар социологиянын ичиндеги илимий мектептердин жана изилдөө багыттарынын атаандаштыгына алып келген. Мисалы: марксисттик социология, позитивисттик социология, сындык социология, чечмелөө социологиясы, феноменологиялык социология жана башка да социологиялардын өнүгүшү үчүн ар кандай илимий багыттагы парадигмалар каралган.

**«Парадигма»** деген түшүнүк илимде методологиялык милдет аткара турган багытты, куралдарды, каражаттарды, принциптерди, жоболорду, көз караштарды, методдорду жана илимдүүлүктүн маанисин чагылдыра турган ойлорду, пикирлерди ж.б. билдире турган феномен катары колдонулган.

**«Парадигма»** түшүнүгүн илимий чөйрөдө колдонуу максатындагы биринчи аракеттер жана илимий кадамдар америкалык социолог Томас Кун (1922–1994) тарабынан жасалган. «Структура научных революций» (1962) деген эмгегинде парадигма түшүнүгүнө төмөндөгүдөй аныктама берет: «...кандайдыр бир мезгил аралыгында илимпоздорго проблемаларды коюу жана аларды чечүү модели катары кызмат кылган жана бардгы кабыл алган илимий жетишкендик» [68]. Бул маанисинде парадигма дүйнө таануу деңгээлинде, илимде жана тажрыйбадан орун алган кемчиликтерден арылуу максатында көпчүлүк изилдөөчүлөр тарабынан кабыл алынган жаңы теорияларды, көз караштарды жаратуучу жана илимий багыт берүүчү жана алардан алынган натыйжаларды чечмелөөчү курал катары колдонулат. Тагыраак айтканда, «парадигма» түшүнүгү аркылуу азыркы мезгилде окумуштуулар өздөрүнүн изилдөө багыттарын аныктоочу пландарын гана көрсөтпөстөн, максатташ, же көз караштары туура келген иштиктүү ишмердүүлүктөрүн ошол пландарга байланыштырып ишке ашырууну сунуш кылууга ээ болуп жаткандыгын көрөбүз. Социолог К.Бейлинин аныктамасы боюнча «парадигма – изилдөөчү дүйнөнү караган менталдык терезе (mental window)» [162] деген образдуулук менен түшүндүрүлүп, анын мазмунунда кесипке ээ болуучу адисти социалдык

жактан калыптандыруучу бардык концепттер орун алган. Ырас, ал концепттер рынок шартында кесипке карата коюлган талаптарды изилдөөдөн, жарандарды адистештирүүдө билим берүү тармактары эске ала турган шарттарды үйрөнүп-билүүдөн пайда болгон натыйжага жетүүчү максат-милдет жана окутуу мазмундарына айланган бирдиктүү номенклатуралык аныктамалар – адиске иш-билгиликти адат катары калыптандыруучу иерархия, б.а. окуу процессин уюштуруу жана аны текшерип баалоонун теориялык жактан негизделиши – парадигма катары кабыл алына баштаган. Кыргызстанда деле «парадигма» ушул түшүнүктөрдүн алкагында туруп, учурда билим берүү тармактарындагы өзгөрүүлөр: 1) ааламдашуу процессиндеги адамдын социалдык кызыкчылыктарын канааттандыруу; 2) таанып-билүүсүн жана жүрүм-турумун дүйнөлүк социалдык өзгөрүүлөргө ыңгайлаштыруу; 3) инсандык сапаттарды калыптандырууда коомдук-социалдык жаңылануулар менен илимдеги жетишкендиктерди интеграциялоо; 4) адамзат түзгөн баалуулуктарды өз боюна сиңирген инсандык феноменге жетүү натыйжасы катары көрүнөт.

Билимдин кандай гана конкреттүү тармагы болбосун ал өзүнүн парадигмаларына ээ. Социология да андан сыртта калбайт. Социологиядагы парадигма ар түрдүү теориялардын ортосундагы өз ара байланыш тууралуу системалуу түшүнүк болуп саналат. Ал өз ичине:

а) философиялык (методологиялык) социалдык дүйнө тууралуу идеяларга «социалдык» деген эмне сыяктанган сыпатталган суроого жооп берген айрым жалпы маалыматтарды кабыл алуу;

б) социалдык процесстер жана кубулуштарга салыштырмалуу айрым жалпы принциптерди, негизделген критерийлерин жана билимдин мөөнөтүн кабыл алуу;

в) парадигма алкагында изилдөөгө жаткан көйгөйлөрдүн жалпы айлампасынын айрымдарын жана тескерисинче изилдөө милдеттерин коюуга негиздин жоктугун кабыл алуу [126].

Билим берүүнүн парадигмалдуулугуна эмне тиешелүү деген маселеге келсек, мында кеп билим берүү системасынын негизинде жаткан аныкталган

үлгүлөр, моделдер туурасында жүрүүдө. Билим берүү системасы коомдун жана инсандын белгилүү бир үлгүгө карай умтулуулары болуп саналат, ошондуктан билим берүү бүтүндөй инсандын же коомдун тигил же бул образдын же үлгүнүн, б.а. парадигманын негизинде өзүн-өзү калыптандыруусу жаатындагы руханий ишмердүүлүгүнүн бир түрү катары аныкталган [70].

Билим берүүнү ар түрдүү позицияда (социалдык институт катары, система катары, социо-маданий феномен катары) изилдөө үчүн социологияда жалпы кабыл алынган парадигмалар колдонулат жана билим берүүдө пайдалана турган жаңы парадигмалар түзүлгөн [31, 44, 114]. Билим берүүнү изилдөөдө көпчүлүк учурда структуралистик, функционалдык, феноменологиялык жана гуманисттик парадигмалар колдонулат. Ошондой эле ар бирин өз алдынча кароого боло турган, бул же тигил парадигманын жеке көрүнүшү катары да кароого мүмкүн болгон, жетишээрлик өлчөмдөгү дагы көп парадигмалар бар.

*Структуралисттик парадигма* коомду анын башкы структурасынан камсыздалган бүтүндүк (өзүнө-өзү жетиштүүлүгү) катары карайт, алардын арасынан төмөнкүлөрдү бөлүп алууга болот: социалдык системалар (коомдук институттар); маданий система жөнгө салуучу күч катары; принциптер жана эрежелердин жүрүм-турумдук көрсөтмөлөр системалары; инсандык системалар (ролдордун репертуары жана инсандык мотивация). Коомдук жашоо-турмуш адамдардын чексиз көптөгөн өз ара кыймыл-аракеттерин жана ушул өз ара кыймыл-аракеттердин чиеленишин элестетет. Социологиянын бул позициядагы башкы милдети – коомдогу системанын жана подсистемалардын социалдык тартибин, тең салмактуулугун, туруктуулугун жана жашап кетүүсүн камсыздаган социалдык системанын механизмдерин жана структураларын изилдөө. Жалпы касиеттери боюнча системалар өз ара көз карандылыкта болушат. Өз ара көз карандылык – бул системага кирген элементтердин ортосундагы өз ара кыймыл-аракеттердин аныкталган тартиби, б.а. көзөмөлдүн болушу, жүрүм-турумдун чектелиши, башкалардын жүрүм-турумун эсепке алуу. Бардык системалар айлана-чөйрө менен өз ара татаал алака-катышта аракеттенишет. Кандай гана система болбосун, ал ички жана тышкы багытка ээ.

Системанын ички багыты анын керектөө (максатка жетүү үчүн энергиянын же рационалдуу энергиянын: маалыматтын, билимдин топтоштурулушу ж.б.) сыяктуу касиеттери менен байланышкан. Системанын тышкы багыты адаптация жана интеграция менен байланыштуу. Бардык багыттарды колдонууда (Т.Парсонс) функционалдык проблемалардын инварианттык жыйымы: адаптация, максатка жетүү, интеграция, структуранын кайра түзүлүшү, чыңалган, тынчы кеткен абалды жазуу келип чыгат. Ошентип, билим берүүдө структуралистик парадигманы колдонуу баарынан мурун өз ара байланыштагы жана өз ара таасирдеги объективдүү жана субъективдүү, бирдиктүү элементтерден турган анын структуралары аркылуу билим берүүнү социалдык институт катары кароого мүмкүндүк берет. Билим берүүгө болгон мындай мамиле социалдык системанын (коомдун) өзүндөй эле анын ар түрдүү подсистемалары да билим берүү бүтүндүгүнүн (коомдун) бөлүгү катарындагы ордун жана анын тартибин, тең салмактуулукту, туруктуулукту, жашоону камсыздоодогу ролун (функциясын) көрүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Структуралисттик парадигма алкагында ар кандай методдорду колдонуу (сапаттыкка караганда сандык) билим берүү чөйрөсүн тереңирээк изилдөөгө мүмкүндүк берет. Бул билим берүү чөйрөсүн үч деңгээлде кароого болот: макро, мезо, микро чөйрө; өз ичине ар кандай башкаруу сегменттерин: башкаруу чөйрөсүн, студенттик/окуучулук чөйрөнү, ата-энелер чөйрөсүн да камтып турат.

Билим берүүнүн макро чөйрөсү өз ичине саясий-укуктук, экономикалык, демографиялык, табигый-географиялык, улуттук, социалдык-маданий жана илимий-техникалык көрсөткүчтөрдү камтыйт.

Билим берүүдөгү мезо-чөйрөсү – бул айлана чөйрө, билим берүү мекемелеринин тышкы иштиктүү байланыштар менен болгон чөйрөсү. Ага билим берүүнүн субъектиси (керектөөчүлөр), ишкер өнөктөштөр, атаандаштар, билим берүүнүн башкаруу органдары, мамлекеттик таасир берүүчү органдар, массалык маалымат каражаттары да кирет.

Билим берүүнүн мезо-чөйрөсүн изилдөө бизге билим берүү мекемесине жана анын мүмкүнчүлүктөрүнө түздөн-түз байланыштуу болгон күчтөрдү бөлүп

көрсөтүүгө, алардын ортосундагы болгон байланыштарды жана аларга таасир этүүчү билим берүү мекемесинин мүмкүнчүлүктөрүнүн чектерин аныктоого мүмкүндүк берет. Ошол эле учурда мезо-чөйрөнү изилдөө билим берүү мекемесинин чыныгы абалын жана анын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн чөлкөмдө, айрыкча конкреттүү чөйрөлөрдө жана окутуу программаларында лидерликти талап кылган ири жана орто билим берүү мекемелеринде баалоо үчүн өзгөчө мааниге ээ.

Билим берүүнүн микро чөйрөсү билим берүү мекемесинин структурасын мүнөздөйт жана анын негизги подсистемаларын: окуу-методикалык, илимий жана консультациялык, чарбалык, экономикалык, башкаруучулук, маркетингдик ишмердүүлүгүн, студенттик/окуучулук чөйрөнү, ата-энелер чөйрөсүн камтып турат. Билим берүү мекемесинин микро чөйрөсүн изилдөө билим берүү мекемесинин эффективдүүлүгүнүн ички булактарын, күчтүү жана алсыз жактарын, өнүгүү келечегин, анын ишинин туруктуулугуна болгон коркунучтарды (чабал байланыштардын болушу, ички көйгөйдүн өсүшү) аныктоого мүмкүндүк берет [33, 50, 51].

Билим берүүнү структуралисттик парадигманын көмөгү менен социалдык институт катары изилдөө төмөндөгүлөрдү аныктоого жардам берет:

1) билим берүүнүн өзүнүн конкреттүү касиеттери (өзүн-өзү кайра жаратууга жөндөмдүүлүк, объективдүүлүгүнүн жана субъективдүүлүгүнүн биримдиги, бийлик жана башкаруу органдары тарабынан башкарылгандыгы) бар курамдык структурасы катарындагы багытын;

2) билим берүүнүн структуралык трансформациясы экономикалык, социалдык-саясий, социалдык-маданий факторлордун таасири астында ишке ашырылгандыгын;

3) билим берүүнүн жашоонун (морфология) фактысы жана аң-сезим (субъективдүү диспозициялар) фактысы катары.

Бул парадигманын алкагында социалдык топтордун – билим берүү процессине катышуучулардын өзгөчөлүгүн да аныктоого болот, атасак:

- субгруппалардын болушун, билим алуусунун себебин, алардын курамын жана көлөмүн, өзгөчөлүктөрүн (жашоонун чыныгы узактыгын, күтүлүп жаткан узактыгын, иштөө мезгилдүүлүгүн), таасир этүү даражаларын, кызыкчылыктарын жана алардын пайда болушунун себептерин, параллель мамилелерин;
- расмий/расмий эмес көзөмөлдөө системасы (эреже-мыйзамдар, эреже-нормалар, эреже-каада-салттар), биримдиктин объективдүү факторлору;
- дифференциациянын даражасы жана тереңдиги (ыйгарым укуктарды бөлүштүрүү, техникалык жабдуу, иерархия).

*Функционалдык парадигма* (Т.Парсонс, Р.Мертон, Р.Будон, Л.Дэвис, М.Мур). Функционалдык парадигма структуралисттик парадигма менен тыгыз байланышта, анткени, функция структуралык функционализм түшүнүгүнүн негизги өзөгү болуп саналат. Биринчиден, функция социалдык системанын туруктуулугуна таасир этет, экинчиден, ал системанын бардык структуралык элементтерине таандык, үчүнчүдөн, функция аркылуу бул элементтер өз максатын жана милдеттерин аткарышат. Функция бул бүтүн (социалдык институт катары билим берүү системасы) менен анын структуралык элементтеринин ортосундагы байланыштыруучу нерсе.

Функционалдык парадигманын алкагында билим берүү системасы жана сегменттери анын функциялары аркылуу каралат, анын максаты – ар кандай социалдык айырмачылыктарды деңгээлге келтирүү, социалдык абалды оңдоо. Ошондуктан билим берүүдө функционалдуулук/дисфункционалдуулук, функционалдык муктаждык, функционалдык биримдик ж.б. сыяктуу анализ маанилүү. Н.В.Поправко функционалдык анализ жүргүзүүдө Р.Мертондун чечмелөөсүн колдонууну жана билим берүүнүн финалдык, каузалистик функцияларынын чечмеленишин сунуштайт [50].

Функционалдык парадигманын чегинде изилдене турган проблемалар:

1. Экономикалык, коомдук-саясий, социалдык-маданий факторлордун таасири астында билим берүүнүн функционалдык трансформациясы;

2. Билим берүү процессинин субъектилеринин (мектеп директорунун, факультеттин деканынын, ректордун) функциясынын туруктуулугу/ өзгөрмөлүүлүгү (салттуу - башкаруучу);

3. Ар кандай деңгээлдеги жетекчилердин функцияларынын мазмунун өзгөртүү;

4. Функциянын функционалдуулук даражасы (функция – дисфункция): жогорку окуу жайларында акы төлөнүүчү билим берүү системасын киргизүү адистерди даярдоонун сапатына жана экономиканын тиешелүү профилдеги адистерге болгон муктаждыктарын канааттандырууга оң же терс таасирин тийгизет, студенттердин келишимдик жана бюджеттик негизде уюштуруу анын группадагы мотивациялык-коммуникативдик чөйрөгө тийгизген таасири;

5. Функциялардын булактары: объективдүү шарттар жана субъективдүү диспозициялар (каржылоо, укуктук база, ректорлор менен декандарды биргелешип шайлоо жолдору);

6. Функциянын келип чыгуу даражалары: билинбеген жана жашыруун (мисалы, репетитордук);

7. Жалпы республикалык тестирлөөнүн киргизилишинин билим берүүнүн демократиялуулугуна тийгизген таасири [50].

Билим берүүнүн функциясын изилдөөдө билим берүү процессине бир нече факторлордун тийгизген таасири (тобокелдиктер, билимдин баасынын жана сапатынын катышы, окутуунун узактыгы, билим жетишкендиктери, коммуникативдик чөйрөнүн таасири жана лидердин инсандык түрү) эске алынган фактордук анализ абдан ылайыктуу.

*Феноменологиялык парадигма.* Аталган парадигманын теоретикалык фундаменти катары Э.Гуссерлдин феноменологиясы эсептелет.

Бул парадигма түшүнүү социологиясын (А. Шютц), символикалык интеракционализмди (Дж. Мид, К. Кули, Томас), этнометодологияны, чындыктын социалдык курулушун (П.Бергер жана Т. Лукман), негизделген теорияны (А.Страус жана Дж.Корбин) камтып турат. Феноменологиялык парадигманын алкагындагы эң негизги нерсе - бул кубулуштарды сүрөттөө

(сенсордук тажрыйба, элестетүү ж.б.) болуп саналат. Феномендер же «жашоо дүйнөсү» (практикалык иш-аракет дүйнөсү же баштапкы тажрыйба) – бул кандай гана таанып-билүүдө болбосун, феноменологиялык социологиянын бардык варианттарын изилдөө предмети. Феноменологиянын максаты – ар бир катышуучу өзү куруп жана ошол дүйнөнү өзүнчө кабыл алган бул жашоо дүйнөсүнүн маанисин билүү. Бул реалдуулуктун бир бөлүгүн кабыл алуу негизинен коомдун башка мүчөсүнөн бөлүнүшү, ал эми кээ бирлери кескин айырмаланышы мүмкүн. Бул субъективдүү реалдуулук тышкы шарттардын таасири астында кыйла өзгөрүшү мүмкүн. Интерсубъективдүүлүктүн (ички аң-сезимдин социалдуулугу) көмөгү аркасында жашоо дүйнөсүн таанууга болот. Мындай мамиле биринчиден, объективдүү дүйнөнү баарына бирдей жалпы катары көрүү; экинчиден, бул дүйнөнү субъектин өзүнөн башка дагы катышуучуларды ойлонтоору түшүнүктүү; үчүнчүдөн, башка катышуучулар бул объективдүү дүйнөгө конкреттүү катышуучунун биографиялык кырдаалынын элементи катары кирет. Феноменология адамдын субъективдүүлүгүн калыбына келтирүүгө умтулат, ал ички кырдаал катары коомдогу тартипти жана гармонияны сактоого жардам берет. Феноменология, социологдордун айтымында, жашоо дүйнөсү менен илим дүйнөсүнүн ортосундагы ажырымды жеңүүгө мүмкүнчүлүк берет [25, 50, 115]. Феноменологиялык парадигманын методикалык негизин сапаттуу методдор түзөт. Сапаттуу методдор феноменологиялык парадигманын алкагында колдонулат, сандык методдор менен толукталбайт жана аларга каршы эмес. Методду тандоо изилдөөнүн максаттары жана милдеттери, ошондой эле проблеманы терең изилдөө менен аныкталат.

Билим берүүнүн социологиясынын алкагында феноменологиялык парадигманы колдонуп, билим берүү процессине катышуучуларынын ички дүйнөсүн: мотивдерди, баалуулуктарды, муктаждыктарды, максаттарды, ушул процесстин субъекттеринин кызыкчылыктарын изилдөөгө болот. Ички дүйнөгө бир кыйла терең анализ жүргүзүү үчүн ар түрдүү негиздеги структураны ишке ашыруу керек. Феноменологияда ушундай беш негизди пайдаланышат: жеке

тажрыйбанын формасынын туруктуулугу жана жеке тажрыйбанын атайын формаларынын иерархиясы, өзгөчө убактылуу перспектива, жашоо дүйнөсүнүн мейкиндиктеги «катмарлары», адистиктин өзгөчөлүктөрү жана турмуштук аймактар.

Мунун бардыгы билим берүүнүн ички дүйнөсүн, анын салыштырмалуулугун, кокустугун, белгисиздигин мүнөздөөгө мүмкүндүк берет. Артында эмне турганын баамдоо үчүн, билим берүү процессинин ар бир катышуучусунун жашоо дүйнөсүн, статусун шарттап турган убакыт, орун сыяктуу параметрлерди эсепке алуу зарылчылыгы келип чыгат.

Символикалык интеракционизм изилдөөчүлөрдүн көңүлүн билим берүү процессинин ар кандай катышуучуларынын ортосундагы инсандардын мамилелерине бурууга басым жасайт: окутуучу менен окутуучунун, окуучу менен окутуучунун, окуучу менен окуучунун. Бул жеке инсандар ортосундагы мамиле символикалык өз ара карым-катыш контекстиндеги конкреттүү кырдаалдардан улам жана билим берүү процессинин субъектисинин иш-аракеттеринен, ролдорунан, статусунан келип чыгат.

Этнометодология ошол катышуучулардын өз ара алака-катышынын күнүмдүк түзүмүнүн процедурасын жана методдорун изилдейт.

«Түшүнүү социологиясы» кубулуштарды бир гана ичтен, башкача айтканда, субъективдүү элементтерди: кызыкчылыктарын, мотивдерин, социалдык таанып-билүүгө кире турган субъектинин баалуулуктарын таанып-билүүгө кызыгат.

Феноменологиялык парадигманын алкагында төмөнкү маселелерди изилдөөгө болот:

1. Билим берүү субъективдүү жана интерсубъективдүү жашоо дүйнөсү.

2. Окуучулардын жана окутуучулардын бири-бири туурасындагы билген билимдеринин түрлөрү. Бул билимдер стереотиптүү (б.а. сырткы кебетесине, кийимине, чач жасалгасына, жүрүм-турум стилине, эмоционалдык мүнөздөрүнө, сүйлөөсүнө жана башкаларына априордук (мурунку) баа берүүгө негизделген); тажрыйбалык (б.а. өз ара карым-катыш процессинен улам алынуу менен

стереотипке өтүп кеткен); аныкталбаган болушу мүмкүн. Окуучулардын жана окутуучулардын бири-бири тууралуу билимдери номинацияда, окуучулардын жана окутуучулардын категорияларына, ярлыктарды (жаман–жакшы, «машыктыруучулар», «көңүл көтөрүүчү», окутуучулар-«романтиктер», «кошоматчы») чаптоодон улам келип чыгышы мүмкүн.

3. Билим берүү мейкиндиги: авторитардык, диалогдук.

4. Билим берүү дискурсунун ар түрдүү формасынын натыйжалуулугу: оозеки (сабактар, лекциялар, семинарлар ж.б.у.с.) жана жазуу жүзүндө (окуу китеби, окуу куралы, тапшырмалар топтому, хрестоматиялар ж.б.у.с.).

5. Окутуунун стратегияларынын типологиясы [44].

6. Билим берүүдөгү маалыматтык технологиянын ролу: педагогикалык дискурс табиятынын өзгөрүшү, салттуу (кагаз түрүндөгү) материалдардын онлайн түрүнө алмашуусу, киберстуденттердин жана виртуалдык академиялык даражалардын пайда болушу, «бор жана тряпка» жана «кафедрадагы акылман» салттуу стилине альтернативалардын жаралышы, классикалык билимге таянуу канчалык болсо, кесиптик иштин илимий чеберчиликтерине, чечим кабыл алуу тактикасына, командада иштөө ыкмаларына, окутуунун жаңы натыйжалуу формаларына таянуу ошончолук болот. «Кейс» методикасы: мурда алган тажрыйбага, «кейстеги» индивидуалдуу методикалык материалда жазылган конкреттүү кырдаалга анализ жасоо жана аны талкуулоо.

7. «Визуалдык сабаттуулуктун», атап айтканда, жаңы маалыматтык технология менен окутабы: окутуу процессин кайра ойлонуп түзүп чыгабы, аны окуу мекемесинин интеллектуалдык окутуу системасына карап түзө алабы деген маселелерди камтыган билимди жана окутуучунун конкреттүү окуу дисциплинасына гана карап эмес, алардын ортосундагы байланышка карата колдонулган методикалык тажрыйбаларды кучагына алган маалыматтык база [42]; жаңы маалыматтык технология адам менен билимдин ортосундагы мамиленин өзгөрүшүнө таасирин тийгизеби (мейкиндикке жана убакытка баш ийүүдөн бошоп, оригиналдуу материалдарга жол ачуу максаты менен окуу

процессин жакшыртуу, ачык окуу мейкиндигин түзүү) деген сыяктуу билимдин актуалдуулугу жана мааниси.

8. Окутуучулардын окуучуларга болгон мамилесинин түрлөрү, алардын чыгармачылыгынын стратегиялары.

9. Билим берүү процессине катышуучулардын турмуштук стратегиялары, ушул стратегиялардын мазмуну боюнча мотивдештирүү булагы, мотивдештирүү түзүмү, мотивдештирүүнүн салыштырма контексти, иш жүзүнө ашыруу каналдары жана фильтрлер.

10.Билим берүү процессинин катышуучуларынын группага кошулуу мүнөзү жана даражасы; жүрүм-турум ишмердүүлүгүнүн чөйрөсү, коммуникативдик-референттик чөйрө.

11.Билим берүү чөйрөсүнүн жетүүгө кыйын болгон аймактарын талдоо (мисалы, билим берүү мекемелеринин расмий эмес уюму), мында билим берүү процессинде субъекттердин пикир алышуу аркасында жеке өзүн-өзү жүзөгө ашыруу аркылуу ишке ашат.

12.Алыстоо. Билим берүү процессиндеги ушул кубулушту иликтөө окуу методдорунун натыйжалуулугун аныктап чыгууга жардам берет.

13. Билим берүү проблемаларынын жалпылыгын иликтөөдө феноменологиялык мамиленин мүмкүнчүлүгү: теңсиздик, модернизация, кайра иштеп чыгуу ж.б.у.с. [50].

*Гуманисттик парадигма.* Бул парадигма «марксистик» негизде болуп, жеке инсан менен билим берүү системасынын өз ара карым-катышынын конфликттик мүнөзүнө көңүл бурууга басым коёт. Гуманисттик парадигманын алкагындагы билим берүүнүн негизги функциясы репродуктивдүү болуп эсептелет. Бул жалаң гана кесиптик билимдердин жана көндүмдөрдүн репродукциясы эмес. Мамлекеттик аппараттын бир бөлүгү болуу менен билим берүү күч структураларынын жана идеологиялык институттардын катарында туруп, окутуудан бөлөк келечектеги кесип ээлерине «жакшы жүрүм-турумду» камсыздайт, баш ийүүнүн эрежелерине калыптандырат. Ошол эле учурда билим берүү социалдык тестирлөөнүн, социалдык топтор жана катмарлар боюнча

инсандарды тандоонун жана бөлүштүрүүнүн негизги механизми катары кызмат кылат. Билим берүү учурда коомдо кызмат кылып жаткан социалдык структураны, аны менен бирге курулуп жаткан социалдык структуранын негизиндеги социалдык, кесиптик жана маданий теңсиздикти калыбына келтирет. Теңсиздик билим берүүдө «жашыруун окуу планы» түрүндө кездешет. Бул теңсиздик маданий жүрүм-турумдук оппозицияда (субмаданий топтордо, кийинүүдө, сленгдерди колдонууда, пассивдүү/активдүү каршылашууда), өзүнө төмөндөтүлгөн баа берүүдө, тилде (практикалык/символикалык), базалык маалыматтарды берүү деңгээлинде, интеллект деңгээлинде, окууга болгон жөндөмдүүлүктө жаралышы мүмкүн. «Жашыруун окуу планы» баарынан мурун окуучулардын ийгилигине таянып, ал эми жетишпеген учурларда өзүн гана күнөөлөй турган негизде болот. Ошентип, билим берүү фундаменталдык негизде өзгөчө азыркы коомдогу адамдын социалдык структурадагы ордун жана ролун аныктайт. Гуманисттик парадигманын алкагында төмөндөгү өтө маанилүү маселелер иликтенет:

*1. Билим алууга болгон муктаждык*. Билим алууга болгон муктаждыкты ишке ашырууда мүмкүндүгү/мүмкүн эместиги жана анын, инсандардын коомдогу ар түркүн социалдык катмарлар жана класстар, кесиптик топтор жана категорияларга бөлүнүшүнө жана кайрадан бөлүштүрүлүшүнө болгон таасири. Билим берүүнүн деңгээлинен көз каранды болгон жогорулоо жана төмөндөө мобилдүүлүгү инсандардын өйдө же ылдый, же горизонталдык абалда которулушуна алып келет. Социалдык теңсиздик жаштардын жашоодо мүмкүнчүлүктөрүнүн төмөндөшүнөн же жогорулашынан улам келип чыгат. Билим алууга муктаждыкты канааттандыруу/канааттандырбоо билим берүү системасындагы теңдик/тең эместик идеясын ишке ашыруу катары. Билим алууга болгон муктаждык төмөндөгү көрсөткүчтөр аркылуу ачылат: натыйжалуулук, таланттууларга билимдин жеткиликтүүлүгү жана жумушчу орундарын квалификациялуу ишкерлер менен толтуруу зарылдыгы; тилектештик/берилгендик баалуулуктарын натыйжалуу жеткирүү

мүмкүнчүлүгү; коомдун төмөнкү катмарынан чыккандардын жеке (топтук эмес) ийгиликтери менен эсептешүү мүмкүнчүлүгү.

2. *Жогорку окуу жайлар проблемалары:* Жогорку окуу жайы социалдык структураны түзүүдө, класстардын жана катмардын өз ара обочолонуусунда кайсы орунду ээлейт, социалдык адилетсиздиктин келип чыгышы, теңсиздик сезиминен вертикалдык мобилдүүлүктүн орун алышы. Билим берүү системасында окутуу социалдык теңсиздикке кандай деңээлде түрткү болот. Окуучулардын ар кандай социалдык топтордун өкүлдөрү менен дискурстук айырмасы. Социалдык теңсиздиктин күчөшүндө акы төлөп окуу шартынын ролу. Социалдык теңсиздиктин күч алышына кайсы факторлор (социалдык абал, ата-эненин статусу, ата-эненин билим деңгээли, каржылоосу) таасир берет. Азыркы жогорку билим берүү мектептеринде теңсиздиктин келип чыгышы (саясий, экономикалык, прагматикалык). Коомдогу ар түрдүү формадагы жогорку окуу жайларынын (коммерциялык жана мамлекеттик) жана ар түркүн социалдык топтордун кадыр-баркы. Социалдык абалдан көз каранды абитуриенттердин агымы беделдүү (престиждүү) кесиптерге кантип бөлүштүрүлөт. Ата-энелерди статустан чыгаруу көйгөйү. Социалдык жактан төмөнкү катмардын өкүлдөрүнө сапаттуу орто жана жогорку билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүнүн даражалары. Ар түрдүү формадагы жогорку окуу жайларынын (мамлекеттик, коммерциялык) абитуриенттерге багытталуу айырмасы. Студенттерге кесиптик билим берүүгө багытталган окутуунун формасынын («бюджетниктер» жана «коммерциялыктар») айырмасы. Коомдун жана экономиканын өнүгүшү үчүн билим берүү тутумундагы социалдык дифференциациянын күчөшүнүн кесепеттери.

3. *Мектеп – жогорку окуу жайы.* Орто билим берүүчү окуу мекемелер системасынын үч катмарлуу түзүлүшү: элиталык гимназиялар, лицейлер, атайын мектептер. Жарым-жартылай акы төлөнүүчү билим берүү кызматтары же билим берүүдөгү өзгөчө артыкчылыктары бар мектептер. Жалпы билим берүүчү стандарттарды камсыздаган массалык жалпы билим берүүчү мектептер. Ар түрдүү формадагы акы төлөнүүчү билим берүүнүн (жогорку окуу жайындагы

акы төлөнүүчү орундар, даярдоо курстары, репетитордук, мектептеги акы төлөнүүчү профилдик класстар, жеке мектептер) натыйжалуулугу. Акы төлөнүүчү билим берүүнүн мектептеги окуучунун социалдык статусуна берген таасири. Калктын ар түрдүү катмары үчүн ортоңку тепкичтеги сапаттуу билим берүү кызматына болгон жеткиликтүүлүк. Сапаттуу орто жана башка билим берүү түрлөрүнө таасир этүүчү факторлор: үй-бүлөнүн материалдык абалы, конуштун түрү, үй-бүлөнүн байланыштар. Мындай кырдаалдардан чыгуунун келечектүү жолдору: ачык билим берүү, билим берүү мекемелеринин ишмердүүлүгүндөгү башкаруунун жана көзөмөлдүн формасынын өзгөрүшү, мектепте коомдук-мамлекеттик орган катарындагы камкорчулар кеңешинин түзүлүшү, сапаттуу билим берүү, ЖРТ алда канча даярдыгы бар абитуриенттерди тандап алуунун натыйжалуу фактору катары.

4. *Билим берүү жана социалдык мобилдүүлүк*. Билим берүүнүн сапаты вертикалдык мобилдүүлүктүн ийгиликтүү фактору, жашоо мүмкүнчүлүктөрү. Социалдык мобилдүүлүккө таасир бере турган факторлор (билим берүүнүн символикалык аспектиси катары кадыр-барктуу билим берүү мекемесинде окутуу, билим алуу каражатын пайдалуу жумшоо катары, бийлик функциялары үчүн күрөш). Алына турган билимдин узактыгынан жана көлөмүнөн көз карандылык жана социалдык мобилдүүлүктүн жогорулашы. Индустриалдык эпохадан кийинки билим берүүнүн ролунун өзгөрүшү: турмуштук эпизоддон туруктуу жумушка; билим алуунун баалуулугу. Жогорку билим алууга таасир бере турган факторлор: калк жайгашкан аймактын тиби, өзүнөн-өзү жеткиликтүү билим берүүнүн баалуулугу. Билим берүүнүн формалары: күндүзгү, сырттан, кечки, экинчи жогорку кесиптик билим берүүнүн феномени катары. Билим берүү менен социалдык мобилдүүлүктүн ортосундагы байланыш билим сапаты, мобилдүүлүк, жашоо мүмкүнчүлүктөрү сыяктуу көрсөткүчтөр аркылуу ачылат. [42, 50].

Эмпирикалык маалыматтарды чогултуу сандык же болбосо сапаттык методдордун көмөгү менен ишке ашырылат [115]. Мындагы бул же тигил методдор өздөрүнүн артыкчылыктарына жана кемчиликтерине ээ. Сандык

методдо алынган социологиялык маалыматтар билим берүү процессиндеги социалдык жалпылыктар, социалдык топтордун өз ара карым-катышы тууралуу болот. Сандык методдор изилденип жаткан кубулушту түшүндүрүү үчүн терең иштелип чыккан теорияны талап кылат. Бул теория изилдөөнүн негизги методологиясы болуп саналат. Эреже катарында сандык методдо маалыматты жыйноонун формалдуу методу колдонулат (анкеталар, расмий маектешүүлөр, убакыт бюджетин анализдөө ж.б.). Сандык метод көпчүлүк учурда микро изилдөөлөрдү жүргүзүүдө жана теориялык жоболордун кемчиликтери болгон мезгилде колдонулат. Эмпирикалык маалыматтарды жыйноо методу басымдуу учурларда кейс-стади, биографикалык (турмуштук тарых, негизделген теория ж.б.) негизде болот.

Кыргызстандын билим берүүсү жалпы европалык Болондук процесстин негизинде келип чыккан өзгөрүүнү, билим берүүнүн сапатын камсыздоо көйгөйлөрүн чечилиш зарылдыгын, социологиялык парадигмалардын – илимий педагогикалык коомчулук тарабынан кабыл алынышын, андагы башкы баалуулук катары инсан, анын нравалык позициясы, маданияты, кесиптик компетенттүүлүгү эсептелген методологиялык эрежелердин алмашуусун баштан кечирип жатат [25].

Азыркы учурдагы кыргыз билим берүүсүнүн артыкчылыктуу компоненттеринин бири катары эл аралык кызматташтыкты кеңейтүү болуп эсептелет. 2014-жылга карата Болондук процессине катышуучу ар бир өлкө бирдиктүү европалык билим берүү мейкиндигин бирдиктүү европалык стандарттарга шайкеш келтирип түзүүнү көздөгөн реформа жасоосу керек болчу.

Болондук процесстин алкагында кыргыз билим берүүсү өзүнүн өнүгүү системасын жакшыртышы керек. Мындагы башкы шарттардын бири анын коом үчүн ачык-айкындыгы жана коомго түшүнүктүүлүгү болуп саналат.

Азыркы билим берүү системасынын негизи болуп өзүнүн технологиялык базисин модернизациялай алган, жаңы билим берүү технологияларына өтө алган, ачык билим берүү системасына дал келген жогорку сапаттуу билим берүү чөйрөсү эсептелет. Болонья декларациясы жогорку билим берүү системасын

калыптандыруучу негизги төмөндөгү принциптерди камтып турат: киришүү (көпчүлүк багыттар боюнча) эки деңгээлдүү билим берүү (аскер жана медицина адистиктеринен башка); өтүм системасы (кредиттик бирдиктер); билим берүүнүн сапатын камсыздоо; окутуучунун жана студенттин мобилдүүлүгүн кеңейтүү.

Болондук процесс, биринчиден, Кыргызстанда жогорку билим берүүнүн түзүлүшүн өзгөрттү. Экинчиден, билим берүүнүн структурасынын өзгөрүшүнө жараша анын аткарган милдеттери (функциялары) өзгөрүүдө. Ошол себептен диссертацияда социологиянын структуралык жана функционалдык парадигмаларынын негизинде илимий талдоо жүргүзүлдү.

Болонья декларациясы жогорку билим берүүнүн стратегиясын аныктап, жогорку кесиптик билим берүүнүн программаларынын, модулдук түзүлүшүнүн методологиясынын иштелмесин камтыган *милдеттерди*, жогорку окуу жайлар аралык кызматташтыкты ишке ашырууну, илимий изилдөө жүргүзүүнү негиздеди. Окуунун жыйынтыгын өлчөөнү жана ченөөнү камсыздаган «өтүмдүк бирдикти» (кредиттердин топтолушу) колдонуу менен жогорку кесиптик билим берүүдөгү билим берүү стандарттарынын калыптанышы, окуу ишинин сапаттуу баага ыңгайланышы келечектеги адистерди даярдоонун сапатын жогорулатып, студенттердин таанып-билүү ишмердүүлүгүнө түрткү болот.

Материалды өздөштүрүү сапаты боюнча окуучулардын ишине болгон үзгүлтүксүз көзөмөлдү камсыздоо максатын аркалап, окутуучу сабактардын тапшырмаларына жана милдеттерине карата нормативдик баллды (аларды эсептөө эрежелери) аныктоо менен окуу материалдарын структуралык-логикалык модулдарга (блокторго) бөлүүсү зарыл. Билимди баалоону ишке ашыруу рейтингдик регламентти түзөт. Жалпы баа өзүнчө модуль үчүн рейтингдик баанын суммасын камтып турат. Модулду аяктоо менен билимди текшерүү (тестирлөө түрүндө, текшерүү иши, текшерүүчү тапшырмалар, оозеки суроо, отчет жазуу жана аңгемелешүү ж.б.у.с.), ал эми окуу процессин оңдоо үчүн, утурумдук текшерүү процесси, билим деңгээлин көрсөтө турган каталарды эсепке алуу менен талдоо жүргүзүү максатка ылайыктуу.

Билимди эсепке алууну уюштуруу максаты менен технологиялык карталар иштелип чыгып, алардын *структурасы үч бөлүктү* өз ичине камтыйт. *Биринчи бөлүк* – лекцияларда иштөө, алар ачык, проблемалуу болуш керек жана лекциялардын жүрүшүндө алган билимдери аралык көзөмөлгө алынат. *Экинчи бөлүк* өзүнө сабактын темаларына ылайык келген, сабакты, дисциплинаны, бөлүмдү окуп-үйрөнүү учурунда алган билимдерин бекемдөөгө арналган иштин ар кандай түрлөрүн камтыйт. *Үчүнчү бөлүк* – бул кошумча сабак, анын технологиялык картага киргизилиши окуучулардын өзүнүн окуудагы жетишкендиктерин баалоодогу эркиндигин кеңейтүү максатын көздөйт. Тапшырмалар интегралдык мүнөздө болуп, ал сабактын/дисциплинанын баардык темаларын камтып өтүшү керек. Билимди баллдык-рейтингдик баалоо окуу процессин сабактары боюнча сарамжалдуу пландоого, окулган материалды өздөштүрүү жүрүшүн көзөмөлдөөгө, окуу процессин уюштурууга өз убактысында түзөтүү киргизүүгө, окуу көрсөтмөлөрү-тапшырмаларынын аткарылышын баалоого жана көзөмөлдүү окуу процессинин ажырагыс бөлүгү катары кароого шарт түзгөн көзөмөлдү (аудиториялык жана аудиториядан тышкаркы иштерди, ар түрдүү тапшырмаларды жана текшерүүчү тесттерди аткарууну) камсыздайт.

Кыргызстандын шартында билим берүү системасында түзүлгөн бүгүнкү күндөгү реалдуулук Болондук процесстин калыптанышын шарттоо менен карама-каршылыкты жаратат [31]. Кыргызстанга киргизилген жогорку билим берүүнүн эки деңгээлдүү системасы кесиптик рынокко жооп бербейт, анткени иш берүүчүлөр бул аталган система менен тааныш эмес, бул жагдай жаштардын жумушка орношуусунда белгилүү бир кыйынчылыктарды жаратат. Адистин квалификациясы түшүнүгүнө жаңы идеологиянын киргизилиши башкаруу структурасынын ишинин принциптерине таасирин тийгизет. Кыргызстанда илимдин кандидаты (доктору) окумуштуулук даражасын алууну инсандын өз алдынча илимий ишмердүүлүк жүргүзүшүнө мүмкүндүк бере турган жаңы сапаттык деңгээлге өтүүсү катары сунуштайт, бирок Болондук процесстин парадигмасында билим берүү менен илимдин утопиялык негизде биригиши

жүргүзүлөт, анткени жогорку окуу жайы студенттер маанилүү чыгармачыл ишмердүүлүк менен алек боло турган илимий изилдөөнүн борбору катары каралат. Ушуга ылайык, окумуштуулук даражага ээ болууну билим алуу ишмердүүлүгүнүн уландысы катары кароо сунушталат. Мындай учурда студенттердин илимий иш менен алек болуусу кескин өсөт, дипломдук жана диссертациялык иштердин корголушуна коюлган талаптар жогорулайт, окутуунун формасы жана методдору өзгөрөт [33]. Кыргызстандагы билим берүүдө гуманисттик баалуулуктарга жетишерлик эмес көңүл бурулган да, кесиптик билим берүү баалуулугу басымдуулук кылат. Азыркы учурдагы билим берүү практикасына билим берүүнүн өркүндөтүлгөн функцияларын ишке ашыруудагы көрсөтмөлөргө жана социалдык-кайра калыбына келтирилген функцияларга жетишээрлик көңүл бурулбагандыгы мүнөздүү [42].

Европалык билим берүү парадигмасы өзгөрүлдү жана жакшыртылды. Эми адамды окутушпайт, адам окуйт. Европалык билим берүүнүн логикасы инсандын чыгармачыл өнүгүүсүнүн сапаттык жаңы деңгээлине өткөн өз алдынча иштөөсүнө багытталат. Болондук процесстин критерийлерине таянган билим берүүнүн парадигмасынын калыптанышы билим берүү системасынын сапатына, инсандын кесиптик компетенттүүлүгүнүн өсүшүнө болгон жаңы талаптарды белгилейт. Кантсе да, билим берүүнүн мазмунун модернизациялоо көйгөйлөрү билим берүү процессин уюштуруу методдорун жана технологияларын оптималдаштыруу, анын максаттарын жана натыйжаларын кайра карап чыгуу менен байланыштуу.

Азыркы учурдагы коомдун келечектеги муктаждыктарына жооп бере турган жана Кыргызстандын жогорку мектептеринин Болондук процессине толук масштабдуу киришин камсыз кылган иш-чаралардын комплексин ишке ашырган билим берүүнүн сапатын жакшыртуу маселелери мамлекеттик билим берүүнүн максаттуу өнүктүрүү программасынын иш жүзүнө ашырылышынан өзүнүн чагылышын таба алат. Билим берүү системасын модернизациялоо боюнча иш-чараларды өткөрүүгө, билим берүү системасын коомдун талаптарын эсепке алуу менен келечектеги өнүктүрүүнү болжолдоого, билим берүүнү

башкаруу системасынын күчөтүлгөн коомдук түзүүчү менен, биргелешкен эл аралык программаларды жана жогорку окуу жайынын Болондук процессине катышуусунун мониторингин аткаруу менен билим берүү системасын модернизациялоо шартында ар түрдүү типтеги билим берүү мекемелеринин башкаруу системасын жакшыртууга багытталган долбоорлор ишке ашырылууда [44].

В.А.Снежицкийдин пикири боюнча жогорку окуу жайынын стратегиялык менеджменти ишмердүүлүктүн жакшырышы аркасында дайыма туруктуу иш менен камсыз кыла турган, билим берүү кызматтарынын жаңы сапаттык деңгээлине алып келе турган туруктуу өнүгүү жетишкендиктерине багытталган башкарууну божомолдойт. Билим берүү жаатына сапат менеджменти системасын киргизүү жогорку мектепти өнүктүрүүдөгү инновациялык багыт болуп саналат. Мындагы инновациянын башкы көрсөткүчү катары жогорку окуу жайынын калыптанып калган каада-салттар жана эскирген стереотиптерге каршы тура алган прогрессивдүү өнүгүшү эсептелет. Билим берүүдөгү инновация окутуунун максатына, мазмунуна, методдору менен технологияларына, уюштуруу формасына жана башкаруу системасына, окуу процессин уюштурууга, көзөмөлдөө системасына жана билим берүүнүн деңгээлин баалоого, окуу-методикалык камсыздоого, каржылоого өзгөртүү киргизүү менен байланыштуу. Сапаттык менеджмент системасын түзүү – билим берүү мекемелеринин ишмердүүлүгүнүн баардык чөйрөсүн үзгүлтүксүз жакшыртуу үчүн баштапкы чекит кызматын аткарат [50].

Жогорку билим берүүнү камсыздоонун европалык стандарттарын (ESG) колдонууда Кыргызстандын жогорку окуу жайларындагы сапаттык менеджмент системасын өзгөртүп түзүү зарылдыгы, ESG иш-аракеттеринин башка Болондук процесстин катышуучу өлкөлөрү сыяктуу эле Кыргызстанга да кеңири жайылтылышы менен шартталган. Жогорку билим берүүнүн бирдиктүү европалык мейкиндигин түзүүнүн жүрүшүндө жогорку окуу жайларынын билим берүүнүн сапатына сырткы баа берүү жана аккредитация көз карандысыз адистештирилген уюмдар – сапаты кепилденген агенттиктер же аккредиттелген

агенттиктер аркылуу жүргүзүлүүчү билим берүүнүн сапатын баалоонун көз карандысыз улуттук системасы калыптанды жана өнүгө алды. Европалык стандарттар билим берүүнүн сапатын камсыздоо боюнча жогорку окуу жайлары тарабынан иштелип чыгып, компетенттик органдарда бекитилген жөнгө салуучу талаптардын комплекси эмес, пайдалуу практикалык тажрыйбалардын жалпылыгы болуп саналат. Европалык университеттердин ассоциациясынын адистеринин пикири боюнча стандарт – бул билим берүү ишмердүүлүгүндө жетекчиликке алына турган принциптер жана баалуулуктар. Кыргызстанда компетенттүүлүк мамилесине негизденген Мамлекеттик билим берүү стандартынын үчүнчү мууну билим берүүнүн мазмунун стандартташтыруунун жол-жоболору (процедуралары) стандартташтырууга өтүүнү камсыздайт. Кыргызстанда билим берүүнүн сапатына тышкы баа берүү мамлекеттик аккредитация алкагында ишке ашырылат, ал эми жогорку окуу жайлары европалык стандарттарда камтылган билим берүүнүн сапатын камсыздоо ыкмаларына басым жасайт.

Билим берүүнү изилдеген тигил же бул парадигманы жана методикалык ыкмаларды тандоо изилдөө объектисинин өзгөчөлүгүнөн, билим берүүнүн социологиясынын алкагындагы проблематиканын иштелип чыгуу деңгээлинен, изилдөөнүн өзүнүн деңгээлдик мүнөздөөсүнөн, анын максаттарынан, багытталгандыгынан көз каранды. Бул тандоо изилдөөнүн авторунун өз алдынча чечими менен ишке ашырылат жана көптөгөн себептерден көз каранды болот.

## 1.2. Болондук процесстин алкагындагы азыркы дүйнөдөгү жогорку билим берүү системасы

Кыргызстандын азыркы заманга ылайык жогорку кесиптик билим берүүнүн маанилүү тенденциясы болуп эл аралык билим берүү мейкиндигине интеграция кылуу, ошондой эле билим берүүнүн сапатына басым жасаган Болондук процесске кошулуу аркылуу Европа мейкиндигине кирүү эсептелинет.

Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларында эл аралык билим берүү мейкиндигине кирүүнүн милдеттүү шарты болуп билимдин талап кылынган сапатына жооп берүүсү керек. Буга байланыштуу жогорку билим берүүнүн заманбап системасындагы интеграциялык процесстерди изилдөөнүн жаңы илимий теориялык жолдорун аныктоо муктаждыгы пайда болот, ал жерде алар кадрларды даярдоо сапатын көтөрүүдөгү негизги факторлору болуп каралат.

Биздин оюбузча, бул жолдорду туура тандоо өлкөнүн жогорку кесиптик билим берүүсүнүн өнүгүшүнө тарыхый социологиялык анализ жүргүзүү аркылуу мүмкүн, анткени көптөгөн окумуштуулар, алардын ичинде билимдин сапаты борборунун «Социалдык башкаруу академиясы» өкүлдөрү «билим берүүнүн сапатын билим берүү системасынын интегралдык мүнөздөмөсү, билим берүү процессин камсыздоосу, билим берүүнүн жыйынтыктары ченемдик талаптарга, социалдык жана өздүк күтүүгө дал келүүнү көрсөткөн» деген аныктамага токтолушту.

Өткөн кылымдын 90-жылдары жогорку билим берүү системасы модернизациялоого дуушарланып, жогорку кесиптик билим берүүнүн структурасын, мазмунун жана иштөө шарттарын реформалоо курсу жарыяланган жана жыйырма жылдан ашуун убакыттан бери карай жогорку билим берүү Кыргыз Республикасынын «Билим жөнүндө» жана Жогорку кесиптик билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандартынын үч муунун ишке ашыруу мыйзамынын чегинде өзгөргөн.

Биринчи эле эмес, экинчи муундун Жогорку кесиптик билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандарты билим берүү программаларын түзүүдөгү жогорку окуу жайлардын академикалык эркиндигин бир далай кеңейтишкендигине карабастан, алар жогорку билим берүүнүн маңызын түзүү маданиятын толугу менен өзгөртө алышкан жок, анткени негизги басым билим алгандардын окуу материалын өздөштүрүү деңгээлин жана инсандык өнүгүшүнө талап коюу эмес, дидактикалык бирдиктерди, тармактар санын, алардын көлөмүн жана маңызын түзгөн жогорку кесиптик билим берүүнүн маалыматтык-

билимдик модели багытын сакташкан. Бул проблеманы Кыргыз Республикасынын Жогорку кесиптик билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандартын жогорку окуу жайлардын компетенттүүлүктөр түрүндө соңку жыйынтыкты ээлеген 3-муун чечкен.

Мамлекеттик билим берүү стандартынын үлгүлөрүндөгү өзгөрүүлөр жана интеграциялык процесстерди ишке ашыруу албетте «билим берүүнүн сапаты» деген түшүнүктүн компоненттеринин көлөмүн жана түзүүчүлөрүн кеңейтти, ошондой эле сапаттын деңгээлин баалоонун жана ага жетүүнүн жаңы жолдорун иштеп чыкты.

Баамдай кетсек, жогорку окуу жайларда кайра куруунун кыйын шарттарында өздөрүн сактап калууну гана көздөбөстөн, билим берүүнүн сапатын көтөрүүгө да аракет жасашкан. Интеграция сыяктуу эле башталган университеттештирүү жогорку окуу жайлардын бардык жолдор менен билим берүүнүн сапатын көтөрүүгө умтулганын далилдейт. Мисалы, университет статусу ыйгарылганы эле жогорку окуу жайларда көп нерсеге милдеттендирген, анын ичинде бүтүрүүчүлөрдүн сапатын көтөрүү эле.

Эгемендүүлүк мезгилинде заманбап кыргыз университеттеринин өнүгүү негизине эл аралык мейкиндиктин (АКШ, Европа, Түркия, Россия ж.б.) университеттеринин негизги үлгүлөрү, принциптери коюлган. Бул эгемендүүлүк мезгилиндеги биринчи университеттердин пайда болушунда интегративдик негизде өзгөчө көп багыттуу университеттик система түптөлө баштаган, бирок эл аралык билим берүү мейкиндигинин көптөгөн жактары жана элементтери эл аралык коомдоштук талап кылган деңгээлге жеткен эмес, анткени Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларында автономдуулук белгилерин колдонуу тажрыйбасы жок болгон, мамлекеттин таасиринде болушкан, бул академиялык эркиндиктин жана автономдуктун көп принциптерин ишке ашырууга жол берген эмес. Ошондой эле көптөгөн университеттердин аталышынан эле алар бири биринен катуу айырмаланган ар кайсы континенттердеги өлкөлөрдүн жогорку окуу жайларда билим берүү үлгүлөрүн алышкан.

Жогорку билим берүүнүн көп деңгээлдүү структурасынан анын экинчи үлгүсүн белгилеш керек: англо-америкалык жана француздук [5; 49]. Алардын биринчисине ылайык билим берүү 3-4 жылда берилет жана бакалавр деген академиялык даража ыйгарылышы менен аяктайт (АКШ, Англия, Австралия, Жапония, Индия, Израиль, Жаңы Зеландия).

Экинчи үлгү Францияда, Австрияда, Бельгияда, Норвегияда, Швейцарияда көп ишке ашырылат жана мэтриз Лисанс (Франция) же Бельгия дипломун берүү менен аяктайт. «Магистр» академиялык даражасын же тереңдешкен изилдөө дипломун алуу үчүн бакалавриаттан кийин дагы 2 жыл окуу керек. Үчүнчү циклде диссертациялык ишти коргоого даярдоо менен докторантурада билим алуу уюштурулат.

Жогорку билим берүүнүн көп деңгээлдүү структурасы бир деңгээлдүүдөн жакшы айырмаланат, анткени ал окуу процессинин ар кандай тепкичинде ар кандай деңгээлдеги билим тууралуу диплом менен чыгууга мүмкүнчүлүк берет.

Кыргызстанда негизги бири бирине байланышкан 5 деңгээлден турган жогорку билим берүүнүн көп деңгээлдүү системасы мазмун жагынан башында спецификалык өзгөчөлүктөргө ээ болчу (бакалавр, магистр, дипломго ээ болгон адис, кандидат жана илим доктору).

Ар бир университет бул системаны өзүнө ылайыктап, ага ар кандай деңгээлде эл аралык билим берүү мейкиндигинин негизги структуралык элементтерин киргизип ишке ашырган. Ошентип, эки деңгээлдүү система боюнча бакалаврларды даярдоону өлкөдөгү башка жогорку окуу жайлардан биринчи Ж.Баласагын атындагы КУУда ишке ашырылган (1993-1998ж) [27; 48; 54; 105; 111; 112]. Бул мезгил авторлордун күбөлүгү боюнча келишимдик үлгү менен билим алгандардын контингенти өсүп, жана чет өлкөлүк инвестицияларды өздөштүрүүдө көрүнүктүү жетишкендиктери окуу процессинде компьютердик технологияларды колдонгону болду.

Ошону менен эле Ж.Баласагын атындагы КУУда Кыргызстанда биринчи жолу магистрлерди 22 багыт боюнча даярдоо Ж.Баласагын атындагы КУУнун 1996-жылы атайын ачылган магистратура, аспирантура жана улуттук билим

берүү программалар борборунда башталаган [160]. 2000-жылдан баштап Польша, Германия, Франция жана АКШнын университеттери менен макулдашуу жана келишимге ылайык магистрларды эл аралык билим берүү программалары менен даярдоо башталган (мисалы, «Магистр делового администрирования-МВА» программасы боюнча) [53; 109]. Ошол убакта бул Кыргыз Республикасындагы магистрдин академиялык даражасын алууну каалаган өлкөнүн ар кайсы университеттеринин бакалавриат бүтүрүүчүлөрү окуган жалгыз магистратура борбору болгон.

Ошол убакта интегративдик негизде Кыргыз Республикасынын өкмөтү, Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги, Кыргыз Республикасынын тышкы иштер министрлиги, Кыргыз Республикасынын улуттук илимдер академиясы жана эл аралык жогорку окуу жай статусундагы мамлекеттик университет Сан-Францисконун мамлекеттик университети уюштурган Кыргызстандын Эл аралык университети да кем калышпай ийгиликтүү өнүккөн [84; 146].

Кыргызстан эл аралык университети (КЭАУ) Борбордук Азиядагы региондун Дүйнөлүк университеттик хартияга кол койгондордун биринчиси болгон, бул КЭАУнун дипломунун эл аралык конкурентке туруштук бере алгандыгынын өсүшү жана билиминин жогорку деңгээлдеги сапатын таанууну түшүндүргөн. КЭАУнун студенти мамлекеттик үлгүдөгү жогорку билим алгандыгы тууралуу дипломдон тышкары дипломго тиркеме (Diploma Supplement) алат, бул Европа өлкөлөрүндө ишке орношууну камсыздайт, демек баардык дүйнөдө. КЭАУ Европалык Насыяларды Трансформациялоо Системасына (ECTS) киргендиги жөнүндө документке кол койду [84].

Н.Исанов атындагы Кыргыз Мамлекеттик Курулуш, Транспорт жана Архитектура университетинде (КМКТАУ) интеграциялык процесстер жана заманбап көп деңгээлдүү даярдык атайын түзүлгөн эл аралык факультеттерде (Кыргыз-Герман, Кыргыз-Француз, Кыргыз-Араб жана Кыргыз-Индия) өзүнө мүнөздүү түрдө ишке ашырылган, ошондой эле эл аралык долбоорлордун базасында иштеген беш билим берүү борборлорунда ишке ашырылган.

Дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине кирүү проблемасынын мындай чечими 6 институтта, 4 факультетте, 48 кафедрада 12 миңден ашуун студент 64 адистик жана 18 билим берүү багыты боюнча билим алышат [161].

28.09.92-ж. Кыргыз Республикасынын президентинин жарлыгына, 23.02.94-ж. Россия Федерациясынын өкмөтүнүн токтомуна (19.04.1994-ж. КР БИМ жана РФ Госкомвуздун буйругу) ылайык уюштурулган Б.Н.Ельцин атындагы Кыргыз-Орус славян университети ийгиликтүү иштеп келет [156]. Бул университетте өзүнө Европалык билим берүүнүн элементтерин камтыган Россиянын билим берүү системасы аракетте.

Кыргызстан жана Түркиянын жогорку билим берүү системасын интеграциялоо негизинде Кыргыз-Түрк «Манас» университетинде жогорку кесиптик билими менен кадрларды даярдоонун өзгөчө системасы курулду [145]. Түркиянын университеттериндей эле илимий автономиясы бар юридикалык жак болуп саналат. Университетте билим алуу акысыз, андан тышкары студенттерге стипендия берилет, ал эми эң мыкты студенттерге академиялык жетишкендиктери үчүн өзүнчө стипендия берилет. Бул студенттердин билим алуусунда мотивациясынын жана билим берүүнүн өсүшүнө стимул болот. Университет студенттерди окуу каражаттары жана техникалык жактан жабдылган аудиториялар менен камсыз кылат. Университетте билим алуу тилдери болуп кыргыз жана түрк тилдери саналат. Андан тышкары билим берүү багыттарынын окуу пландарына ылайык англис жана орус тилдери берилет.

Айтып кеткендердин натыйжасында 2012-жылга чейин ар бир жогорку окуу жайлар дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине кошулууну өз жолдору менен башташкан. Окуу мөөнөттөрүндө, окуу процесстерин уюштурууда жалпысынан билимдин сапатын көзөмөлдөөдө, керек болсо студенттердин жетишкендиктерине балл берүүдөгү шкаладан (бирөөсүндө 20 балл, экинчисинде 100 балл, үчүнчүсүндө салттуу 4 балл) ж.б. баштап бирдиктүү мамиле жок эле. Кээ бир жогорку окуу жайларда насыя-сааттардын америкалык системасын киргизсе, кээ бири насыянын европалык системасын ж.б. Мунун баары студенттердин мобилдүүлүгүнө тоскоол болгон, ошол эле учурда ал

бирдиктүү дүйнөлүк билим берүү мейкиндигин түзүүдөгү принциптеринин бири болуп саналат.

Буга убакыттын агымына байланыштуу билим берүү интеграциясында бардык жогорку окуу жайларда бир багытты тандоо маселеси көп көтөрүлө баштаган.

Кыргызстанда билим берүүнү интеграциялоо жана унификациялоо, анын ичинде Болондук процессине кошулуу жолу менен Европалык билим берүү мейкиндигине кирүү кызыкчылыгы жөнүндө XX кылымдын аягында жана XXI кылымдын башында биздин аймакта өткөрүлгөн конференция, семинар жана башка иш-чаралардын көптөгөн саны далилдейт:

1. «Борбордук Азиянын жогорку окуу жайларын дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине интеграциялоо проблемалары» – Борбордук-Азиянын жогорку окуу жайларынын ректорлорунун семинары. – Бишкек,1997ж [97].
2. «Жогорку билимди Болондук процесске интеграциялоо: университеттик башкаруунун проблемалары» эл аралык илимий-практикалык конференциясы. – Бишкек, 2003-ж. [45].
3. «Жогорку мектепти өткөөл мезгилге модернизациялоо: келечектеги абалы» эл аралык илимий конференциясы. – Бишкек, 2002-ж. [52]
4. «Билим берүүнүн актуалдуу проблемалары» эл аралык семинары. – Көкшетау, 2003-ж. [11].
5. «Ааламдаштыруунун шарттарындагы илим жана билим берүүнүн проблемалары» эл аралык конференциясы. – Бишкек, 2008-ж. [96]
6. «Педагогикалык билим берүүнү реформалоо» Сорос Фонд Кыргызстандын билим берүү реформасы колдоосундагы республикалык семинар. – Бишкек, 2009-ж. [76]
7. «Академиялык рейтинг жаатындагы эл аралык эксперттик топтун (IREG-4)», «Эл аралык жана улуттук академиялык рейтингдер: окшоштуктар жана айырмачылыктар» конференциясы. – Астана, 2009-ж. [77]

8. «Борбордук Азиядагы жогорку билим берүүнүн сапатынын кепилдик системасынын ички жана тышкы модернизациясы» эл аралык конференциясы. – Бишкек, 2009-ж. [82]
9. «Келечектин илими» эл аралык конгресси [60]. – Алматы, 2010-ж. ж.б.

Болондук процессине арналган  конференциялар жана макалаларда жүргөн илимий талаш- тартыштагы эң эле талкуුга алынган суроолор:

- билим берүүнүн эки деңгээлдүү системасына өтүү. (жогорку окуу жайларда даярдоонун эки деңгээлдүү үлгүсүн ишке ашыруу жөнүндө, так түшүнүк жана суроолорго жооп алууну каалашкан: магистрлер теоретик гана эмес практик да боло алышабы? лицензия алуу жол-жобосу кандай? бардык эле жогорку окуу жайларда магистрлерди даярдоого укук ала алабы? магистрдик программалар кандай принцип боюнча каржыланат?
- билим берүүнүн сапаты (билимдин сапатынын улуттук жана жогорку окуу жайлардын ичиндеги системасын иштеп чыгуу);
- билим берүү мекемелерин аккредитациялоо;
- кийинки муундун талапка ылайык кабыл алынган мамлекеттик билим берүү стандарттарынын жоктугунда насыялык бирдиктерди киргизүү;
- эл аралык кызматташууну өнүктүрүү: биргелешип иштеген программаларды өнүктүрүү, эки диплом, билим берүү кызматтарынын экспортун кеңейтүү;
- окуу курстарын түзүүдө модулдук мамилени колдонуу;
- Кыргызстандын жогорку билим берүүсүн Болондук процессине интеграциялоо проблемалары: уюштуруучулук-башкаруучулук, илимий-билим берүүчү, экономикалык, окуу-усулдук, ченемдик-укуктук. Айтылган проблемаларды анализдөөнүн жана университеттик билимди кайра куруу тажрыйбасынын жыйынтыгында кийинки негизги карама-каршылыктарды белгилесе болот.
- ааламдыштыруу жана өздүк илимий-билим берүү жана маданий окшоштукту сактоо зарылчылыгы;

- түзүлгөн университеттик системаны жана анын Болондук процесстин негизинде түзүлүшүн, мазмунун жана калыбын өзгөртүүгө жаңы талаптарды киргизүү.

Төмөнкү 1-таблицада көрсөтүлгөн конференциялар жана семинарларда белгиленген Кыргызстандын университеттеринин Болондук процесске кошулушунун оң жана терс факторлору берилген.

**Таблица 1.**

**Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын Болондук процесске кошулушунун оң жана терс факторлору**

| Оң факторлор | Терс факторлор |
|---|---|
| Кыргыз жогорку мектебинин атаандашка туруштук берүүсүнүн өсүшү | Билим берүүнүн фундаменттүүлүгүнүн төмөндөшү |
| Университеттердин автономиясынын өсүшү | Университетти рыноктук мамилелерге тартуу |
| Билим берүүнүн башкаруусунун, информациялык ишмердүүлүгүнүн жана маркетингдин жакшырышы | Университеттердин бюджеттик каржылоосунун төмөндөшү |
| Профессордук-окутуучулук курамдын өсүшү | Кыргызстандын университеттеринен профессордук-окутуучулук курамдын четке агылуусу |
| Студенттерди Европалык жогорку окуу жайларына которуу | |

Эл аралык, республикалык илимий-практикалык конференцияларда көрсөтүлгөн көптөгөн баяндамалар жана билдирүүлөрдүн анализдөө процессинде Кыргызстандын университеттеринин дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине интеграциялоодо пайда болгон негизги кыйынчылыктар аныкталган:

- студенттин өздүк ишине жетишсиз окуу-усулдук камсыздоо;
- модулдук мамиленин негизинде окуу программаларын, усулдарын жана окуу технологияларынын кайра түзүлүшү;
- модулдук-рейтингдик системасын ишке ашыруудагы кыйынчылыктар;
- профессордук-окутуучулук курамдын өзгөрүүлөргө катышууга мотивациясынын жоктугу;
- окутуучулар баа берүүнүн жаңы формасына терс мамилеси;

- студенттердин өздүк ишке шыгы жоктугу, окуунун мотивациясынын төмөн деңгээли, чет тилден начар даярдыгы, билим берүү процессиндеги өзүнүн жаңы позициясына даярдыгы жоктугу [5; 45; 52; 76; 77; 97 ж.б.].

Айтылгандардын контекстинде жана Болондук процесстин принциптеринен университеттик билим берүү системасын реформалоодогу стратегиялык багыты болуп өнүгүп-өскөн жогорку көз караштагы маданият, адистик билим, билим жана социалдык-керектүү сапаттары (компетенттүүлүк) бар инсандын калыптанышы аныкталган. Бул өз кезегинде коюлган проблеманы натыйжалуу ишке ашыра ала турган шаймандарды көрсөткөн интеграциялык, маалыматтык жана коммуникациялык технологиялардын дидактикалык мүмкүнчүлүктөрүн колдонууну талап кылган.

Кыргызстандын университеттеринин дүйнөлүк билим берүү процесстерине, өнүгүүнүн тез интеграциялык тенденциясына карабастан компьютердик техниканын сапаттык жана сандык өнүгүүсү, аны билим берүү процессинде натыйжалуу колдонуусу, адистерди даярдоо сапаты акыркы жылдары өзүнүн атаандаштык потенциалын жогото баштады. Мунун себептери көп, тагыраак айтканда ар кайсы өлкө жана континенттердин билим берүү үлгүсүн интеграция кылган жогорку окуу жайлардын санынын өсүшү, окутуучулук курамдын агылышы, бюджеттик каржылоонун жетишсиздиги жана контракттык студенттердин өсүшү жогорку билим берүүнүн сапатынын начарлашына алып келди. Биздин оюбузча, мунун башкы себептери деп төмөндөгүлөрдү атасак болот:

- билим берүү жана иш рыногунун ортосунда байланыш жоктугу;
- эмгек рыногунда бүтүрүүчүлөргө суроо-талаптын азайышына байланыштуу студенттердин сапаттуу билим алууга мотивациясынын төмөндөшү;
- интеграциялык процесстерди жана 3-муундагы Жогорку кесиптик билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандарттын талаптарына жооп берген билим берүүнүн сапатын баалаган институтционалдык (жогорку окуу жайлардын ичиндеги) системасынын жетиле электиги жана жоктугу;

- жалпысынан жогорку окуу жайлардын дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине интеграция кылуу методологиясынын, ошону менен компетенттүү мамиле жана насыялык системанын негизинде билим берүүнүн сапатына баа берүү системасынын толук иштелип чыкпагандыгы;
- өлкөнүн ар кайсы жогорку окуу жайларында интеграция процессине бирдей мамиленин жоктугу.

Ошону менен кээ бир жогорку окуу жайларда ар кайсы континенттердин өлкөлөрүнүн билим берүү системасын интеграция кылуунун жыйынтыгында белгилүү бир жетишкендиктерге жеткендигине карабастан Кыргызстандын жогорку кесиптик билим берүүсүнүн жалпы системасына, Кыргыз Республикасынын ичиндеги бирдиктүү билим берүү мейкиндигине терс таасир берген бир кыйла факторлор бар.

Өзүнүн мазмуну боюнча жогорку билим берүүнүн интеграциясы улуттук билим берүү системаларынын дүйнө жүзү боюнча жакындашуусун, бири бирин толуктап турушун, жогорку билим берүүнүн дүйнөлүк социалдык системасына, дүйнөлүк ааламдаштыруу системасына айланышын көрсөтүп турат.

Албетте, муну түшүндүрүүнүн объективдүү себептери бар. Мисалы, Кыргызстандагы жогорку окуу жайларында эл аралык илимий-педагогикалык келишимдерди системалуу кеңейтүүдө чоң ролду эл аралык, чет өлкөлүк, аймактык жана улуттук уюмдар, фонддор жана программалар ойнойт: ЮНЕСКО, «Ачык коом» Институту (Сорос фондусу) ТЕМПУС/ТАСИС, DAAD, Бүткүл дүйнөлүк банк, АЙРЕКС, ИНТАС, КАРНЕГИ, Британиялык кеңеш ж.б. [3; 9; 27; 53; 110]. Жогоруда көрсөтүлгөндөй, биргелешкен иштешүү бар экендиги көз карандысыз жылдарынын башында Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларында иштеп калышына түрткү болгон.

Кыргыз Республикасынын 2017-жылга чейин жогорку кесиптик билим берүүнүн өнүгүү Концепциясында мүмкүн болгон бардык билим берүү мейкиндиктеринен өлкөнүн бардык жогорку окуу жайлары үчүн Европалык билим берүү мейкиндиги тандалып алынган. Кыргыз Республикасынын

токтомунда: «Кыргыз Республикасында 2012–2013-окуу жылынан баштап жогорку кесиптик билим берүүнүн эки деңгээлдүү түзүмүн орнотуу» каралган [147]. 2012-жылдын сентябрынан тарта жогорку окуу жайлары компетенттүүлүк мамилеси менен насыялык системага жана кадрларды даярдоонун 2 деңгээлдүү (бакалавр, магистр) системасына өткөн, ал андан ары билим берүүнүн 3 деңгээлдүү системасына өтүүнү алдын ала караштырган (бакалавр, магистр, PhD/доктор).

Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын дүйнөлүк билим берүү процесстерине интеграциялануучу жана интернационалдашууга багытталган Болондук процессине кошулушу студенттердин IREX, DAAD, Сорос фондунун ACCELS жана дагы башкалардын каржылык колдоосунда АКШ, Жапония, Европа, Түркия, Кытай жана башка өлкөлөрдүн жогорку окуу жайларында билим алуусунун эсебинен болгон. Демек, Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларында билим алган чет өлкөлүк студенттердин саны өскөн.

Мисалы, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин маалыматтарына ылайык 2005–2006-окуу жылында Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларында 20035 чет өлкөлүк студенттер билим алышкан, ошол эле убакта Кыргызстандын жарандары: Түркиянын (1053 студент), Украинанын (52 студент), Кытайдын (30 студент), Египеттин (40 студент), Иорданиянын (10 студент) жана Россиянын (613 студент) жогорку окуу жайларында билим алышкан.

2008-жылга карата өлкөнүн жогорку окуу жайларында чет өлкөлүк студенттердин саны 25 миң адамга чейин өскөн, анын ичинде: Кытай-300, Индия-500, Түркия-1200, Түркмения-880, Таджикистан-1040, Казахстан-4314, Өзбекстан-15329 студенттери билим алышкан [158].

Бирок, биздин өлкөнүн жогорку окуу жайларында дүйнөлүк билим берүүнүн түзүмдүк элементтерин интеграция кылуунун чегинде жана интеграциялык процесстерди, анын ичинде Болондук процессти ишке ашыруудагы жетишкендиктерине карабастан, Кыргызстан бүгүнкү күндө дүйнөлүк коомдун астында толугу менен максаттарына жете албайт жана

ЮНЕСКОнун «Туруктуу өнүгүү үчүн билим берүү (2005–2014-ж.)» программалык документиндеги негизги маселелерди чече албайт. ЮНЕСКОнун бул программасынын концепциясында биринчи планга билим берүүдөгү интертартиптүүлүк, бирдиктүүлүк, ачыктык жана системалуулук берген баалуулуктар аспектиси коюлат.

Ушунда мындай суроолор келип чыгат: «бирдиктүүлүк» жана «системалуулук» деген эмне?, бул бирдиктүүлүктүн (дүйнөлүк билим берүү мейкиндиги) интеграциялык-түзүмдүк элементтери эмне? Дүйнөлүк билим берүү мейкиндигинин түзүмдүк элементтерин аныктоо каралып жаткан билим берүүнүн мейкиндигин жана анын ар бир түзүмдүк элементтеринин ар бирин өзүнчө бирдиктүү системанын мүмкүнчүлүктөрүн тагыраак аныктоо үчүн керек. Европа мейкиндигиндеги жогорку окуу жайларында окутуу технологиясы жана билим берүү программаларынын иштеши жөнүндөгү, алардын жакшы жана жаман жактары жөнүндөгү деталдуу маалымат алардын Кыргызстандын жогорку окуу жайларында интеграциялануусун жеңилдетет. Ал эми өлкөнүн жогорку мектебиндеги билим берүү анын сапатын көтөрүүгө түрткү болгон дүйнөлүк билим берүү процесстерине интеграция болушуна өбөлгө болот. Болондук процесске кошулуу «Кыргызстандын жогорку кесиптик билим берүүсүнүн өнүгүүсүнүн негизги маселеси, адистерди даярдоонун сапаты» деп аныкталат. Анткени, В.И.Байденконун аныктамасы боюнча «Бергендик коммюникте» (2005-ж.) ички механизмдерди системалуу түрдө киргизүү жана анын сапатынын тышкы камсыздалуусуна түздөн-түз байланышы аркылуу жогорку окуу жайларга өздөрүнүн ишмердүүлүгүнүн сапатын жакшыртууга чакырык камтылган. Ошондой эле ENQA сунуштаган жогорку билим берүүнүн Европа мейкиндигинде сапатты камсыздаган принциптерди жана үлгүлөрдү кабыл алгандыгы жөнүндө жарыяланган. Европа агенттиктеринин регистринин улуттук экспертизасынын базасында сапатты камсыз кылуу идеясы колдоого алынган [18].

Билим берүүнүн сапатын камсыз кылуунун ички жана сырткы механизмдерин колдонууга чакырык жасоо бул максатка багыттап окутуунун

активдүү формаларын иштетүүнү, анын сапатын баалоону жана мониторинг кылууну түшүндүрөт.

Системалуу мамиледен алганда, дүйнөлүк билим берүү процесстерине көнүүнүн негизги шарты болуп, биздин оюбузча, окуу процессинин субъектилеринин дүйнөлүк билим берүү мейкиндигинин түзүмдүк элементтеринин окуу процессинин түшүнүүсү жана ишмердүүлүктүн илимий негиздеринин өзү курулган жол-жоболорун, түзүмдөрүн түшүнүү жана ошондой эле жалпы университеттик деңгээлде гана эмес, ар бир студенттин деңгээлинде да ыңгайлашууну билүү. Ыңгайлашуу ыгынын түзүлүшүнө окуу процессинин катышуучуларынын астында дүйнөлүк билим берүү процессинин негизги интеграциялык-түзүмдүк элементтерин гана эмес В.Л.Кимдин иштеринде белгиленгендей, предметтик билим жана ыктарынын системасынын түзүмдүк элементтерин ачуу абдан маанилүү [53].

Батыш өлкөлөрүнүн жогорку билим берүү системасынын ийгиликтүү өнүгүшү үчүн түзүлгөн Бирдиктүү Европалык мейкиндиктин 2010-жылдын мартындагы Будапешт-Вена конференциясында декларацияга кол коюлган, бүтүндүк (система) катары түзүмдүк элементтерден турат, негизгилери:

- үч циклден турган билим берүүнүн үч деңгээлдүү системасы (бакалавр, магистр, phd/доктор);
- насыялык системалар (Европада насыяларды (ECTS) кайра чегерим кылуу жана топтоо системасы орун алган);
- жогорку окуу жайлардын бүтүрүүчүсүнүн компетенттик үлгүсү;
- дипломго бирдиктүү тиркеме;
- билимдин сапатынын башкаруу системасы.

Бул структуралык элементтер Болондук процесске кошулган бардык өлкөлөрдө ишке ашуусу керек.

Европада бирдиктүү билим берүү мейкиндигине кирген түзүмдүк элементтерди эске алганда, билим берүү түпкү илим менен байланышкан академиялык жана практикалык же кесиптик болуп тарыхый негизде бөлүнгөн. Мисалы: Doctor of Philosophy даражасы илим жаатында карьера кылгандарга

ыйгарылат, ал эми Doctor of Business Admistration болсо чарба жүргүзүүдөгү бул же тигил тармагынын эң жогорку кесиптик деңгээли болуп саналат. Ушул эле принцип боюнча магистрдик программалардын ичинде бөлүнүшү каралган. Магистратуранын үч түрү бар: илимий, кол өнөрчүлүк жана MBA башкача айтканда магистрлар теоретик гана эмес, практик да боло алышат.

Бул түзүмдүк элементтер бүткүл дүйнөлүк ааламдаштыруу шартында ар кайсы өлкөлөрдүн жогорку окуу жайларын дүйнөлүк билим берүү процесстерине интеграция кылуунун башаты болуп саналат.

Бирок Кыргызстандын кээ бир жогорку окуу жайларында ар кайсы чет өлкөлөрдүн билим берүү программаларынын интеграцияланышын талдоонун негизинде чечим чыгарууга жол берди: мисалы, дүйнөлүк билим берүү мейкиндигинин насыялык система элементи анын 2012-жылга чейинки түрү, Кыргызстандагы жогорку окуу жайларда натыйжасыз болгон. Дүйнөдө болсо бардык билим берүү кредит системаларын эки негизги түргө бөлүшөт: «салымдык» жана «трансфердик» [49].

Биринчисинде окууга карата чогула берет, экинчисинде болсо жылдык (семестр) жүктөм боюнча саналат. Трансфердик (которуучу) насыя системалары (Credit Transfer System/Scheme) жогорку окуу жайларынын ортосунда студенттерди алмашуу үчүн арналган. Алар чет өлкөлүк студенттин окуу планын «ачык-айкын» кылууга жол берет, ал кандай профилдөөчү сабактарды (алар көбүрөөк насыяларга ээ болот) окуганын аныктайт. Салымдык системалар андан тышкары насыяларды узак мөөнөттө толуктоого мүмкүнчүлүк берет (мисалы окууга керектүү акча каражаттарынын шартына жараша). Бакалавр даражасын, мисалы, үч же алты жыл аралыгында алса болот. Үзгүлтүксүз билим алуу (LLL-Long Life Learning) концепциясынын өнүгүшүнө байланыштуу салымдык насыя системалары келечектүү болуп саналат. Эң көп тараган насыялык системаларга: ЕКТС, ECTS, UCTS, UMAP, USCS, CATS ж.б. кирет. Азыркы учурда Болондук процесстин чегинде бирдиктүү Европалык насыялык трансфердик системасына (ЕКТС) -Europe Credit Transfer System (ECTS) кирүү ишке ашып жатат, аны ошондой эле зачеттук которуунун Европалык системасы деп да аташат.

Бул процесстин актуалдуулугун ЕС өлкөлөрүндө бир жылда студент алмашуу 750 миңден ашканы менен түшүндүрсө болот. ЕКТС ошондой эле бааларды бирдиктүү (A-FX) жана бир канча процедураларды (келишимдерди түзүү, маалыматтык пакеттерди чыгаруу ж.б.) аткарууну талап кылаарын белгилей кетүү керек. Европада насыя системалары Улуу Британияда, Скандинавия өлкөлөрүндө жана Италияда көбүрөөк өнүккөн. Италия билим берүү реформасы билим берүүнүн бардык деңгээлине насыя системаларын киргизүүнү болжолдойт, ошол эле учурда салымдык да, которуучу да насыялар колдонулат. Ошол үчүн ушул өлкөлөрдө биринчи долбоорлор жана эксперименталдык талаалар ишке ашырылат.

Башка кенен таралган насыялык система болуп University Credit Transfer System (UCTS) саналат [157]. Бул система UMAP- University Mobilityin Asiaand Pasific (Азиядагы жана Тынч океан аймагындагы университеттик мобилдүүлүк) уюмунун негизинде түзүлгөн, 1991-жылы студенттер жана окутуучулардын мобилдүүлүгүнө жардам көрсөтүү органы катары негизделип, институттар арасында алмашуу жана кызматташуу аркылуу ишке ашырылат. UMAPтын ишмердүүлүк чөйрөсүнө кирген өлкөлөр: Австралия, Бруней, Камбоджа, Канада, Чили, Фиджи, Гуам, Гонконг, ЮАР, Индонезия, Жапония, Корея, Лаос, Малайзия, Мексика, Монголия, Мьянмар, Непал, Жаңы Зеландия, Папуа-Жаңы Гвинея, Кытай, Филиппин, Орусия, Сингапур, Шри-Ланка, Тайвань, Таиланд, АКШ, Вьетнам жана Батыш Самоа. UCTS насыя системасы 1999-жылы эксперименталдык колдонуу үчүн киргизилген, бирок азыр ал кээ бир өлкөлөрдө официалдуу статуска ээ болгон. Насыяларды жана бааларды саноо негизине ECTS системасы алынган, бирок макулдашууларга, маалымат пакеттерине талаптары бир кыйла азыраак. Андан тышкары ал өзүн улуттук система катары колдонууну талап кылбайт. Анын негизги максаты-студенттерди алмашуунун оңой болушу үчүн жетишкендиктери жөнүндө маалыматты бир форматка (стандарт) конверсияланган.

Биргеликте бардык дүйнөлүк билим берүүнү камтый алган, буга чейин каралган эки насыялык системалардан тышкары АКШнын насыя системасы

(USCS-US Credit System) жана түндүк Африкада, Жаңы Зеландияда да тараган Улуу Британиянын CATS-Credit Accumulation Transfer Scheme/System (насыяларды которуу жана чогултуу системасы/схемасы) насыялык системалар тобун белгилей кетүү керек [49].

АКШнын насыя системасынын негизги түшүнүгү болуп насыя-саат эсептелинет. АКШнын жогорку билим берүүсүндө «насыя» (credit) термини же насыя-саат (credithour) көбүнчө бир маанилүү бири-бирин толуктаган сөздөр катары колдонулат.

Насыя-саат жумасына студент окутуучу менен аудиторияда бир окуу семестринде короткон убакытты түшүндүрөт, тагыраак айтканда, бир семестр аралыгында бир жумада алака-катыш болгон убакыт. Дүйнөнүн көптөгөн университеттеринде бир насыя-саат алака-катышта болгон убакыттын 40–50 мүнөтүнө барабар. Алака-катышта болуу убактысы деп аудиториялык убакытты түшүнсө болот. Чындыгында окутуучунун студенттер менен алака-катышы аудитория менен эле чектелбегени түшүнүктүү, мисалы, офистик убакытта студенттерге консультация берүү эч качан насыя сааттарга кошулбайт.

Окуу планынын ар бир сабак (курс) белгилүү насыялардын саны менен ченелет, аларды студент аны изилдөөгө коротушу керек. Семестрде студент 30 насыя алышы керек. Бакалавриатта бир насыя-саат студенттин семестрдин мөөнөтүндөгү бир жумадагы бир академиялык саатына барабар, ошол эле учурда лекциянын ар бир академиялык сааты же практикалык сабактар студенттин өздүк иши менен 2 саатта (100 мүнөт) өтөт. Ошондо семестрде (15 жума) бул же тигил бир насыяга (жумасына 1+2саат) ээ сабакты окуш үчүн 45 академиялык саат керектелет. Бакалавр даражасын алыш үчүн эң 240 кредит алыш керек.Кыргызстанда бул үчүн 4 жылга барабар окуу мөөнөтү бар.

UCTS насыя системасы толук академиялык жылда 60 насыясы бар ECTS үлгүсүнөн негиз алганы менен ал ECTSтин жөнөкөйлөтүлгөн түрү болуп саналат.

Салтка ылайык, КМШ өлкөлөрүндө академиялык саат белгилүү бир убакыт болуп аныкталат жана окуу жылдын же семестрдин узактыгы менен

байланышпайт. Тескерисинче, чет өлкөлүк жогорку окуу жайларында насыя-саат дайыма бир семестрдин узактыгы менен байланышат.

Бирок эки насыялык система тең студенттердин окутуучу менен аудиторияда сөз жок өтүүчү окуу көлөмүнүн азайышын билдирет. Ошол эле учурда студенттин өздүк ишине жана анын окутуучу менен өз алдынча иштеше турган убакытка берилген сааттардын көлөмү көбөйөт. Анын негизги милдети болуп студенттин изденүү, маалымат топтоо ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугуна баа берүү болуп саналат [92]. Узак убакыттан бери колдонгон жогорку окуу жайларда насыялык система өзүн окуудагы жетишкендиктерди жана билим берүүнүн сапатын көтөрүүдөгү натыйжалуу механизм катары көрсөтө алды [5; 49].

Ошону менен бирге, адабий булактарды талдоодо, компетенциялар түрүндө жыйынтыкка багытталган Болондук процесс жана интеграция принциптеринин негизинде жогорку билим берүү системасынын үлгүсүнүн жаңылануусу – бул жогорку билим берүүнүн эки деңгээлдүү системасына өтүү. Билим берүүнүн насыялык технологияларын жана маалыматташтыруу процесстерин киргизүүдө Кыргызстандагы жогорку билимди реформалоо жана модернизациялоо чоң роль ойнойт жана аларды билим берүүнүн сапатына оң таасир берүүчү фактор деп кароого бардык негиздер бар.

## 1.3. Болондук жогорку билим берүү системасын изилдөө

Европадагы жогорку билим берүү системасын **жакындаштырууга** жана гармониялаштырууга болгон умтулуулардан улам келип чыккан. Европа мамлекеттеринин өз ара интеграциясы жыйырма жылга жакын мезгилден бери Болондук процесске катышкан мамлекеттердеги жогорку билим берүүчү мекемелерди өнүктүрүү векторун белгилеп келет. 2010-жылы Венада жана Будапештте өткөн Болондук процесске катышуучу мамлекеттердин билим берүү министрлеринин юбилейлик конференциясында аталган процессти жакындаштыруу жана гармониялаштыруу туурасындагы максатына жетишүү

үчүн жогорку билим берүүнүн бирдиктүү Европалык мейкиндигин түзүү жөнүндө расмий кабарланган. Болондук процесстин биринчи он жылдыгында катышуучу өлкөлөрдүн жогорку окуу жайларынын улуттук системасында Болондук процесстин бирдиктүү механизмдерин иш жүзүнө ашыруу үчүн алдын ала өбөлгөлөр негизделген.

Болондук процесске бириккен өлкөлөрдүн жогорку билим берүүсүнүн көп түрдүү өзгөчөлүгүн эске алууда Болондук процесс тарабынан коюлган негизги милдеттерди, жогорку билим берүүнүн ата мекендик системасындагы улуттук жана университеттердин деңгээлинде жүргүзүлгөн реформаны тереңден ойлонуу жана андагы жетишкендиктин даражасын аныктоо, жогорку билим алууга болгон мүмкүндүктүн көбөйүшү, жогорку билим берүүнүн сапатын жогорулатуу, окуучулардын жана окутуучулардын мобилдүүлүгүнүн кеңейиши, бүтүрүүчүлөрдүн квалификациясынын эмгек рыногунда таанылышы азыркы этаптагы максатка ылайык жана өз мезгилиндеги козголгон маселе болуп саналат. Болондук процесстин өзгөчөлүгүн, атап айтканда, университеттеги жеткиликтүүлүктү, ачыктыкты жана кесиптик даярдыкты камсыздоого багытталган негизги жоболорду эске ала турган болсок, изилдөөнүн логикасы Болондук процесстин негизги принциптери механизмдерин жана өбөлгөлөрүн мүнөздөөдөн жана ал механизмдердин жогорку билим берүүнүн деңгээлинде ишке ашыруу жана функциясынын өзгөчөлүгүнө ырааттуу теориялык талдоо жасоодон курулат.

Европадагы жогорку билим берүү системасын реформалоо стратегиясы анын эмгек рыногундагы интеграцияга болгон муктаждыгы менен байланыштуу. Европа мамлекеттеринин экономикалык биримдиги чектеш жайгашкан мамлекеттердин дүйнөдөгү динамикалуу жана атаандаштыкка туруктуу экономикалык мейкиндикти түзүүгө болгон ниети менен шартталган. Бул максатка жетүү билим берүүнүн сапатын жогорулатууга, мобилдүүлүктү күчөтүүгө жана адистердин атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүнүн жогорулашына алып келет. 1957-жылдагы Рим келишиминде чагылдырылган Европа кеңешинин биргелешкен саясаты товарды, адамдарды жана кызматтарды,

капиталды эркин айландырган кыймылдар жалпы ички рынокту түзүүгө багытталган [163]. Мунун натыйжасында келип чыккан Европа кеңешинин жана ага чектеш жайгашкан мамлекеттердин ичиндеги өз ара жумушчу күчүнүн миграциясы, ошондой эле жалпы эмгек рыногунун калыптанышы квалификацияны, жалпы европалык деңгээлде таануу проблемасын алдыга коёт. Европалык комиссия 2001-жылы жаңы Европа эмгек рыногун 2005-жылга чейин Европада бардык деңгээлде эмгек рыногунун талаптарына жооп берген кесиптик квалификацияны таануу жолу менен эмгекке жарамдуу калктын мобилдүүлүгүн камсыздоого болгон тоскоолдуктарды жоюу жана европалык мейкиндикте вакансия жана квалификацияны жогорулатуу туурасындагы маалыматтарга кирүүгө болгон түз мүмкүнчүлүктү ачуу стратегиясын түзүүнү сунуштаган [164]. 32 европалык мамлекеттердин билим берүү министрлери, европалык социалдык өнөктөштөр жана Европа комиссиясы 2004-жылдын 14-декабрында кесиптик (баштапкы, орто жана жогорку) жана жалпы орто билим берүүнү камтыган квалификацияны таанууну жана көчүрүүнү камсыздай турган квалификациянын ачык жана ийкемдүү европалык системасын түзүү максаты менен кесиптик билим берүү жана окутуу тармагындагы европалык кызматташтыктын келечектеги артыкчылыктары маселелери боюнча Маастрих коммюникесине кол коюшкан. Квалификациянын комплекстик системасын иштеп чыгуу чечими Берлинде өткөн Европалык кеңешке мүчө мамлекеттердин билим берүү министрлеринин конференциясында 2003-жылы кабыл алынган. Ошондой эле Бергендеги билим берүү министрлеринин 2005-жылдагы конференциясында да «Жогорку билим берүүнүн европалык мейкиндиги үчүн квалификация системасынын принциптери» кабыл алынып, анда жогорку окуу жайынын квалификациясынын европалык системасынын ортосундагы өз ара байланышты жана өз ара толуктоолорду камсыздоо зарылдыгы белгиленген.

Квалификациянын европалык системасын иштеп чыгуу өмүр бою окуу (англ. life long learning) стратегиясын ишке ашыруу зарылдыгы менен [166], ошондой эле квалификациялардын айырмачылыгынан улам жаралган билимди жана компетенцияларды натыйжалуу пайдаланууга тоскоол болгон

жарандардын бөгөттөрүн жоюуга болгон муктаждык менен да түздөн-түз байланыштуу.

Европалык мамлекеттерде бирдиктүү эмгек рыногун түзүү учурунан баштап ар түрдүү билим берүү формаларын иреттөө максатын көздөгөн квалификациянын улуттук системасы боюнча ири иштер жасалды. Квалификациянын улуттук системасынын максаты конкреттүү квалификацияны алууга, квалификацияны жогорулатуу жана алынган квалификацияларды официалдуу таануунун так процедураларына алып келе турган окутуунун ар түрдүү жолдорун уюштуруу болуп саналат. Квалификациянын европалык системасы өз ичине «Европа континентиндеги жарандарды академиялык жана эмгек мобилдүүлүгүн өстүрүү максатындагы ачык-айкындуулукту, салыштырмалуулукту, жана квалификацияны, дипломдорду жана билими тууралуу күбөлүктү таанууну камсыздоого багытталган метасистеманы» камтып турат [135, Б. 1 – 2].

Европада квалификацияларды салыштыруу билим берүүнүн мазмунун тактоо менен сапатын көтөрүүнү, билим берүү процессин уюштуруунун оптималдуу ыкмалары менен технологияларын издөөнү, анын максаттарын жана натыйжаларын кайра карап чыгууну көздөгөн жогорку билим берүүнүн бирдиктүү Европалык мейкиндигин түзүү процесси менен параллель жүргүзүлөт. Бул мейкиндик «жогорку окуу жайынын студенттери менен кызматкерлеринин эркин өз ара алмашуусу, квалификацияларды таануу, билим берүүнүн жогорку сапаты жана ар түрдүү каада-салттары» [19, Б. 39] менен мүнөздөлүшү керек.

Бирдиктүү эмгек рыногун түзүү стратегиясы жана квалификациялардын салыштырмалуулугу менен катар, Болондук процесстин европалык жогорку билим берүүнүн дүйнөдөгү атаандаштыкка, туруктуулугун күчөтүү жана европа мамлекеттеринин жарандарынын, Европа эмгек рыногундагы мобилдүүлүгүн жогорулатуу максаттарын да ушул мамлекеттердин улуттук билим берүү системасы менен болгон гармонизациясы аркылуу аркалайт. Алдыга коюлган максаттарды чечүүнүн негизги инструменттери «студенттерге көрсөтүлүүчү

билим берүү кызматтарынын жогорку академиялык деңгээли жана сапаты, студенттердин социалдык-экономикалык абалын колдоо жана эмгек рыногуна билим берүүнү интеграциялоо» болуп саналат.

1999-жылдын 19-июнундагы «Жогорку билим берүү үчүн Европалык мейкиндик жөнүндөгү» Болонья Декларациясы Болондук процесстин негизи катары кызмат кылды. Жогорку окуу жайларынын европалык мейкиндигин түзүү процесси 2010-жылга чейин уланып, ар бир эки жылда алдыга коюлган максатка жетүү үчүн аткарылган иштердин оң жана терс жактарын талдоого алышкан, билим берүү министрлери тарабынан демилгелер көтөрүлүп жана координацияланып турган. Жогорку билим берүүнүн улуттук системасына реформа жүргүзүүнүн натыйжасына жана зарылчылыгына жараша жаңы түзөтүүлөрдө артыкчылык Болондун Прага конференциясында (2001-ж.), Берлинде (2003-ж.), Бергенеде (2005-ж.), Лондондо (2007-ж.), Лувен ла Невде (2009-ж.), Будапеште жана Венада (2010-ж.) жана Ереванда (2015-ж.) кол коюлган биргелешкен коммюникелерине берилген. Болондук процесс боюнча расмий Байкоочулар тобунан (англ. Bologna Follow-up Group, BFUG) бөлөк Болондук процессттин негизги аткаруучу органы катары конференцияларды уюштуруучу жана даярдоочу болуп жана анын европалык деңгээлге чыгышына башка мекемелер да: Европадагы студенттердин улуттук бирикмеси (англ. National Unions of Students in Europe, European Student Information Bureau), Билим берүү боюнча Европалык профсоюздук комитет (англ. European Trade Union Committee of Education, ETUCE), Европалык университеттердин ассоциациясы (англ. EUA) тартылган. Өзүнчө катышуучулар кеңеш берүүчү мүчө статусуна ээ. Болондук процесстин принциптерин Европа кеңеши, катышуучу мамлекеттердин өкмөтү жана ушул өлкөлөрдүн жогорку окуу жайлары ЮНЕСКОнун ректорлордун конференцияларынын, илимий коомчулуктун, ERIC-NARIC академиялык таануунун улуттук маалыматтык борбору тармагынын улуттук бөлүмүнүн (англ. Educational Resources Information Centre, National Academic Recognition Information Centres Network) аралаш түзүлгөн комиссиясынын жана жумушчу топторунун колдоосу аркылуу ишке ашырылат

жана өнүктүрүлөт. Социалдык өнөктөштөр (иш менен камсыз кылуу кызматы, тармактык ведомствалар, аткаруу бийлигинин органдары) активдүү катышышат.

Болондук процесстин принциптерин ишке ашырууда жоопкерчилик катышуучу-мамлекеттин өзүндө болот, анткени ар бир өлкөнүн жогорку билим берүү системасын реформалоо ар түрдүү даражада, улуттук деңгээлде каралат. Мында жогорку билим берүүнү, анын бардыгына бирдей мүмкүнчүлүктө кеңейишин жана студенттердин билим алууга болгон талабын канааттандырууну каржылаган мамлекет жоопкерчиликти толугу менен мойнуна алат.

Жеке жогорку окуу жайларынын билим берүү сапатына болгон мамлекеттик жоопкерчилик ушул мекемени лицензиялоо жана аккредитациялоо механизмдери менен ишке ашырылат. Жогорку окуу жайынын автономиясы улуттук мыйзам чыгаруу бийлиги менен жөнгө салынып, бюджет, студенттерди кабыл алуу, даража берүү, окутуунун сапаты жаатында жоопкерчилик артат [19].

Болондук процессти демилгелөөдөн улам европалык университеттерде бир катар документтер кабыл алынды: Университеттердин Улуу хартиясы (англ. Magna Charta Universitatum) (Болонья, 1988 г.) университеттик билим берүүнүн фундаменталдык принциптерин – университеттин автономдуулугун, окутуунун жана илимдин биримдигин, илимий изилдөөнүн жана билим берүүнүн көз-карандысыздыгын, университет Европанын гуманитардык салттарын коргоочу катары [134] экендигин, Европа Кеңеши жана ЮНЕСКО тарабынан иштелип чыгып, квалификациясын таануу тууралуу Берген Конвенциясы конференциясында (Лиссабон конвенциясы, 1997-ж.) Болондук процесске катышкан мамлекеттерде каралган, Европа аймагындагы жогорку билим берүүнүн квалификациясын таануунун негизги жоболорун жана процедураларын жана билим берүү жөнүндөгү документтерди чагылдырган [142], Европа аймагында элдердин эркин алдыга жылуу принциптерин эске алган, 1997-жылкы Европа союзунун өлкөлөрү кол койгон Амстердамдагы келишим жана ошондой эле «Жогорку билим берүүнүн европалык системасынын архитектурасынын гармониялуулугу жөнүндө» Сорбона

декларациясын өз ичине камтып турат. 1998-жылдагы Сорбона деклерациясында Франция, Италия, Германия жана Улуу Британия өлкөлөрү түрдүү билим берүү жолдору менен кез келген эмгек шартында системаны кайра куруга даяр экендигин окутуунун бардык учурда маанилүүлүгүнө басым жасоо менен билдиришти. Бул аталган декларациянын негизги идеясы катары министрлер жогорку билим алууга мүмкүнчүлүктүн адамдын кесипкөй калыптануусунун ар түрдүү баскычтарында болушу деп белгилешкен [154]. Европадагы бардык катышуучулардын жана социалдык өнөктөштөрдүн тыгыз кызматташуусу жана жигердүү ишмердүүлүгү Болондук процесстин негизги он багытын (англ. *action lines*) жана эки кошумча багытын белгилеген: Болондук процесстин социалдык багыты (англ. *social dimension*) жана критикалык талдоо (англ. *stocktaking*). Париж Коммюникеси (2001-ж.) билим берүүнүн социалдык маанилүүлүгүн бир нече жолу баса белгилеген. Жогорку окуу жайы «коомдук дөөлөт» катары студенттерге эркин мүмкүндүк алуу, ар кандай иш-чараларга каржылык жана экономикалык көмөк көрсөтүү чарасына окуунун ыңгайлуу траекториясын сунуштаган [141]. 2005-жылы «Жогорку билим берүүнүн Европалык мейкиндигин жана эл аралык атаандаштыкты социалдык өлчөө» деген Болонья семинарындагы министрлер тарабынан колдоого алынган сунуштарда студенттерге окуу жана жашоо үчүн белгилүү бир мөөнөттө эч кандай тоскоолдуксуз ийгиликтүү билим алуусуна карата оптималдуу шарттарды камсыз кылуу зарылдыгы белгиленген. Бул учурдагы жобонун негизи катары «социалдык жана экономикалык жашоо шартында адамдын жогорку билим алууга жана ишке орношуу мүмкүнчүлүгүнө болгон умтулуусу» болуп саналат.

Болонья декларациясынын башында эле 6 негизги жобо – жогорку билим берүүнүн бирдиктүү мейкиндигине жетүүнүн механизми берилген:

- билим берүүгө салыштырма квалификацияны киргизүү, европа өлкөлөрүнүн жогорку билим берүүсүнүн улуттук системасына окуу процессинин бакалавриат жана магистратурадан турган эки деңгээлдүү түзүлүшүн киргизүү;

- окуу жүгүн (эмгек көлөмүн) зачеттук бирдик (кредит, кредиттик бирдик) менен эсептөөнү киргизүү;
- дипломдун Тиркемесине окуу жүгүн жана квалификациясын жазууну киргизүү;
- жогорку окуу жайындагы студенттердин, профессор-окутуучулар түзүмүнүн жана административдик-башкаруу кызматкерлеринин мобилдүүлүгүн жогорулатуу жана эл аралык кызматташтыкты өнүктүрүү;
- салыштырмалуу критерийлер менен методологияны түптөй турган максаттагы Европада жогорку билим берүүнүн сапатын камсыздай турган бүтүн системаны түзүү;
- квалификацияны таануу [155].

Кийинки конференциялардын жүрүшүндө билим берүү министрлери негизги механизмдерге төмөндөгүлөрдү кошушту:

- жогорку билим берүүнүн жалпы системасына үчүнчү деңгээлди – аспирантураны киргизүү;
- чет тилдерин күчөтүп окутуу менен окуу процессине европалык өлчөөнү күчөтүү;
- өмүр бою үзгүлтүксүз билим алууга мүмкүн болгондой кылып окутуунун структурасын түзүү;
- ар кандай тилдерде сунушталган билим берүү программаларын ишке ашыруу аркылуу жогорку билим берүүнү интернационалдаштыруу.

Муну менен катар негизги багыттарга кошумчалоо киргизилген:

- студенттердин башка окуу жайында болгон мезгилиндеги шарттарын жакшыртуу;
- жогорку окуу жайынын Болонья декларациясынын жобосун эске алуу менен иштелген эл аралык кызматташтык ишкердүүлүгүн адистештирүү;
- жогорку билим берүү тармагында маркетингдик изилдөө жүргүзүү;
- жогорку окуу жайынын ичиндеги билим берүүнүн сапатын көзөмөлдөө системасын өнүктүрүү;

- жогорку окуу жайынын, студенттин жана иш берүүчүнүн ишкердүүлүгүнүн сырткы баа берүүгө катышуусу.

Окутуунун деңгээлдик түзүлүшүн (бакалавриат, магистратура, аспирантура), зачеттук бирдикти киргизүү жана окутуунун жыйынтыгында жогорку билим берүүчү мекемелердеги жогорку билим берүүнүн улуттук системасын таануу студенттик жана окутуучулардын мобилдүүлүгүн кеңейтүүнүн негизги аспектиси болуп саналат.

Жогорку билим берүүнүн европалык мейкиндигинде окутуунун ар бир даражасы (бакалавриат, магистратура, аспирантура) студенттерди эмгек рыногуна чыгууга даярдоону, компетенциясынын андан ары өнүгүшүн камсыздайт [19; 164]. Окутуунун биринчи даражасы кесиптик ишмердүүлүктүн кеңири чөйрөсүнө даярдоого басым жасайт, экинчи даражада конкреттүү бир кесипке багытталган даярдоо ишке ашырылат. Ушуга байланыштуу биринчи даражаны адистештирүүгө укукту мурунку билим берүүгө таянып туруп кечирээк берген поливаленттүүлүгү туурасында айтылып келет.

Ар бир деңгээл (даража, цикл) ылайыкталган сынак аркылуу сыналат, окуудагы жыйынтыгын, компетенттүүлүгү жана зачеттук бирдиктеринин жалпы саны боюнча каралат. Болондук процессти таануу катарындагы экинчи шарты бул окуу жүктөмдөрүнө жана алган билимге, көндүмдөргө жалпы кредиттер бирдиги системасы аркылуу эсептөөнү киргизүү. «Дипломго Тиркеменин» киргизилиши, бүтүрүүчү тууралуу, кредиттик бирдиктеги билим берүү жүктөмү, берилген даража жана квалификация, квалификациянын деңгээли, квалификациянын функционалдык маңызы жана билим берүүнүн улуттук системасы тууралуу маалыматты камтыган Болондук процесске катышкан мамлекеттер үчүн дагы бир талап болуп саналат. Дипломго Тиркеменин шаблонун Европалык комиссия, Европа жана ЮНЕСКО Кеңешинин биргелешкен жумушчу тобу иштеп чыккан. Алынган билимдин мүнөзү, дипломдун деңгээли, баанын деңгээли тууралуу маалымат, ошол бир мамлекеттин жогорку билим берүү системасы тууралуу жалпы маалымат, ошондой эле дипломго Тиркеменин пункттары дипломдо камтылган

маалыматтарды башка университетте же мамлекетте түшүнүүнү бир кыйла жеңилдетет жана коомдо, эмгек рыногунда академиялык даражаны таанууну камсыз кылат.

Окуу планынын жана программаларынын окуу жүктөмүнүн зачеттук бирдиктеги сандык принциби жогорку билим берүү мекемелери үчүн өтө зор методикалык ишти талап кылган олуттуу жаңылык болуп саналат. Зачеттук бирдик (кредит) системасы системаланган өлчөө ыкмасын жана зачеттук бирдик анын компоненти (окуу курстары, модулдар, сабактар) катары каралган окуу программаларын жазууну билдирет. Ошону менен бирге кредит калыптандыруучу компетенциялардын жыйымынан турган окутуунун жыйынтыгын өз ичине камтыйт. Студенттин бир окуу жылы (эки семестр) ичиндеги окуу планы жана программалары боюнча окуу жүгү 60 зачеттук бирдикке (семестрде 30 кредит) барабар болуш керек. Мында окуу жүгү аудиториялык жана студенттин өз алдынча иштөөсүн, окуу планы жана программалары боюнча окуу ишмердүүлүгүнүн бардык түрүн (лекцияга, семинарга, практикалык сабактарга катышуу, китепканада иштөө, сынакка даярдануу, маалыматты издөө, илимий-изилдөө иштери жана дагы ушул сыяктуу) өз ичине камтыйт. Окуу жүгү белгилүү бир компетенцияны калыптандырууга зарыл эмгек көлөмүн – окутуунун жыйынтыгын негиздейт. Европалык комиссия чет элдик университеттердеги студент окуган окуу курстарын баалоо жана салыштыруу максатында көчүрүү жана кредиттерди топтоо европалык системасын (англ. ECTS – European Credit Transfer System) иштеп чыккан. Бул система боюнча бир кредит студенттин 25-30 сааттык (жумасына 40 саат, жылына 1500 – 1800 саат) иши менен барабар. Бул системанын жардамы менен билим берүүнүн улуттук системасынын жана жетишилген жыйынтык баасынын салыштырмалуулугу мүмкүн болот. 1989-жылы «Эразмус» (англ. Erasmus) студент алмашуу программасынын алкагында система алгач пайдаланылып баштаган [81].

Кредиттик бирдик системасын киргизүү шарты билим берүүнү модулдаштыруу болуп саналат. Окуу модулунун мааниси жана түзүлүшү

сабактын, билим берүүнүн баскычынан, студенттердин окуп бүткөн билиминин деңгээлинен, окутуучунун жеке кесиптик тажрыйбасынан көз каранды болот. Бул белгилүү компетенцияларды жана кесиптик ишмердүүлүктү калыптандыруу максатын көздөгөн окуу программасын түзүүгө негиз болуп берет. Модулдук окутууда белгилүү бир жыйынтыкка жетүү модулдун логикалык катышы жана комбинациясы аркылуу жеңил ишке ашырылат. Модулдун универсалдуулугу эки тараптуу канааттанууга алып келет.

Окутуунун жыйынтыгы катары өзүнчө курсту, модулду же окуу программасын толугу менен аяктагандан кийинки жеке жетишкендиктер, билим жана практикалык билгичтиктер (компетенциялар) саналат. «Квалификациялык дескрипторду» пайдалануу жана билим берүүнүн аяккы жыйынтыгына таянуу квалификацияны аныктоого, модулдарды иштеп чыгууга, окуу программаларын түзүүгө жана окутуунун бүтүндөй сапатын камсыздоо баасына негиз жаратат. Болондук процесстин катышуучулары тарабынан ар бир билим берүү баскычынын квалификациясына түшүндүрмө берген бирдиктүү «Дублин дескриптору» кабыл алынган. Башка мамлекеттин квалификациясын алардын жеке системасында принципиалдуу айырмалар жок болгон учурда аналогдук квалификация катары таануу сунушталган. Лиссабон конвенциясына ылайык, экзамендер жана окуу мезгилдери бири-бирине дал келбестен таанылышы керек [142].

2000-жылы Болондук процесстин алкагында 150дөн ашык жогорку окуу жайы катышкан «Тюнинг» долбоору ишке ашырылган. Бул долбоордун максаты билим берүү программаларындагы шайкештиктин пункттарын аныктоо. Башында окутуунун мазмуну төмөнкү сабактар боюнча изилденген: бизнес башкаруу, химия, педагогикалык илимдер, европалык изилдөө, геология, тарых, математика, физика. Долбоордун негизги принциби катары билим берүүнүн мазмунунун ачыктыгын камсыз кылуу жана Болондук процесске катышуучу мамлекеттеринин ортосундагы өз ара түшүнүшүүгө жетишүү болуп, муну менен катар бүтүрүүчүлөрдүн инварианттык жана атайын компетенттүүлүгүнүн жана

башка аныкталган сабактар боюнча окутуунун жыйынтыктарынын дал келүүсү макулдашылган жана бекитилген.

2001-жылкы Париж конференциясында бүткүл өмүр бою үзгүлтүксүз жогорку билим алуу (англ. life long learning) принциби киргизилген. Ушуга байланыштуу Болондук процесстин ар бир окутуу деңгээлинде мындан аркы кесиптик компетенцияны өстүрүү жөндөмдүүлүгүн калыптандырууга жана буга чейинки билим өлчөмүндө кароого өзгөчө маани берилген. Бул өлчөм жеке инсандын кызыкчылыгына жана муктаждыгына ылайык жеке билим берүү траекториясын түзүүгө алып келген. Болондук процесстин катышуучуларынын аракети жогорку окуу жайынын студентинин билим алуудагы тандап алган жолун алмаштыруудагы же коррекциялоодогу келечегин эске алуу менен түшүндүрүлөт. Бул аталган принципти ишке ашыруудагы максат бир гана билим берүү мекемелеринде жүргүзүлүүчү расмий билим берүүнү таануу болбостон, ар түрдүү курстардан, расмий эмес билим берүүдөн, эмгек ишкердүүлүгүнүн жыйынтыгында, турмуш-тиричиликтен, практикадан ала турган билимди да таануу болуп саналат [164].

Жогорку билим берүүнүн европалык мейкиндигинин негизги максаты жогорку окуу жайынын ички көзөмөлүн өнүктүрүүнү шарттаган, жогорку окуу жайынын студенттеринин жана иш берүүчүлөрүнүн ишкердүүлүгүн сырткы баалоого (чет элдик эксперттерге катышуу) алып чыккан, билим берүү мекемелерин жана жогорку окуу жайынын билим берүү программаларын европалык сапатты камсыздоо системасынын талаптарына ылайыктап сапаттуу билим берүү болуп эсептелет. Сапатты камсыздоо системасы өз ичине бааны (жогорку окуу жайынын ишмердүүлүгүн баалоо), аккредитацияны, сапат менеджментин, демейки стандарттарды бекитүүнү камтып турат. Болондук процесстин алкагында билим берүүнүн сапатына сырткы баа берүү менен билим берүүнүн сапатына болгон жалпы талапты жана жалпы методологияны бекитүү боюнча агенттиктерди уюштуруу, алардын иш алып баруусу жаатында чоң иштер жүрүүдө. Болондук процесстин катышуучу мамлекеттеринин билим берүү министрлери жогорку билим берүүдөгү лидерлик үчүн жана мыкты

студент үчүн болгон күрөштө билимдин сапаты жогорку роль ойной тургандыгын моюндарына алышканы белгилүү. Билим берүүнүн сапатына болгон көзөмөл билим берүү программаларынын бирдей критерийлердин, кесиптик жана академиялык стандарттардын негизиндеги бирдиктүү ачык аккредитация системасы аркылуу көзөмөлгө алынуу менен кепилдикке алынышы мүмкүн. Болондук процесстин алкагында бир гана мамлекеттик органдардын, коомдук жана кесиптик мекемелердин гана эмес, ошондой эле эл аралык уюмдардын окуу жайынын же билим берүү программасынын статусу, мыйзамдуулугу жана укуктук негизи жөнүндө чечим кабыл алуу мүмкүнчүлүгү келип чыгат. Болондук процесс боюнча, Байкоочу топтун бир мүчөсү болуп Жогорку билим берүүнү сапаттык жактан камсыздоо боюнча Европа ассоциациясы (англ. European Association for Quality Assurance in Higher Education, ENQA) эсептелинип, ал «Жогорку билим берүүнү сапаттык жактан камсыздоо боюнча стандарттарды жана сунуштарды» иштеп чыккан. Бул стандарт билим берүүнүн сапатын камсыздоонун ички системасын уюштуруу жобосун, билим берүүнүн сапатын камсыздоого сырткы баа берүүнү уюштуруу жобосун жана билим берүүнүн сапатына сырткы баа берүүчү агенттиктердин иши тууралуу жобону камтып турат.

Бергенде (2005-жылы) Болондук процесске катышуучу мамлекеттер Билим берүүнүн сапатын камсыздоо боюнча уюмдардын Европалык регистрин түзүү долбоорун колдошкон. ЮНЕСКО тарабынан аныкталгандай, аккредитациялоо органдары «мамлекеттик (эмес), улуттук же чөлкөмдүк деңгээлдеги жеке бирикмелер, жогорку окуу жайларына баалоо үчүн стандарттарды жана критерийлерди иштеп чыгышат. Баалоодо ошол жогорку окуу жайынын ишмердүүлүгү негизги критерийлерге жооп береби деп иликтенет. Ассоциация баа бере турган жогорку окуу жайына ылайык келе турган расмий статусту ыйгара турган укукка ээ, ал эми кээде жогорку окуу жайынын өтүнмө арызын жана тиешелүү билим берүү мекемесин ийгиликтүү текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча конкреттүү жогорку окуу жайынын же программанын кесиптик ишмердүүлүгүнө лицензия берет» [164].

Болондук процесстин алкагындагы анын катышуучулары үчүн маанилүү тапшырма көп маданияттуу билим берүү теориясына негизделген «европалык өлчөм» багытын ишке ашыруу болуп саналат. Студенттерге билим берүү даражасын алууга укук бере турган европа аймагындагы мамлекеттердин эмгек рыногунда таанылган кайсы гана университет болбосун адамды дүйнөлүк маданияттын баалуулуктар жана идеалдар контекстинде, толеранттуулукка, улуттар аралык алака-мамилеге жана өз ара диалог маданиятына тарбиялоону максат кылат. Болондук процесске катышуучу мамлекеттер азыркы учурдагы заманбап билим берүү эл аралык болушу керек экендигин түшүндүрүшөт. Акыркы учурларда Европадагы университеттик билим берүү маданий билим берүүнүн белгилерин өз ичине камтып турат. Мында кубулушка жана фактыга ар түрдүү маданият жана башка социалдык-экономикалык формациялар позициясында туруп баа берүү жөндөмдүүлүгүн өстүрүүгө маани берилет [12].

Болондук процесс өз максатына жетүү үчүн студенттердин мобилдүүлүгүнө, студенттердин чет тилдерин, европа тилдерин (минимум эки чет тилин) үйрөнүүсүнө, аралыктан окутууну өнүктүрүүгө, студенттердин жана изилдөөчүлөрдүн университеттин ресурстарына электрондук кирүү мүмкүнчүлүгүн ачууга, университеттин окуу планына европа өлкөлөрүнүн укугун, маданиятын, тарыхын ж.б. үйрөтө турган «европалык предметтерди» киргизүүгө артыкчылык берет. Бул илимий тармактын мааниси маданий билим берүү контексти менен Европадагы демократияны бекемдөөдө жана жаш муундарга маданий билим берүүдө жана европа өлкөлөрүнүн улуттук өзгөчөлүгүн кеңири жайылтууда көрүнөт.

Студенттердин жана университеттин кызматкерлеринин мобилдүүлүгүн жогорулатууну «Эразмус» программасы ишке ашырат. 1995-жылы «Эразмус» программасы билим берүү тармагындагы ЕКнин башка программалары менен бирдикте өз ичине «Комениус» – башталгыч жана орто билим берүү чөйрөсүндөгү эл аралык кызматташтык программасын, «Грюндтвиг» – чоңдорго билим берүү программасын, «Лингву» – чет тилдерин жайылтууга арналган программа, «Минерву» – билим берүү чөйрөсүндөгү аралыктан билим берүүгө

ачык кирүү мүмкүнчүлүгү бар программа сыяктуу программаларды камтыган «Сократес» комплекстик программасына киргизилген. Бул программалардын максаты Европада жогорку сапаттагы билим берүү процессин өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүү жана ачык европалык билим берүү мейкиндигин түзүү, университеттеги кабыл алуучу тарап катары жана университеттердин өз ара кызматташтыгында улуттар аралык карым-катыштагы тажрыйбага ээ квалификациялуу адистерди даярдоо аркылуу «европалык өлчөмдү» күчөтүү болуп саналат. Программалар студенттердин чет өлкөлүк университеттерде болгон мезгилиндеги чыгымдарын жабууну өз мойнуна алып, аларга стипендия берет.

Болондук процесстин принциптери болгон билим берүү программаларынын ачык-айкындуулугу, билим берүүнүн сапаты, даражанын берилиши, мобилдүүлүк – мунун баары биргелешкен диплом алууга (биргелешкен даража) шарт түзөт. Чет өлкөдөгү жогорку окуу жайынан билим алууну колдоо Европанын маданий жана тилдик көп түрдүүлүгүн үйрөнүүгө жол ачат. Экинчи жагы, студенттердин же бүтүрүүчүлөрдүн мобилдүүлүгүн кеңейтүү өз алдынча мамлекеттердин адистерге муктаждык суроо-талабынын жоголуш коркунучуна алып келиши мүмкүн. Квалификациянын европалык эмгек рыногунда таанылышы менен ыңгайлуу эмгек шарты, эмгекке болгон жогорку төлөм жана жашоо тажрыйбасы эмгек миграциясына негиз түзүп калышы мүмкүн.

Жогорку билим берүүнүн бүгүнкү күндөгүдөй бирдиктүү мейкиндигинин ийгилигинин ачкычы болгон маданий билим берүү мейкиндигин глобалдуу тенденциянын (жалпы европалык) ар бир билим берүү системасында ар бир өлкөнүн (улуттун) педагогикалык салттарына таянуу аркылуу ар түрдүүлүктү сактоо менен калыптандыруу болуп саналат, ошондуктан Болондук процесстин европалык өлчөмүнө жетишерлик көңүл буруу зарыл. Бул контекстте негизги сын пикир окутуунун маданий негизге багытталгандыгынын чектелгендигине б.а. жалпы европалык гана баалуулуктар эске алынып, ал эми жалпы дүйнөлүккө көңүл бурулбагандыгына карата айтылат.

Болондук процесстин алкагындагы реформа бир катар олуттуу айырмаларды оңдоп-түздөөгө багытталган жана ар түрдүү өлкөлөрдүн университеттерин уюштуруудагы ушундай жалпы принциптерди кабыл алуу студенттердин, окутуучулардын жана изилдөөчүлөрдүн Европанын университеттери боюнча эркин которулушуна жана дипломдорду, ошондой эле окутуудагы аралыктагы чектик жыйынтыктарды өз ара таанууга жол ачат. Муну менен катар жалпы негиз жана студенттин, окумуштуулардын жана адистердин мобилдүүлүгүнө кепилдик түзүү максатынын натыйжасында европалык эмгек рыногу жогорку билимдүү, эл аралык тажрыйбага ээ жогорку квалификациялуу изилдөөчүлөр жана адистерге бай экендиги белгилүү. Ошондуктан, Болондук процесс Европа мамлекеттериндеги жана ошондой эле университеттердин автономиясындагы «маданий федерализм» максатын колдоону улантат.

Болондук процесстин көп аспектүүлүгү улуттук жана жогорку окуу жайынын деңгээлиндеги анализдөө методологиясынын процедурасын татаалдантат. Жогорку билим берүүнүн улуттук системасында Болондук процесстин ишке ашырылыш даражасын Байкоочу топ төмөндөгүдөй он негизги көрсөткүч менен баалаган: эки деңгээлдеги системанын киргизилиши, жогорку билим берүүнүн кийинки деңгээлинин жеткиликтүүлүгү, бакалавриат-магистратура-докторантура, квалификациянын улуттук алкакта (түзүлүштө) ишке ашырылышы, билим берүүнүн сапатын камсыздоодо сырткы баалоонун өнүгүшү, билим берүүнүн сапатын камсыздоого студенттердин катышуусу, билим берүүнүн сапатын камсыздоодо эл аралык мамилелер, дипломго европалык тиркеменин киргизилиши, таануу тууралуу Лиссабон Конвенциясынын принциптеринин аткарылышы, өтүмдүк бирдик Европалык системасынын калыптанышы, алдын ала окутуунун таанылышы [86].

**Эки деңгээлдүү системанын киргизилиши.** 2011-жылдын 23-августунда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн № 496 «Кыргыз Республикасында жогорку кесиптик билим берүүнүн эки деңгээлдүү түзүмүн белгилөө жөнүндө» токтому жарыяланган. Мында жогорку кесиптик билим берүүнүн үчүнчү мууну бакалаврды, магистрди жана дипломдуу адистерди компетенттүүлүк негизинде

даярдоонун Мамлекеттик билим берүү стандартынын макети иштелип чыккан. Ошону менен катар, жогорку кесиптик билим берүүчү багыттардын жана адистиктердин мамлекеттик классификатору да кайрадан иштелип чыкты.

**Жогорку билим берүүнүн кийинки деңгээлинин жеткиликтүүлүгү.**

Кыргызстанда жогорку билим берүүнүн кийинки деңгээлинин жеткиликтүүлүгү Кыргыз Республикасын 2003-жылдын 30-апрелиндеги № 92 «Билим берүү жөнүндө» мыйзамы менен камсыздалган. Бул көрсөткүчкө ылайык, Кыргыз Республикасы Болондук процесс боюнча байкоочу топтун анализдөөсүнүн жыйынтыгында эң жогорку сандагы баллды алгандыгы белгилүү. Аталган маселедеги татаалдык жогоруда келтирилген мыйзамда экинчи жогорку билим катары көрсөтүлгөн адистештирүүнүн негизинде магистратура программаларына кирүү мүмкүнчүлүгү түзүлөт [14]. Бакалавриат–магистратура–докторантура. Аспирантураны даярдоонун үчүнчү мууну катары кароо 2011-жылдын 23-августундагы «Кыргыз Республикасынын билим берүүсү жөнүндө» Мамлекеттик мыйзамында бекитилген. Мында бул деңгээл жогорку квалификациялуу кадрларды даярдоо катарында квалификацияланган.

**Квалификациянын улуттук алкагы.** Кыргыз Республикасынын квалификациясынын улуттук алкагы – Кыргызстандагы улуттук деңгээлде жетишкендиктер траекториясы таанылган эмгек чөйрөсү менен жалпыланган билим берүү тармагынын квалификациялык деңгээлинин салыштырмалуу курамы. Кыргыз Республикасында улуттук квалификациялык алкагы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги менен Кыргыз Республикасынын Эмгек, жаштар жана миграция министрлигинин ортосундагы кызматташтык жөнүндө макулдашуунун негизинде иштелип чыккан.

Муну иштеп чыгууда квалификациянын Европа алкагында калыптануу тажрыйбасы, ошондой эле Болондук жана Копенгаген процесстеринин катышуучу өлкөлөрүнүн улуттук алкагы эске алынган. Квалификациянын улуттук алкагы өз мезгилинде квалификациянын, кесиптик жана билим берүү старндарттарынын, билим берүүнүн жана сертификациянын натыйжасын баалоо системасынын тармактык алкагына кирген Кыргыз Республикасынын Улуттук

квалификациялык системасынын түзүүчү бөлүгү жана негизги иштелмеси болуп саналат. Бүгүнкү күндөгү кесиптик билим берүү стандарттарын иштеп чыгуудагы негизги кыйынчылыктар дал келбестиктер жана туура келбестиктер иш аракеттерин түзөт. Жогорку билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты квалификациялардын жана кесиптик стандарттардын тармактык алкагын кабыл алганга чейин эле кабыл алынган. Билим берүү жана илим министрлигинин жана Эмгек, миграция жана жаштар министрлигинин иши азыркы учурда улануда.

**Билим берүүнүн сапатын камсыздоого тышкы баа берүүнү өнүктүрүү**. Кыргызстандагы жогорку билим берүүчү окуу жайлары мамлекеттик аккредитация жана билим берүү программаларын лицензиялоо процедураларынан өтөт. Кыргыз Республикасында 2017-жылдан баштап Жогорку билим берүүдөгү сапатты көзөмөлдөөчү Европалык Ассоциациянын (ENQA – European Association for Quality Assurance in Higher Education) мүчөсү болгон Аккредитация жана рейтинг көз карандысыз агенттиги түзүлгөн. Бул аталган агенттик мамлекеттик болгондуктан, билим берүү сапатына сырткы баа берүүнү бүтүндөй системага эмес, ошол билим берүү мекемесине карата салыштырмалуу гана белгилей алабыз. Жумуш берүүчүлөрдү билим берүүнүн сапатын баалоого тартуу да ошол жумуш берүүчүлөрдүн өкүлдөрүн студенттердин бүтүрүү квалификациялык сынагына – бүтүрүү жана квалификациялык иштерин коргоосуна, ошондой эле мамлекеттик экзамендерди тапшыруусуна чакырып катыштыруу аркылуу жүргүзүлөт. Азыркы учурда дагы деле болсо тышкы (чет өлкөлүк) эксперттерди чакыруу практикалана элек, эгер андай боло турган болсо андагы ишмердүүлүк жана баалоо билим берүүнүн сапатына болгон жалпы баанын алда канча ачык-айкын жана объективдүү болушуна негиз болмок.

**Студенттердин билим берүүнүн сапатын камсыздоого катышуусу.** Бүгүнкү күндө ата мекендик жогорку мектептерде студенттик жигердүүлүктүн өсүшү байкалууда. Бул студенттик бирикмелерди, кеңештерди, альянстарды түзүү, түзүлүшүнөн билим берүү мекемесинин ишмердүүлүгүндөгү жана башка

формадагы маанилүү маселелерди талкуулоого студенттердин өкүлчүлүгүнүн катышуусунан көрүнөт. Аккредитациянын талаптарынын бири студенттер арасында анкета жүргүзүү болуп саналат. Ошентсе да, билим берүүнүн сапатын камсыздоодо студенттердин ролу дагы эле болсо анча мааниге ээ эмес. Буга учурда студенттердин өздөрүнүн кызыкчылыгынын төмөндөгү сыяктуу түрдүү себептерди актануу катары көрсөтүүгө болот.

**Билим берүү сапатын камсыздоого карата эл аралык мамилелер**. Кыраккредагенттик сапатты камсыздоо боюнча чет өлкөлүк ассоциациялардын мүчөсү болгондугуна карабастан, Кыргызстандагы билим берүү мекемелерин эл аралык (чет элдик) аккредитациялык агенттиктердин аккредитациялоосу дагы эле өзгөчө жагдай эмес, анткени орусиялык жогорку билим берүүнү четке кагуу тобокелчилиги жогорулайт. Бул тармактагы дагы бир кыйынчылыктын бири катары агенттиктин бүтүн билим берүү мекемеси катары эмес, өзүнчө билим берүү программасы катары аккредитациясы болуп саналат.

**Дипломго европалык тиркеменин киргизилиши.** 2012-жылдын 29-майындагы № 346 [148] Билим берүү жана илим министрлигинин маалымат катына ылайык Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын дипломуна жалпы европалык тиркеме берүүгө уруксат берилген. Учурда мындай тиркемелердин берилиши басымдуу билим берүү мекемелеринде акы төлөнүүчү кызматка кирип, бүтүрүүчүнүн арызы аркасында гана берилет. Бул тиркеменин популярдуулугу жогорку окуу жайына жараша айырмаланат. Ошого ылайык жалпы европалык тиркеменин берилиш тенденциялары да ар түрдүү. Бүтүрүүчүлөр бул сөз болуп жаткан кызматты алган билиминин ачык-айкындыгы үчүн жана жогорку билим тууралуу дипломунун негизинде чет мамлекеттик жогорку окуу жайында окуусун улантууда же чет элдик жумуш берүүчүгө жумушка орношууда жогорку билим тууралуу кыргыз дипломун таануу процедурасын жеңилдетүү максатында колдоно алышат. Дипломго тиркеме Болондук процесстин негизги инструменттеринин бири болуп саналгандыктан, ал бардык бүтүрүүчүлөргө милдеттүү түрдө берилиши керек.

**Таануу туурасында Лиссабон Конвенциясынын принциптеринин аткарылышы.** Лиссабон Конвенциясынын таануу принциптеринин Кыргыз Республикасында ишке ашырылышы Болондук процесс боюнча Байкоочулар тобу тарабынан жогорку баага татыганы белгиленген. Иштин чыныгы абалынан алып караганда билим берүү жөнүндө документтерди кабарлоо бир кыйла татаал, анткени дипломду таануу процесси жогорку билим берүүнүн бардык үч деңгээлинде тең жетишерлик узак мезгилди кучагына алат жана таануу механизмдери дайыма эле ачык-айкын боло бербейт.

**Европалык өтүмдүк бирдик системасын киргизүү.** Азыркы учурда Кыргызстандагы жогорку билим берүүгө Европалык өтүмдүк бирдик системасы негизиндеги кредиттик бирдик системасы киргизилген. Бул өз кезегинде Болондук процесстин негизги жоболорунун бирин аткарууну билдирет.

**Алдын ала окутууну таануу.** Бирдиктүү мамлекеттик сынакты киргизүүнүн жыйынтыгында Кыргызстанда расмий билим берүүгө болгон баа ишке ашырылууда. Бирок, расмий жана расмий эмес билим берүүнүн институционалдык жана технологиялык деңгээлде таануу механизмдери жок. Ошондуктан, Болондук процесстин теориялык методологиялык базасы европалык жогорку билим берүүнү өнүктүрүүнүн концепциясын ачып берет, анын милдеттери жана принциптери жогорку билим берүүдөгү Болондук процесстин катышуучу мамлекеттери тарабынан жана университеттердин эл аралык кызматташтыгынын принцибинде жүргүзүлгөн негизги реформа болуп саналат. Болондук процесстин концепциясы жалпы структуралык-уюштуруучулук принциптердин негизинде жана университеттердин эл аралык кызматташтыгын күчөтүү негизинде европа өлкөлөрүнүн жогорку билим берүү системасынын интеграциясын негиздейт. Муну менен бирге, бирдиктүү билим берүү мейкиндигин түзүүдө ар бир мамлекеттин салттык билим берүүсүн да сактап калууну карашат.

Болондук процесстин жоболорун Европа өлкөлөрүнүн жогорку билим берүүсүнүн улуттук системасында ишке ашыруу билим берүүнүн Европалык мейкиндигинин калыптанышына шарт түздү. Бул мейкиндиктин

функцияларынын милдеттүү түрдө иш жүзүнө ашырылыш механизмдери катышуучу өлкөлөр тарабынан толук сакталышы керек. Кыргызстандын жогорку мектептеринин ишиндеги актуалдуу жетишкендиктер менен катар эле, Кыргызстандын жогорку билим берүүсүнүн Европалык системага расмий кириши дагы бир катар проблемаларды жаратканын көрсөттү. Аны чечүү Кыргызстандын жалпы принциптердин негизинде иш алып барган жана өзүнүн жеке педагогикалык салттары менен мүнөздөлгөн жогорку билим берүүнүн Европалык мейкиндигинин толук ыйгарым укуктуу катышуучусу статусун жеңип алуусуна жол ачат.

## 1-глава боюнча корутунду

Бул главада аткарылган иштерге төмөнкүдөй жыйынтык чыгарууга болот:

1) Заманбап жана ошондой эле доордун талабына шайкеш келген билим парадигмалар, заман талабына жооп бере ала турган билимдин мазмуну кандай болушу керек жана ага байланыштуу жаңы тармактар аталган өзгөрүүлөрдөн келечектеги билим берүү тармагында алына турган натыйжалар, алардын коомго жана жеке инсанга карата таасирдүүлүгү, билим берүү тармагында көз жаздымында калбай турган маселелерден экендиги талашсыз.

Кыргызстанда деле «парадигма» ушул түшүнүктөрдүн алкагында турат, учурда билим берүү тармагындагы өзгөрүүлөр: 1) ааламдашуу процессиндеги адамдын социалдык кызыкчылыктарын канааттандыруу, 2) таанып-билүүсүн жана жүрүм-турумун дүйнөлүк социалдык өзгөрүүлөргө ыңгайлаштыруу, 3) инсандык сапаттарды калыптандырууда коомдук-социалдык жаңылануулар менен илимдеги жетишкендиктерди интеграциялоо, 4) адамзат түзгөн баалуулуктарды өз боюна сиңирген инсандык феноменге жетүү натыйжасы, катары көрүнгөн. Кыргызстандын билим берүүсү жалпы европалык Болондук процесстин негизинде келип чыккан өзгөрүүнү, билим берүүнүн сапатын

камсыздоо проблемасынын чечилиш зарылдыгын, социологиялык парадигмалардын – илимий педагогикалык коомчулук тарабынан кабыл алынышын, андагы башкы баалуулук катары инсан, анын нравалык позициясы, маданияты, кесиптик компетенттүүлүгү эсептелген методологиялык эрежелердин алмашуусун баштан кечирип жатат. Болондук процесстин алкагында кыргыз билим берүүсү өзүнүн өнүгүү системасын жакшыртышы керек. Мындагы башкы шарттардын бири анын коом үчүн ачык-айкындыгы жана коомго түшүнүктүүлүгү болуп саналат.

2) Жогорку билим берүүнүн методологиясын карасак, окутуунун ар бир даражасы (бакалавриат, магистратура, аспирантура) студенттерди эмгек рыногуна чыгууга даярдоону, компетенциясынын андан ары өнүгүшүн камсыздайт. Окутуунун биринчи даражасы кесиптик ишмердүүлүктүн кеңири чөйрөсүнө даярдоого басым жасайт, экинчи даражада конкреттүү бир кесипке багытталган даярдоо ишке ашырылат. Ушуга байланыштуу биринчи даражанын адистешүүгө укуктуу, мурунку билим берүүгө таянып туруп, кечирээк берген поливаленттүүлүгү туурасында айтылып келген.

Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын эл аралык билим берүү мейкиндигине кирүүнүн милдеттүү шарты болуп билимдин талап кылынган сапатына жооп бериши керек. Буга байланыштуу жогорку билим берүүнүн заманбап системасындагы интеграциялык процесстерди изилдөөнүн жаңы илимий-теоретикалык жолдорун аныктоо муктаждыгы пайда болот, ал жерде алар кадрларды даярдоо сапатын көтөрүүдөгү негизги факторлору болуп каралган.

Баамдай кетсек, жогорку окуу жайлар кайра куруунун кыйын шарттарында өздөрүн сактап калууну гана көздөбөстөн, билим берүүнүн сапатын көтөрүүгө да аракет жасашат. Интеграция сыяктуу эле башталган университеттер жогорку окуу жайлардын бардык жолдор менен билим берүүнүн сапатын көтөрүүгө умтулганын далилдейт.

3) Европа мамлекеттеринин методологиясы Кыргызстандын жогорку окуу жайларында толук иштей баштаса, студенттер үчүн оң таасирин тийгизет.

Болондук процесс өз максатына жетүү үчүн студенттердин мобилдүүлүгүнө, студенттердин чет тилдерин, европа тилдерин (кеминде эки чет тилин) үйрөнүүсүнө, аралыктан окутууну өнүктүрүүгө, студенттердин жана изилдөөчүлөрдүн университеттин ресурстарына электрондук кирүү мүмкүнчүлүгүн ачууга, университеттин окуу планына европа өлкөлөрүнүн укугун, маданиятын, тарыхын ж.б. үйрөтө турган «европалык предметтерди» киргизүүгө артыкчылык берет. Бул илимий тармактын мааниси маданий билим берүү контексти менен Европадагы демократияны бекемдөөгө, жаш муундарга маданий билим берүүгө жана европа өлкөлөрүнүн улуттук өзгөчөлүгүн кеңири жайылтууга шарт түзүлгөн.

## II ГЛАВА. ЗАМАНБАП ШАРТТЫНДА КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮНҮН МЕТОДОЛОГИЯСЫ

### 2.1 Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын Болондук процесске өтүшү жана ишке ашырылышынын методологиясы

Ааламдашуу шарттарында билим берүүнүн модернизациялоо – биздин Республикабыздын алдында турган талкуулоочу көйгөйлөрдүн бири. Билим берүүнүн өнүгүүсүнүн стратегиялык багыттары жана мамлекеттик билим берүү саясаты, билим берүүдөгү улуттук фактор жана башка көйгөйлөр алардын ичинде Болонья декларациясын ишке ашыруу менен байланышкан көйгөйлөр бар.

Азыркы реалдуулуктун шарттарында Кыргызстан дүйнөлүк интеграциядан тышкары кала албайт. Кайсы тарабынан алып карасак да, интеграциялануу, глобалдашуу процесси өлкөбүздүн ички жашоосуна аралашуусу улам артылып күчөөдө. Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүүсүндө өзөктүк концпция катары Болондук процесстин кабыл алынышы коомдук-социалдык жашообузда жаңы шарт-талаптардын келип чыгышын айкындап отурат. Кыргызстандын элге билим берүү, илим жаатында бизден кыйла алдыда бараткан өлкөлөр менен жакындан кызматташуусу, жаштарыбыздын ал өнүккөн өлкөлөргө барып билимдерин улантышып, иштеп кетүүлөрүнө өбөлгөлөрдү түзүү, билимин өкүндөтүп, иш практикасынан өтүшкөн соң, компетенттүү адис катары калыптанган уул-кыздарыбыздын кайрадан Кыргызстанга кайтып келип, өз кесиптери боюнча эмгектенүүлөрү сыяктуу жагдайлар Кыргызстандагы жогорку кесиптик билим берүүнүн өнүккөн өлкөлөрдүн билим берүүсү менен ар тараптуу инрегpацияланууcун шарттап отурат. Бул жагдай Кыргыз Республикасындагы жарандардын билим деңгээлинин ошол өнүккөн өлкөлөрдүн талаптарынын деңгээлдеринде болушун милдеттендирет. Ошону менен катар, жогорку кесиптик билим берүүбүздүн мындай эки баскычтуу өзгөчөлүү макетке өткөрүлүшү кыйла прогрессивдүү, жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачып берди. Бул ушул келечектүү макеттин негизинде Кыргызстанда жогорку кесиптик билим

берүүнүн классификатору аныкталып, андагы тийиштүү талаптарга ылайык стандарттар иштелип чыкты, бирок муну менен эле окутуу процессин алгылыктуу уюштуруу иштери өз деңгээлинде дароо чечиле койгон жок. Анын колдонууга киргизилиши жогорку кесиптик билим берүүбүздө улам бир проблемаларды жаратып, анан ошол эле маалда ал проблемаларды өз убагы менен чечмелөө талабы алдыга коюлуп отурат.

Кыргызстандын билим берүү системасында азыркы этапта олуттуу системалык өзгөрүүлөр болуп жатат. Укуктук мамлекетте кандай гана өзгөрүүлөр болбосун системалык өнүккөн нормативдик-укуктук базага ээ болушу керек. Жогорку кесиптик билим берүү жана башка билим берүү тармагына караштуу болгон мамилелерге карата болгон нормативдик-укуктук жөнгө салууларга болгон ар тараптуу талаптар бир нече себептер менен шартталат.

Биринчиден, мыйзам чыгаруу нормалары ар бир адамдын билим алууга конституциялык укугун ишке ашыруунун юридикалык ишенимдүү кепилдиги болушу керек. Экинчиден, билим берүү мыйзамдарынын нормасын коомдук мамилелердин өзгөчө түрү, билим берүү системасынын ар түрдүү деңгээлиндеги окутуу жана окуучуларды тарбиялоо процессинде жана билим берүү мекемелеринде (педагогдор) ишке ашуучу билим берүү мамилелерин жөнгө салат. Үчүнчүдөн, бүгүнкү күндө билим берүү экономиканын эбегейсиз чоң тармагы муктаж болгон мүлк комплекси, бир жагында билим берүү тармагындагы жарандык жана эмгек мамилелерин жөнгө салууда келип чыккан керектөөлөр турса, ал эми экинчи жагынан сапаттуу билим берүүнү ансыз элестетүүгө мүмкүн болбогон алгылыктуу жана туруктуу каржылоо муктаждыктары кирет.

Бирок, негизги себеп азыркы учурда билим берүү мамилелерин укуктук жөнгө салууга мамлекеттин өзгөчө көңүл буруусун талап кылган Кыргыз Республикасынын башка ири масштабдагы кайра курулуулары менен кошо бир учурда иш жүзүнө ашырылуучу билим берүү реформасы болуп саналат.

Кыргызстанда учурда билим берүү мамилелерин укуктук жөнгө салууга өзгөчө көңүл бурулуп жатат, бул кокустук эмес, мыйзам ченемдүү көрүнүш, анткени муну Кыргыз Республикасында башка масштабдуу системалык өзгөрүүлөр менен бир мезгилде башталган билим берүү реформасы талап кылат.

Кыргыз Республикасында жогорку кесиптик билим берүүнү реформалоо процессинин негизги катализатору катары билим берүү тармагындагы эл аралык укуктук документ болуп 1999-жылдын 19-июнунда европа мамлекеттеринин билим берүү министрлери кол койгон *«Жогорку билим берүүнүн жалпы европалык мейкиндигин түзүү жөнүндөгү» Декларациясы (Болонья декларациясы)* эсептелинет.

Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамы билим берүү тармагындагы мамлекеттик саясаттын принциптерин жана жарандардын билим берүү тармагындагы укугуна карата мамлекеттик кепилдиктерди бекемдейт, билим берүү системасынын түзүмүн жана анын негизги элементтерин аныктайт, билим берүүгө, билим берүү процессин уюштурууга, билим берүү мекемелерине жарандарды кабыл алууга, билим берүү системасын башкаруунун жана аны каржылоонун жалпы принциптерине болгон талапты бекитет, билим берүү процессинин укуктук абалын жөнгө салат. Аталган мыйзам билим берүү тармагын жөнгө салуучу башка мыйзамдарга караганда артыкчылыкка ээ.

Мыйзамдагы нормативдик массив юридикалык күчкө ээ ар кандай актылар менен негизделет. Алар: КРнын Өкмөтүнүн токтому, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин (КР ББжИМ) буйруктары, КРнын ББжИМ коллегиясынын чечимдери. Дал ушул мыйзамдагы актылардын негизинде КРнын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-августундагы №496 токтому менен Кыргыз Республикасы жогорку кесиптик билим берүүнүн эки деңгээлдүү түзүмүн негизделип, биздин республикада кабыл алынган. Ал КМШнын Евразия аймагы боюнча коңшу мамлекеттер сыяктуу бизде да активдүү ишке ашырылып жатат.

Жогорку кесиптик билим берүүнүн эки деңгээлин түзүү зарылдыгы төмөнкү жагдайлар менен аныкталат: ааламдашуу жана маалыматтык

революция процессинде жогорку мектептерде билим берүүнүн салттуу максаты тездик менен эскирүүдө. Автоматташтыруунун жана коммуникациялык технологиянын кириши салттуу кесиптер идентификациясын жоготуусуна алып келүүдө, жогорку окуу жайынын бүтүрүүчүлөрүнүн компетенттүүлүгүнө болгон талаптар тездик менен өзгөрүүдө.

Ошондуктан, Кыргыз Республикасында кадрларды даярдоо түзүмүнө өзгөртүүнү киргизүү жана жогорку окуу жайларынын ишмердүүлүгүн дүйнөлүк билим берүү мейкиндигинин жалпыга таанылган принциптерине негиздеп уюштуруу зарылдыгы келип чыкты.

Кыргызстанда жогорку кесиптик билим берүүнүн эки деңгээлдүү түзүмүн киргизүү ата мекендик жана европалык билим берүү системасынын гармонизациясына багытталган Болондук процесстин негизги принциптерин иш жүзүнө ашырууга мүмкүндүк берет, азыркы билим берүү технологияларын өнүктүрүүнү жана жогорку мектептердеги билим берүү кызматтарынын сапатын жогорулатууну арттырат.

Эки деңгээлдүү система алда канча ийкемдүү, индивидуалдуу, (инсандык багыттагы) билим берүү программасын курууга шарт түзөт. «Бакалавр» академиялык даражасын алгандан кийин бүтүрүүчү жумуш таап же магистратурада, керек болбосо, кошумча кесиптик билим берүү структураларында улантууда өзүнүн билим траекториясын өзгөртө алат. Бул система окуучунун убактысын жана каржы ресурстарын натыйжалуу пайдаланууга мүмкүнчүлүк берет.

Төмөндөгүлөр Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 23-мартындагы «Кыргыз Республикасында билим берүү системасын өнүктүрүүнүн стратегиялык багыттары жөнүндөгү» № 201 токтомунда каралган:

- «2020-жылга чейин Кыргыз Республикасында билим берүүнүн концепциясы» [89];
- «Кыргыз Республикасында 2012–2020-жылдары билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясы» билим берүүбүздүн учур талаптарына ылайык жаңылануусуна, ошондой эле «Миң жылдыктын өнүгүшү» жана

«Бардыгына билим берүү» глобалдык программаларынын максаттарына жетүүгө багытталган;

- 2012–2020-жылдарга карата өлкөбүздө атайын орто жана жогорку кесиптик билим берүүнүн стратегиясын ишке ашыруунун адепки үч жылдыгы эсебинде «Кыргыз Республикасында 2012–2014-жылдары билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясын ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планы» кабыл алынган.

Бул мыйзамдагы нормативдик актылардын максаты-билим берүү системасында мындан ары ырааттуу реформаларды жүргүзүү менен, Кыргыз Республикасында анын ичинде жогорку кесиптик билим берүүнүн эки деңгээлдүү системасына өтүү менен анын туруктуу иштешин жана приоритеттүү өнүгүүсүн камсыздайт.

Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн 2012-2020-жылдардагы өнүгүү Стратегиясы кесиптик билим берүүдөгү мамлекеттин ролун кайра карап чыгууну талап кылат. Жогорку кесиптик билим берүүнүн кадыр-баркын жана сапатын жогорулатуу үчүн Стратегияда төмөнкүлөр сунушталат:

- иш берүүчүлөрдү стандарттын жаңы муунун иштеп чыгууда, бүтүрүүчүлөрдүн квалификациясына баа берүүдө активдүү катышууга тартуу, квалификацияны жана сертификацияны таануу борборун түзүү аркылуу ЖОЖдордо жогорку кесиптик билим берүү программасынын түзүмү жана эмгек рыногунун талаптарынын араларындагы ажырымды тездик менен жокко чыгаруу;
- башталгыч жана орто кесиптик билим берүү уюмдарында, анын ичинде биргелешкен долбоорлорду ишке ашыруу аркылуу бизнес менен кызматташуу аркылуу адам ресурстарынын сапатын жогорулатуу;
- учурда эмгек рыногу тарабынан бүтүрүүчүлөргө коюлуп жаткан талаптарга ылайык жогорку кесиптик билим берүү мекемелеринин материалдык-техникалык абалын оңдоо, турукташтыруу максатында болгон мүмкүнчүлүктөрдү жумшоо.

Стратегияда Кыргызстандагы көптөгөн жогорку окуу жайлары сапаттуу жогорку билим берүү талаптарына жооп бербейт деп белгиленген. Ошондой эле, жогорку окуу жайларында, киреше табуу максатында келишимдик топтордун санын көбөйтүп жатышат, жыйынтыгында эмгек рыногунун талап кылынбаган адистер менен толуп кетишине алып келет. Жогорку окуу жайлардын инфраструктурасынын деңгээли сапаттуу жогорку билим алууга жооп бербейт, профессордук-окутуучулук курамдын өтө төмөнкү кесиптик деңгээли белгиленет.

Дагы бир курч проблема катары жогорку билим берүү системасындагы акыр-жыйынтыгында улуттук уюткуну бузуп жана такай турган, мамлекеттүүлүктөн ажыратып, элди бытырандылыкка алып келе турган коррупциянын масштабдуулугу эсептелет. Стратегия жогорку квалификациялуу кесипкөй кадрларды даярдоонун шарттарын так аныктайт:

- жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатына кепилдик системасын жандандыруу, анын ичинде жогорку окуу жайларын аккредитациялоо жана рейтингин түзүү аркылуу жакшыртуу;
- өлкөдө жогорку кесиптик билим берүү негизинде кадрларды даярдоо эмгек рыногунун талаптарынын ортосундагы айырмачылыкты түзүүдө; мындай көрүнүштөрдү жоюу, алардын санын азайтуу максатында өлкөнүн жогорку кесиптик билим берүүсүнүн артыкчылыктуу жактарын жана чөлкөмдөрдүн экономикалык стратегияларын жакындан өздөштүрүп, окутуу иштерин кошумчалап алып баруу;
- ЖОЖдордогу жогорку кесиптик билим берүүнү акча каражаттары менен камсыз кылуунун жол-жоболорун жакындан өздөштүрүү (бир студентке жумшала турган чыгымдардын эсебин алып, муну ЖОЖдогу бюджеттик негизде окуган студенттерге делинген акча каражаттарына базалык негиз катары алуу, студент адистигин алмаштырганында же башка адистикти тандаган учурда мамлекет тарабынан жумшалган чыгымдын ордун толтуруу механизмин иштеп, колдонууга киргизүү);

- абитуриенттерди тандап алуу механизмдерин жакшыртуу, окутуунун сапатына көзөмөлдүн жаңы формасын киргизүү, камкордук кеңештерин түзүү аркылуу коррупция менен үзгүлтүксүз күрөшүүнү жүргүзүү;
- мамлекет үчүн экономикалык жактан маанилүү болгон долбоорлорго студенттердин жана окутуучулардын катышуусун камтыган жогорку окуу жайындагы илимди, өзгөчө колдонмо илимдер жаатындагы илимдерди ТИ изилдөөнү өнүктүрүү.

ЖОЖдордо бакалаврларды жана магистрларды даярдоо Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамында 1993-жылдан тартып аныкталганын белгилей кетүү зарыл.

Ааламдашуудан улам келип чыккан объективдүү муктаждык жана андагы нормативдик-укуктук шарттар Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүүсүнүн ашыкча менен диверсификация жана дифференциация кылынуусуна жол берип отурат [1, Б. 132–133]. Учурда Кыргызстанда жогорку окуу жайлардын саны кыйла көбөйдү.

Эл аралык талаптар жана стандарттарга келтирүү максатында мамлекеттик-улуттук билим берүү системаларын трансформация кылуу актуалдуу болуп жатат. Бул үчүн кийинкилерди жасаш керек:

1) Болонья декларациясына ылайык билим берүү системаларын интеграция кылуу;
2) жогорку билим берүүнүн массалыгынын жана элиталуулугунун айкалышы (элиталык жогорку окуу жайлар болуусу керек);
3) жогорку окуу жайларда билим берүү жана изилдөө процесстеринин биримдигин бекемдөө;
4) жогорку окуу жайларда жарандык коомдун идеяларын ишке ашыруу, эркиндик, адилеттик, чыдамкайлык, мыйзамга баш ийүү ж.б. албетте, Кыргызстандын бардык элдерине таандык улуттук салт жана өзгөчөлүктөрдү сактап калуу керек [159].

Жогорудагы саналган мамлекеттик стандарттардын негизинде 2019-жылы социологиялык изилдөө жүргүзүлгөн сурамжылоодо эксперттер (100) менен респонденттер (400) төмөндөгүдөй жоопторду беришти.

*Жогорку окуу жайынын кызматкерлерине* алардын Кыргызстандагы эл аралык долбоорлорго канчалык деңгээлде катышкандыктарын билүү үчүн берилген «Европалык жогорку окуу жайларында кайсы бир эл аралык илимий-билим берүү долбоорлоруна катышкансызбы? (COMET, ERASMUS, LINGUA, TEMPUS)» - деген суроого, 49% жок, катышкан эмесмин, 34,7% ооба катышкам, 16,3% жок, мен бул нерсеге даяр эмесмин десе, *респонтенттер* 76% жок катышкан эмесмин, 12% жок, мен бул нерсеге даяр эмесмин, 12% ооба, катышкам деп жооп беришти. Сурамжылоодо көпчүлүк эл аралык долбоорлорго катышпагандын айтышкан.

**Диаграмма 1.**

**Студенттер менен европалык ЖОЖдордо кандайдыр бир эл аралык илимий – билим берүү долбоорлоруна катышкансызбы**




| | ЖОЖдо иштеген кызматкерлер | | Магистранттар | |
|---|---|---|---|---|
| Жок, катышкан эмесмин | 49 | | 76 | |
| Ооба, катышкам | 34,7 | | 12 | |
| Жок, мен бул нерсеге даяр эмесмин | 16,3 | | 12 | |

Жогорку кесиптик билим берүүнүн Мамлекеттик стандартынын экинчи мууну ар кандай шарттарда, көбүнчөсү ар кандай жолдор менен бакалаврды жана адисти даярдоо программалары катары иштелген эле, бул лицензияланган билим берүү программаларынын номенклатурасын ишке ашырып, жогорку окуу

жайларда окуу процессин уюштуруу технологияларын татаалданткан. Ошол эле учурда бакалаврларды даярдоо боюнча билим берүү стандарттары кеңири гуманитардык жана фундаменталдык негизде түзүлгөнү белгилүү. Жыйынтыгында ЖОЖдордогу бакалавриат жана магистратура багыттары бүтүрүүчүлөрдүн бир гана илимий-педагогикалык жана илимий-изилдөөчү ишке даярдалуусун түшүндүрүп калган.

Мына ушундан улам 2011-жылдын 23-августунда Кыргыз Республикасынын Өкмөтү «Кыргыз Республикасындагы жогорку кесиптик билим берүүнүн эки деңгээлдүү структурасын орнотуу жөнүндө» токтому даярдалып, компетенттүүлүк негизде жогорку кесиптик билим берүүнүн бакалаврларды, магистрлерди жана диплом алган адистерди даярдоо боюнча үчүнчү муундагы Мамлекеттик стандартынын макеттери иштелип, жогорку кесиптик билим берүүнүн багыттарынын жана адистиктеринин мамлекеттик Классификатору иштелип чыгып, колдонууга сунушталган.

Кыргызстанда жогорку кесиптик билим берүүнүн эки деңгээлдүү түзүмү орнотулган, ошондой эле жаңы муундагы Мамлекеттик стандарттын макеттерин иштеп чыгуу процесси башталган. Кээ бир стандарттар бүгүнкү күндүн талаптарына жооп бербейт жана кайра иштеп чыгууну талап кылат. Азыркы учурда Кыргызстанда жогорку окуу жайлары «Эки деңгээлдүү системага өтүү жогорку билимдин сапатын төмөндөтпөйбү? Көрүнүп тургандай, бакалаврдын деңгээли 5 жылдык адистер менен тең келбейт, себеби бир жылга аз?» деген суроо менен *эксперттерге* кайырылганда: 36% ооба, 38% жок, 26% мүмкүн, убактылуу төмөндөйт деп белгилешкен.

**Диаграмма 2.**

**Эки деңгээлдүү системага өтүү жогорку билимдин сапатын төмөндөтпөйбү**




Белгилей кетели, тарифтик-квалификациялык мүнөздөмөлөрүнүн жоктугуна, «бакалавр» даражасын эмгек рыногунда кабыл алуу жаатындагы кыйынчылыктарга карабай, республиканын жогорку окуу жайларында бакалаврларды даярдоо иштери өз нугу менен жүрүүдө.

Деңгээлдик жогорку кесиптик билим берүүнү (бакалавр-магистр) киргизүү жогорку билим берүү чөйрөсүнүн комплекстүү өзгөрүшүнүн маанилүү элементи болот. Бакалаврдык программаны, анын уландысы эсебиндеги магистратурада окутуу практикасына адистештирүүнү киргизүү азыркы эмгек рыногунун талаптарына көбүрөөк дал келет. Мындай окутуу системасы колдонуута ыңгайлуу жана коомдун керектөөлөрүнөн улам билим берүү программаларынын жана квалификацияны ыйгаруу түзүмдөрүнүн түзүлүүсү үчүн база болуп эсептелинет.

Көп деңгээлдүү жогорку кесиптик билим берүүнүн өлкөбүздүн жогорку билим берүү системасынан орун-очок алуусундагы кыйынчылыктарга, кездешкен айрым тоскоолдуктарга карабай, билим берүүнү заманбап реформалоонун артыкчылыктуу багыты, өзгү катары өз нугу менен жолун улоодо. Окутуунун көп деңгээлдүүлүгү студенттерге өздөрүнүн окуп билим алуу багыттарын, билим алуудагы муктаждыктарын жана рыноктук талаптарды эске алуу менен алдыга коюлган милдетти оперативдүү оңдоп-түзөөгө мүмкүнчүлүк берет. Мындай билим берүү ар бир тепкичке окуунун сапатын көтөрө алчу даяр

студенттерди тандоого жол берет. Ошону менен окуу процессине адистерди даярдоо сапатына жакшы таасир берген атаандашуу элементи кошулат, бул бир цикл бүткөндөн кийин экинчи циклге жакшы студенттерди тандоого мүмкүнчүлүк берет.

Азыркы учурда Кыргызстанда Болондук процессти интеграциялоо негизинде жогорку окуу жайларын эки деңгээлдүү системага өткөрүү процесси ишке ашырылып жатат. Болушунча ыкчамдык менен ECTS насыя системасы колдонууга киргизилет, студенттерге өзүнө керектүү окуу предметтерин тандап алуу эркиндиги берилет жана ушунда өздүк окуу планын түзүү мүмкүнчүлүгү, студенттердин мобилдүүлүгүнүн жогорулашы жана алардын билимин баалоонун модулдук-рейтингдик системасы колдонула турган болот. Канчалык деңгээлде Кыргызстандагы жогорку окуу жайларда Europe Credit Transfer System (ECTS) кабыл алынганын аныктоо үчүн *жогорку окуу жайлардын кызматкерлерине* төмөндөгүдөй суроо берилди. «Университетиңизде баллдык бааларды кредиттик бирдикке өткөрүү системасы түзүлгөнбү (ECTS)?»- деген суроого, 77,6% түзүлгөн жана иштейт, 14,3% түзүлгөн эмес, 6,1% түзүлгөн, бирок бир нече предметтерге гана тиешелүү, 2% түзүлгөн, бирок бир нече багыттарга гана тиешелүү деп билдиришкен.

**Диаграмма 3.**

**Окуу жайда академиялык баллдык бааларды кредиттик бирдикке өткөрүү системасы түзүлгөнбү (ECTS)**



*Респонденттерге* жогорку суроо менен кайрылганда 60% түзүлгөн жана иштейт, 14% түзүлгөн, бирок бир нече багыттарга гана тиешелүү, 12% жооп берүүдөн кыйналып турам, 8% түзүлгөн эмес, 6% түзүлгөн, бирок бир нече предметтерге гана тиешелүү экендигин билдиришкен.

**Диаграмма 4.**

**Окуу жайда академиялык баллдык бааларды кредиттик бирдикке өткөрүү системасы түзүлгөнбү (ECTS)**




Магистрдик даярдыктын дагы бир көйгөйү болуп багыт тандоо көйгөйү жана адистештирилген магистр билиминин маңызын конкреттештирүү болот, анткени буга чейин айтылгандай эле анын даярдыгы бакалаврды (4 жыл) даярдоо программасынан жана магистрди (2 жыл) даярдоонун адистештирилген программасынан көз каранды.

Бул проблеманы изилдеп-иликтеш үчүн бакалаврлар менен магистрлер үчүн делинген билим берүү программаларын, ошондой эле азыркы жогорку кесиптик билим берүүнүн Мамлекеттик стандартына кирген базалык окуу дисциплиналарын талдоого алдык.

Азыркы заманбап шарттарда ЖОЖдордун окутуучуларынын педагогдук эмгегинин сапаты, магистранттын окуу жыйынтыгы да, баалоо системасы да өзгөрүлөт. Магистрантты илимий-изилдөө адистери коммуникативдик талаасына кошуу, кесипкөйлөр тобунда көнүүгө жардам берүү маанилүү. Бул жерде интеллектуалдык коммуникациянын компоненттерин чыгаруу баалуу:

«тегерек столдогу» дискуссияларга катышуу, модератор катары өзүн сынап көрүү, конференцияларга катышуу, макалаларды талкуулоо ж.б. Бир гана ушундай окуу процессинин уюштуруу формалары жөн гана билимди көрсөтпөстөн, керектүү кесиптик компетенцияларды түзүүгө жол берет. Бул кадам билим берүүнүн маңызын өзгөртөт, аны заманбап жана суроо-талапка ээ кылат.

Жогорку билим берүүнү реформалоодогу мамлекеттик уюмдардын, кесиптик ассоциациялардын, иш берүүчүлөрдүн, коомдун кең катмарынын күчтөрүн бириктирген борборлору боло турган окуу-методикалык бирикмелердин өзгөрүүсү керек. Иш рыногунун муктаждыктарын изилдөөнүн негизинде кесиптик ассоциациялар жана негизги иш берүүчүлөр менен биргеликте түзүлгөн компетенцияларды анализдөө борборлору мааниге ээ болот.

Магистратурада убакыттын көп бөлүгү жеке илимий-изилдөөчү иштерге, консультацияларга, тексттерди талкуулоого ж.б бөлүнөт. Билим берүүнүн Болондук процессинин чегинде консультациянын статусу бир кыйла көтөрүлөт. Бул жөн гана экзамендер алдындагы консультация эмес, окутуучулар, чоң маселелер боюнча магистранттардын күчү менен консультациялоо: теманын кыйын суроолорун өздөштүрүүдөн баштап, макала жана диссертация жазууда консультация берүү.

Болондук процессте билим берүүнүн дагы бир маанилүү принциби – бул магистранттын өздүк ишинин маселеси, ар бир окутуучунун электрондук динамикалык курсту түзүүсү аркылуу чечилет, бул магистранттын сабагын кандай үйрөнгөндүгүн тактайт. Электрондук курстар иштеп башташы үчүн окутуучулар аларды иштеп чыгышы керек. Бул болсо, окутуучу сапаттуу электрондук курсту түзүш үчүн, аудиторияда өткөргөн убакыттан сырткары окуу-методикалык материалдарды иштеп чыгыш үчүн, дагы бир топ убакыт керек. Электрондук курс китепке окшош эмес, ал да окуу материалын камтыганы менен методикалык ойлонулган кесиптик маселелер болушу керек.

Магистратуранын окутуучусу өзүнүн кызматын көрсөтүүдө өзүнүн изилдөөчү компоненттери бар окутуучу электрондук курстарын көрсөтөт.

Магистратуранын окутуучусунун кесипкөйлүгүн баалоодо анын кандай макала жазып, кандай китеп чыгаргандыгында эмес (бирок бул да маанилүү) ал кошкон окуу-илимий сабактарын окуу-методикалык камсыздоонун сапатынан да көз каранды. Ошондой эле, академиялык мобилдүүлүктү ишке ашыруу керек, бир гана Кыргызстандын жогорку окуу жайларында эле эмес, Европа өлкөлөрүнүн жогорку окуу жайларында окутуу керек экендиги Болонья келишиминин талабы болуп эсептелет. *Эксперттерге* «Болондук системанын өнүгүшүндө академиялык мобилдүүлүк кандай роль ойнойт?» деген суроо менен кайрылганда – 56% окутуучулардын мобилдүүлүгү, 24% бир окуу жайдан 2-окуу жайга которулуу мүмкүнчүлүгү, 16% каржылоо булагынын жеткиликтүүлүгү, 4% жооп берүүдөн кыйналып турганын айтышкан. Академиялык мобилдүүлүк башка жогорку окуу жайлар менен билим алмашууда маанилүү экендигин белгилешкен.

**Диаграмма 5.**

**Болондук системанын өнүгүшүндө академиялык мобилдүүлүктүн ролу**




*Респонденттерге* «Сиздин ЖОЖдо магистранттардын мобилдүүлүгүн каржы жагынан колдоонун кандай формалары бар?» деген суроого - 48% эч кандай форма иштебейт, 20% магистранттар стипендия алууну улантат, 16% магистрант толугу же жарым-жартылай акы төлөөдөн бошотулат, 8%

магистранттар кошумча каржы, грант түрүндө алат, 8% жооп берүүдөн кыйналып турам деген жооп алдык.

**Диаграмма 6.**

**ЖОЖдо магистранттардын мобилдүүлүгүн каржы жагынан колдоонун формалары**




Демек, эгерде специалитет аябай өнүккөн индустриалдык коомдун приоритеттерине берүүлөрүнө дал келсе, анда Болондук процесс билим берүү постиндустриалдыкка ээ. Мындай шарттарда адистерди даярдоо процесси, биринчиден, динамикалуураак болушу керек, экинчиден, билим берүүнүн маңызын такыр өзгөрткөн мобилдүүлүк түрү болушу керек.

Бакалавриат – магистратура системасы билим берүү процессине мобилдүүлүктүн бир нече өлчөмүн берет: горизонтал боюнча, вертикал боюнча, билим берүү мекеменин ичинде жана сыртында. Натыйжада ал жогорку окуу жайлардын бүтүрүүчүсүнүн сунуш жана чакыруулар мейкиндигинде мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтет [120]. Ага ылайык, «Эгерде Сизге европалык ЖОЖдо окууга мүмкүнчүлүк берсе, кайсы себептер барганга оң таасир берет?» деген суроо менен *респонденттерге* кайрылганда төмөндөгүдөй жооп алдык. Төмөнкү таблицаны караңыз (табл. 2).

Негизги проблема – жогорку окуу жайлардын бүтүрүүчүсү, европалык жогорку окуу жайлардын бүтүрүүчүсү менен, европалык билим берүү мейкиндигинин критериялары боюнча атаандашууга жол берген билим берүү процессин кантип куруу керек [13]. Бул жагынан чечиле элек көйгөйлөр көп – жогорку окуу жайлар ичиндеги да, жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү

жана илим министрлигинин туура эмес чечимдеринен жана жалпысынан коомдо бул маселе боюнча консолидацияланган ой жок экендиги.

**Таблица 2.**

**Европалык ЖОЖдо окууга мүмкүнчүлүктүн оң таасирлери**

| Себептер | Процент |
|---|---|
| Европалык ЖОЖдун дипломун алууга мүмкүнчүлүк | 28,0 |
| Чет тилди жакшы билгендиктен | 23,0 |
| Европалык компанияларда тажрыйба топто мүмкүнчүлүгү | 22,0 |
| Окууга тышкы каржылоонун жетиштүүлүгү | 15,0 |
| Кадыр барктуу жана белгилүү европалык ЖОЖ болгондуктан | 5,0 |
| Чет өлкөдө окуу үчүн турак-жай менен камсыз кылгандыгы | 3,0 |
| ЖОЖдор жана өлкөлөр тууралуу толук маалымат болгондуктан | 3,0 |
| Кабыл алуучу тараптан социалдык психологиялык көнүү программасы болгондуктан | 1,0 |
| **Бардыгы** | 100,0 |

Чечимди окутуучулар жана жогорку окуу жайлар чечкен эмес, жогоркудагы туруктуу схема боюнча болгон. Окутуучулук коомдун консолидацияланган ою менен болбогондуктан, бул ушул мезгилдин кыйынчылыктарын жана проблемаларын чыгарган. Сурамжылоонун негизинде *респонденттерге* «Эгерде Сизге европалык ЖОЖдо окууга мүмкүнчүлүк берсе, кайсы себептерден улам баш тартмак элеңиз?» деген суроообузга төмөндөгүдөй жооп алдык. Төмөнкү таблицаны караңыз (табл. 3).

Реформанын жактоочулары бирдиктүү европалык стандарттар студенттерге өздөрүнүн мүмкүнчүлүктөрүн кеңейткенге жол берет деп ойлошот. Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларын бүткөн бакалавр мисалы, Сорбонндо билим ала алат. Андан сырткары, реформа окуу же иштөө деген дилемманы чечет. Студенттер бакалавр диплому менен иштейби же магистратурага тапшырабы тандоого мүмкүнчүлүк алышат. Ошол эле учурда алар туура эмес багытта окуп жатканын түшүнсө убакытты үнөмдөсө болот.

**Таблица 3.**

**Европалык ЖОЖдо окууга мүмкүнчүлүктөн баш тартуу**

| **Себептер** | **Процент** |
|---|---|
| Жетиштүү, тышкы каржылоонун жоктугунан | 27,0 |
| Үй-бүлөлүк абалдан | 19,0 |
| Жетиштүү, чет тилин билбегендиктен | 18,0 |
| Баш тартуу үчүн себептер жок, сөзсүз бармакмын | 13,0 |
| Өзүмдүн күчүмө ишенбегендиктен | 11,0 |
| Өзүмдүн өлкөмөн кетким келбегендиктен | 8,0 |
| Жумуштун кереги жоктугунан | 4,0 |
| **Бардыгы** | 100,0 |

Бакалавриат-магистратура схемасын ишке ашыруу кыйын болот, анткени биздин республикада билим берүүнүн сапатын төмөндөтпөй үч-төрт жылдын ичинде квалификацияланган адистерди чыгара ала турган жогорку окуу жайлар аз [13]. Жогорку окуу жайлардын аз убакыттын ичинде профилди алмаштыруусу эксперттердин ою боюнча сапаттуу эмес даярдыкка алып келет. Кээ бир окуу жайлар буга чейин бар сабактарды эле, экиге бөлүп коюшат жана биричи бөлүгүн бакалавриатта, экинчи бөлүгүн магистратурада өткөрүп коет деген божомолдор бар.

Айрым эксперттердин пикири боюнча, жогорку мектепти Болон процессине ылайыктап реформалоо биздин студенттерди европалык студенттерге айлантып жибере албайт жана канчалык аракеттенсек да чет өлкөлүк билим берүү системасынын деңгээлине жакындап бара албайбыз, анткени биздеги Мамлекеттик билим берүү стандарттарында Европаныкы менен макулдашылган бирдиктүү окуу курстары түзүлгөн эмес.

Ошондой эле жогорку окуу жайларда Болондук процесстин билим берүү системасын киргизүү себебин коом түшүнбөй жатканы да чоң көйгөй болууда. Бүгүнкү күндө коомдо бакалавриат жана магистратураны киргизүү тууралуу ар кандай ойлор бар.

Жогорку окуу жайлардын көпчүлүгүндө билим берүүнүн азыркы деңгээлинде фундаменталдык илим жок, космос, элементардык бөлүкчөлөрдүн физикасы, тирүү материя ж.б. багыттарында алдыга жылуу мүмкүн эмес деп эсептешет. Негизи, кээ бир аймактарда-математика, физика жана бир катар гуманитардык адистиктерде фундаменталдык билим керек. Бакалавриат, албетте, муну бере албайт. Экономикалык илимдерге карасак, бул жерде бакалавриат болот, өлкөнүн экономикасы үчүн төрт жылдык окуу мөөнөтү бар адистер керек деген ой тараган.

Мындан да чоң проблема бул Кыргыз Республикасынан жогорку окуу жайларда зачеттук бирдиктердин жалпы европалык системасын киргизүүдө турат. Биринчиден, кыйынчылыктар, Болондук процесстин даярдыкка өтүү билим берүү стратегиясынын маанисине карабастан ишке ашырылса, пайда болот. Мындай жол менен курулган билим берүү программалары үчүн зачеттук бирдиктер системасы ашык болгондой көрүнөт [2, Б. 25].

Билим берүүнүн Болондук процесске өтүшүнүн бир катар жакшы жактары бар экенин да белгилөө керек:

- окуунун мөөнөтү 6 жылга чейин көбөйөт;
- магистратуранын алдында конкурстук тосмо (барьер) коюлат;
- бир багытка бир нече адистиктер кошулат, бир катар адистиктер боюнча иштей ала турган жогорку деңгээлдүү бакалаврларды даярдоо дегенди түшүндүрөт;
- жогорку окуу жайлардын магистратурасында толук эркиндик берилет, мамлекеттик компонент жокко эсе [13].

Мындай жагынан карасак Болондук процесске өтүү биздин билим берүү үчүн абдан эле пайдалуу болот.

Магистратуранын окуу процесси үчүн педагогикалык технологияларын аныктай кетсек. Магистрдик даярдыкта окуу процессинин технологиялары жөнүндө жаш курагынан жана максаттуу багыттарынан «окуучу» болгусу келбеген магистранттар, ар бир сабак боюнча убакыты тар болгон окутуучулар жана магистранттардын диссертациялык деңгээлде колдоно ала турган курсу

боюнча жетүү зарылчылдыгы маселеси турат. Бул билим берүүнүн андрогогикалык технологияларынын негизи катары турган бир катар белгилер бар экенин түшүнүү: адамдын спецификалык окуу ишмердүүлүк чөйрөсүн кошуу, ал анын компетенттүү, алдыга умтулган, чыгармачыл, бат өзгөрүлүп турган чөйрөгө ыкташкан, практикадагы маселелерди натыйжалуу чече алган жана пландалган жыйынтыкка жетүүчү адам катары анын мүмкүнчүлүктөрүн аныктайт [62].

Окутуучу окуу процессинде жаңы функцияларды аткарат:

- чоңдорду окутуу технологиясы боюнча эксперт;
- окуу процессинин бардык катышуучуларынын бирге кылган ишмердүүлүгүн уюштуруучу;
- жекече окуу программасынын авторлору (окуп жаткандар менен);
- окуп жаткандардын устаты, консультанты, дем берүүчүсү;
- окуунун жакшы жана психологиялык шарттарын түзүп берүүчү жана окууга адаптация кылуу;
- окуп жаткандарга керектүү билим, ыкма жана сапаттын булагы;
- индивидуалдуу максатты түшүнүү технологу, чагылдыруучу баа берүүчү жобонун диагностиги [30].

Ошондо массалык билим берүүдө окуунун магистрдик программаларын киргизүү жогорку окуу жайларда жаңы форматтагы кадрларды даярдоо, методикалык камсыздоо жана жалпы окуу процессин уюштурууга даярдыгы жөнүндө маселе коёт.

ЖОЖдор аралык бирдиктүү билим берүү аймагын калыптандырууда Кыргыз-Кувейт (Чыгыш) университетинин, Кыргыз-Орус билим берүү академиясынын, Борбор Азиядагы Америка университетинин, Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин, Кыргыз-Орус Славян университетинин [89] дагы ушулар сыяктуу өлкөлөр аралык жогорку кесиптик билим берүү мекемелеринин топтогон иш-тажрыйбалары өзгөчө маанилүү.

Дагы башка проблема болуп Кыргыз Республикасындагы бардык билим берүү системасынын өнүгүү стратегиясын концептуалдык тандоо мектепке чейинкиден баштап жогорку окуу жайлардан кийинки билим эсептелет.

Билим берүүнү 2020-жылга чейин өнүктүрүү концепциясында билим берүү системасы эки базалык процесстин макулдашуусун камсыз кылышы керектиги айтылган:

1) республикабыздын билим берүү системасынын өзгөчөлүгүн өнүктүрүү жана сактап калуу, андагы улуттук баалуулуктарды үйрөнүүнү ар тараптуу колдоого алуу;
2) өлкөбүздү регионалдык жана бүткүл дүйнөлүк билим берүү системасынын курамына алып кирүү [63].

Эгерде өлкөбүздүн Билим берүү концепциясында камтылган максат-милдеттер иреттүү алып барылса, анда КРнын билим берүү системасы 2020-жылга карата адис даярдоодогу конкуренттик атаандаштыкта жеңишке жетишип, өлкөнү ар тараптуу өнүктүрүүгө өзүнүн бараандуу салымын кошо алат, ошондой эле адам капиталынын барк-баасынын, сапатынын артылышына өбөлгө түзөт. Андайда эч токтоосуз төмөндөгүлөр жүзөгө ашырылат:

1) сапаттуу билим алууга болгон кепилдикти камсыз кылуу, ар бир адамдын керектөөлөрүнө жана мүмкүнчүлүгүнө жараша билим берүүнүн башка деңгээлдеринде да билим алуу мүмкүнчүлүгү;
2) инновациялык өнүгүүнүн башкы шарты, маанилик ресурсу катары келечегинен көптү күттүргөн жаштарды кесиптик жогорку билим берүүнүн бардык тепкичтеринде колдоого алуу;
3) эл ичинде чоң кадыр-баркка ээ жогорку квалификациялуу окутуучулук кадрларды, адистерди даярдоо;
4) өзүбүздөгү жана эл аралык билим берүү мекемелеринде билим алып жаткан жаштардын демилгелерин ар тараптуу колдоого алуу [63].

Билим берүүнүн Болондук процесстин педагогикалык потенциалын натыйжалуу колдонуусу жана жогорку окуу жайлардын дидактикалык мүмкүнчүлүктөрү жогорку кесиптик билим берүүнүн максаттарына жетүүгө жол

берет жана ар кандай деңгээл жана профилдеги жогорку квалификацияланган, атаандаштыкка туруштук бере алган, компетенттүү, социалдык жана кесипкөй мобилдүү адистерди даярдоо боюнча мамлекеттик маселени ийгиликтүү чечүүгө мүмкүнчүлүк берет [38].

Мындай жыйынтыкка жетиш үчүн, биринчиден, окуу сапатын көтөрүү проблемасын жана жогорку окуу жайларда кадрларды кесипке даярдоону чечиш керек.

Бул үчүн Концепцияда төмөндөгүлөр берилет:

1) жогорку билим берүү шарттарынын өзгөрүшү:
- Кыргыз Республикасынын кадрларга муктаждыгына ылайыктап жогорку окуу жайлардын тармагын оптималдаштыруу;
- окуу жайларын автономдоштуруп жана экономикалык чөйрөгө интеграциялап, басымдуу бөлүгүн өзүн өзү каржылоого өткөрүү;
- жогорку окуу жайларынын жана жумуш берүүчүлөрдүн ортосунда тыгыз байланыштарды түзүп, кадрларды жумуш берүүчүлөрдүн буйрутмасы негизинде даярдоого өтүү;

2) жогорку кесиптик билим берүүнүн түзүмүнүн жана ички маңызынын өзгөрүшү:
- билим берүүнү көп деңгээлдүү системасы негизинде ЖОЖдордо жогорку кесиптик билим берүүнүн уюштурулуусун камсыз кылуу (бакалавр, магистр, илимдин доктору – PhD);
- ЖОЖдун бүтүрүүчүсүнө азыркы заманбап чөйрөдө конкуренттик атаандаштыкка жөндөмдүү, кесиптик жана коммуникациялык компетенттүүлүктөргө таянып иш алып барчу жаңы муундагы мамлекеттик билим берүү стандарттарын иштеп чыгуу жана аларды окутуу ишинде колдонуу;

3) окуу процессин уюштурууну кайра баштан түзүү жана жогорку кесиптик билим берүү чөйрөсүн өзгөртүү:
- Болондук системанын негизинде насыяларды которууну жана толтурууну киргизүү;

- окутуунун инновациялык усулдарын болушунча кеңири колдонуу;
- кесиптик билим берүүчү ЖОЖдордун материалдык-техникалык абалын жакшыртуу, тийиштүү материалдар менен жабдуу;

4) жогорку кесиптик билим берүүнүн сапаттуулугун арттыруу механизмдерин иштеп чыгуу;
5) жогорку кесиптик билим берүүдө илимдин ролуна жана анын түпкү жыйынтыктарынын алынышына басым жасоо (ойлоп табуулар, аларды иш практикасында колдонуу) [43].

План боюнча Кыргызстанда билим берүүнүн өнүгүү Концепциясын жана Стратегиясын ишке ашыруу 3 этап менен өтүшү керек:

1) 2012–2014-ж.ж.
2) 2015–2017-ж.ж.
3) 2018–2020-ж.ж.

А.А.Айдаралиев: «Кыргыз Республикасынын Болонья декларациясына кол койгону ата мекендик билим берүү системасында жаңы өнүгүүсүн ачты» [6] – дейт, бул – жогорку билим берүүдө өзгөрүүлөрдү жана эки деңгээлдүү системага (бакалавриат, магистратура) алып келүүсүн талап кылган, окуунун насыя-модулдук принциптерин алуу жана «толтуруучу» же «иш коротуучу» системасынын пайдасына таразаланган чечим чыгаруу.

А.В.Пашкевичтин ою боюнча, «окутуунун эки деңгээлдүү системасын киргизүүнүн өзгөчөлүгү бул: эгерде мурда билим берүүнүн бакалавриат-магистратура системасына салттык-адис альтернатива болсо, азыр бакалавриат, магистратура биринчи орунда» болот [94].

М.А. Асановдун ою боюнча, жогорку окуу жайлардагы Болондук процесстин ишке ашуусунан магистрдик программалардын түзүлүүсү ылайыктуу чыгарып жаткан кафедралардын спецификасына байланышкан [15]. Магистрдик программалар бакалавриаттын төртүнчү курсунда киргизилген адистиктердин уландысы болуп калат, бул эки деңгээлдүү билим берүү траекториясынын сызыкча принцибин бекемдейт. Ошондой эле, адистерди

кафедра үчүн даярдоо дегенди түшүндүрөт, ийкемирээк жана кененирээк билимди талап кылган эмгек рыногуна эмес.

Д.А. Бегалиева [24] жана У.Н.Биримкулов [29] белгилегендей бул система уюштуруучулар жана аткаруучулар практикада Болондук процесс билим берүүнүн базалык жакшы жактарын ишке ашырууга багытталган, билим берүү программасын түзүшсө гана иштеп баштайт, мисалы студенттин «индивидуалдуу билим траекториясын» жогорку окуу жайлардын ичинде жана анын сыртында камсыз кылуу. Кеп студенттерге окуунун ылайыктуу окуу траекториясын тандоого мүмкүнчүлүк берүү жөнүндө болуп жатат: модулдар, өзүнүн мүмкүнчүлүктөрү, кызыгуулары, ошондой эле иш берүүчүнүн сурамына багыт алып окуу курстарын (кээ бир бөлүктөрүн республикалык жана эл аралык жогорку окуу жайларды алса болот) комбинация кылуу.

Зачеттук бирдиктердин курулганынан кийинки жаңы киргизүүлөр кандай куруларынан (негизи эле курулабы же жокпу) көз каранды: насыя-зачет системасы- окуу процессинин модулдук курулушу - окуунун индивидуалдуу траектория кылууга мүмкүнчүлүк - билим берүү программаларынын жогорку окуу жайларынын ичиндеги жана жогорку окуу жайлардын арасындагы мобилдүүлүгү- жана бир гана толук кандуу эл аралык кызматташтык ж.б.

Бул документтердин фундаменти болуп Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2009-2010 ж.ж. кылган иш-аракеттери негиз болду. Мисалы 2009-жылы текшерүүнүн жыйынтыгынан 14 жогорку окуу жайлардын жана структуралык бөлүктөрдүн билим берүү ишмердүүлүгү токтотулган жана жогорку кесиптик билим берүүнүн 70 программасы боюнча 15 жогорку окуу жайдын лицензиясы алынган. 2010-жылы 14 жогорку окуу жайларда, структуралык бөлүктөрдө жана жогорку окуу жайлардын филиалдарында 74 адистик боюнча лицензия алынган. 2010-жылдын июлунда Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин комиссиясында окуунун эки деңгээлдүү системасына өтүү деген чечим кылышкан [8]. Ошол эле учурда 2014-жылга чейин Кыргызстандын бардык

жогорку окуу жайларында бул системанын негизинде иштеп калышы керек деп пландашкан.

Билим берүү чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясаттын негизи болгон үзгүлтүксүз билим берүү жөнүндө токтом, Концепцияда белгиленгендей, бир топ декларативдүү мүнөзгө ээ, анткени Евросоюзда дагы үзгүлтүксүз билим берүүдө анын аз эле сандагы жарандары катышат. Мындан сырткары, Европага билимин улантканы барган жаштарыбыздын далайы окууну таштап салышып, өздөрүнө керектүү билимди албаган боюнча калышат. Ошондой эле жогорку кесиптик билим берүүнү коммерциялаштыруунун жана ЖОЖдордун өзүн-өзү каржылоосунун ички мүмкүнчүлүктөрүнө чоң ишеним арта бергенде да болбойт. ЮНЕСКО жөн жеринен эле түзүлө калган эмес, анын негизги функциясы – мамлекеттик каржылоону колдоо жана билим берүү сапаттуулугу. 2009-жылы Парижде ЮНЕСКОнун кезектеги колдоосу менен жогорку кесиптик билим берүүгө арналып Бүткүл дүйнөлүк илимий-практикалык конференция болуп өтүп, анда төмөндөгүдөй резолюция кабыл алынган: «Жогорку кесиптик билим берүү коомдук жыргалчылыктын кепилдиги жана стратегиялык императив катары билим берүүнүн бардык деңгээлдеринде изилдөөлөргө, инновацияга [89] жана чыгармачылыкка негизденет».

Ошону менен катар, ЖОЖдордогу жогорку кесиптик билим берүүнү реформалоодогу башкы маселе – бул окутуучунун социалдык статусун каржылоону реалдуу негизде толтуруу; бул зарыл сапаттар жана жөндөмдүүлүктөр боюнча атаандаштыкка жана градация куруугa жол ачат, бул өз кезегинде декларативдүү эмес, реалдуу түрдө өлкөдөгү бардык жогорку билим берүүнү жыйынтыктуу алып барууга жана иштиктүү жаңы системасына өтүүгө мүмкүнчүлүк берет.

## 2.2 Жогорку билим берүүнүн салттуу жана инновациялык форматтарын коомдун кабыл алышы

XXI кылымдагы билим берүү инсандын илимий билимдерди өздөштүрүшү менен гана чектелип калбайт, ал билим коомдогу адамдын жашоо ишмердүүлүгүн камсыз кылып, анын бүт өмүрүнүн жүрүшүндө уланышы керек. Билим берүү сферасын кучагына алган инновациялуулук азыркы коомдун өнүгүшүнүн императиви катары эсептелет.

Азыркы учурда өлкөнүн билим берүүсүндө окутуу процессин уюштуруунун салттуу жана инновациялык системалары колдонулат. Салттуулуга салыштырмалуу инновациялык окутуу адамдын коомдогу ыкчам өзгөрүүлөргө даярдыгы, чыгармачылык жөндөмдүүлүгүнүн өнүгүүсүнө катарлаш келер күнгө болгон даярдыгы, ой жүгүртүүнүн ар кандай формаларына, башка адамдар менен биргелешип иштешүү жөндөмдүүлүгүнө багытталгандыгы менен сыпатталат. Катаал нормативдүүлүктөн эвристикалыкка өтүү, окутуучунун окутуу ишинин проблемалуулугуна көрсөтмө коюшу билим берүүдөгү маалыматтык түрүнө каршы турган илимий изилдөөдөн көз каранды [136].

Кыргыз Республикасынын көз карандысыз болгондон кийинки 20 жыл ичинде кадрларды чыгаруунун салттык үлгүсүнүн негизинде курулган билим берүү системасы кандайдыр бир жакшы жыйынтыктарды бере алган жок [85].

Азыркы убакта көптөгөн жогорку окуу жайларда 4+2+2-бакалавриат-магистратура-докторантура формуласы боюнча түзүлгөн билим берүү программалары боюнча окууга өткөн. Бирок ошол эле учурда уюштуруу-методикалык реформаларды жүргүзүүдөн тышкары, алардын чыныгы мазмуну жана практикалык жагы дагы маанилүү:

1) инвестициялык жагымдуулук, илимдин жана жогорку кесиптик билим берүүнүн түзүмдүк жактан курулушу жана бизнес, өндүрүштүк байланышты чыңдоо, интеллектуалдык билим берүү системасын жана андагы эмгек рыногун бекемдөө;
2) эл аралык атаандаштыкка туруштук берүү, башкача айтканда, «эптеп жашап кетүү» иш тартибинен «турукташкан динамикалык өнүгүү» билим

берүү кызматтарын экспорт кылууну өнүктүрүү боюнча иш-чаралар комплексин ишке ашыруу иш тартибине өтүү;

3) жогорку окуу жайларда маркетинг, келишим мамилелер менен иштеген окутуучулар, студенттерди жана жумуш берүүчүлөр, кеңири тартуу менен окуу процессинин сапатын башкаруу системасын түзүү;
4) инновациялык ишмердүүлүктүн инфраструктурасын өнүктүрүү- илимий-технологиялык парктар, инновациялык-технологиялык борборлор, инновациялык-өндүрүш комплекстери [107].

Бүгүнкү күндө билим берүү сферасына ар түрлүү инновацияларды киргизүү ишке ашырылууда. Анын кайсы бири иштелип кетсе, кайсы бири идея боюнча гана калып калууда. Жалпы республикалык тестирлөөнү (ЖРТ) киргизүүнүн негизги максаты болуп, мектеп бүтүрүүчүлөрүнүн өлкөнүн кайсы гана жогорку окуу жайына болбосун тапшыруусунун жеткиликтүүлүгүнө карата мамлекеттик кепилдиктин жана бирдей шарттын болушун камсыздоо болуп саналат. Кыргызстанда бүтүрүү экзамендери жалпы республикалык тестирлөө форматында он беш жылдан бери өткөрүлүп келе жата. Бирок бул жаңылануунун педагогикалык практикадагы пайдасы жана зыяны тууралуу бир жактуу пикирлер жок.

Жакында Орусиянын жогорку окуу жайларында жаңы билим берүү инновациясы катары – Бакалаврдын федералдык интернет сынагы (БФИС) киргизилди. Бакалаврдын федералдык интернет сынагынын спецификасы теориялык гана билимди гана текшерүү болбостон, билгичтигин, көндүмдөрүн да баалоо, аны келечектеги кесиптик ишмердүүлүгүн колдоно билүүсү болуп эсептелет.

С.С.Джевала жана Л.И.Бутенконун пикирлерине ылайык, кандай гана жаңы нерсе болбосун, калыптануунун үч баскычын басып өтөт, алар: «мындай болушу мүмкүн эмес», «табигыйлуулук» жана «так ушундай болушу керек» [40]. Жогорку билим берүүгө киргизилген бул инновация дагы деле болсо биринчи баскычта. Анткени алиге чейин экзаменди жүргүзүү жана көзөмөлдөө-баалоо материалдарын камсыздоо тартиби боюнча талаш-тартыштар токтобой келет.

Илимий-изилдөө институтун (ИИН) билим берүүнүн сапаттык мониторинги уюштурган бакалавриат бүтүрүүчүлөрү үчүн Бакалаврдын федералдык интернет сынагын өткөрүүгө багытталган базалык аянтчадагы жогорку окуу жайлардын тизмесине 2018-жылдын сентябрынан тартып Кыргыз-Россия Славян университети кирди.

22 багыттагы экзамендик сеанстар даярдыгы 2020-жылдын 9-апрелинен 28-апрелге чейин жүргүзүлдү. Бир эле убакта экзаменге Орусиянын 56 чөлкөмүнөн жана 4 КМШ өлкөлөрүнүн 125 тен жогорку окуу жайы катышышты.

2020-жылы бакалавриат бүтүрүүчүлөрү үчүн федералдык интернет-экзамен биринчи жолу Бакалаврлардын Эл аралык интернет-экзаменинин (БЭИЭ) бир бөлүгү болуп калды.

«Инновация», «инновациялык билим берүү», «инновациялык технология» деген сыяктуу терминдер илимий терминологияда кеңири колдонула баштады.

С.А.Кравченко инновация түшүнүгүн социологиялык сөздүктө турмушка материалдык жана рухий маданияттын жаңы элементтерин киргизүүгө байланышкан өзгөрүү процесси деп аныктайт. [65, Б. 140].

**Инновация** (*лат. innovatio – кандайдыр бир жаңы нерсени киргизүү*) – белгилүү бир социалдык системадагы материалдык жана материалдык эмес маданиятты түзүү, таануу же жаңы элементин (же моделди) киргизүү менен байланышкан өзгөрүү процесси [144].

С.Б.Шитовдун пикири боюнча, инновациялык билим берүү – адамды тарбиялоонун жана инновациялык окутуунун максаттуу процесси, анын натыйжасында ал чыгармачыл жөндөмдүлүгүн өркүндөтүп, өз алдынча изилдөө жөндөмүн калыптандырып, өмүр бою билим жана тажрыйба топтоого мүмкүнчүлүк берет [124, Б. 36]. Инновациянын эффективдүүлүгүн ким өлчөйт? – деген суроо келип чыгат.

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин базасындагы изилдөөнүн алкагында жогорку окуу жайдын кызматкерлерине, жумуш берүүчүлөргө жана магистранттарга сурамжылоо жүргүзүлдү. Анын максаты эксперттердин пикири призмасында Кыргызстандын жогорку билим берүү

алкагында Болондук процесстин келечектеги өнүгүшүн аныктоо болчу. Болондук процессте жаңы киргизилген студенттер жана окутуучулар үчүн академиялык мобилдүүлүк. *Жогорку окуу жайдын кызматкерлери*: «окуу жайда окутуучулардын мобилдүүлүгүн камсыздоо үчүн кандай чаралар бар?» деп сураганыбызда, 36,7% окуу жай окутуучуларды алмашуунун эл аралык программасынын жигердүү катышуучусу, 28,6% эч кандай иш алып барылбайт, 22,4% бирдиктүү окутуу программасы түзүлгөн, 10,2% эки түрдүү диплом берүү формалдуу түрдө болсо да бар, 2,1% маалыматтар дайыма эле мугалимдерге жете бербейт деген жооп алдык.

**Диаграмма 7.**

**Окуу жайда окутуучулардын мобилдүүлүгүн камсыздоо чаралары**




«Жогорку окуу жайлар магистранттардын мобилдүүлүгүн камсыздоо үчүн кандай иш-чаралар менен камсыздайт?» деген суроого 32% эч кандай чара колдонулган жок, 26% жогорку окуу жай эл аралык студенттерди алмашуу программасынын активдүү катышуучусу, 26% биргелешкен билим берүү программасы бар же түзүлүп жатат, 14% эки дипломдук программа бар же түзүлүп жатат, 2% жооп берүүдөн кыйналып турам деп *респонденттер* жооп беришкен

**Диаграмма 8.**

**Жогорку окуу жайларда магистранттардын мобилдүүлүгүн камсыздоо**




*Жогорку окуу жайларынын кызматкерлеринен* «Сиздин окуу жайда окутуучулардын мобилдүүлүгүн каржы жагынан колдоонун кандай формалары бар?» – деген суроого, 51% - эч кандай форма иштебейт, 26,5% - окутуучу эмгек акыны алууну улантат, 12,3 - окутуучу кошумча грант алат, 10,2% - жогорку окуу жайларында стажировка өтүүдө окутуучуларга каржылоо көрсөтөт деп жооп беришти. Жогорку окуу жайлардын көпчүлүк бөлүгүнүн, окутуучулардын мобилдүүлүгү боюнча эч кандай форма иштебегендигин изилдөөнүн жооптору далилдейт.

**Диаграмма 9.**

**Жогорку окуу жайдагы окутуучулардын мобилдүүлүгүн каржы жагынан колдоонун формалары**




*Жогорку окуу жайларынын кызматкерлерине:* «Сиздин окуу жайда окутуучулардын мобилдүүлүгүн каржы жагынан колдоонун башка дагы кандай формалары бар?» - деген сурообузга 26,5% «окуу жайдын сайтында окутуучулардын мобилдүүлүк программасынын маалыматы үзгүлтүксүз жаңыланып турат», 22,4% «окуу жайда атайын бөлүм бар, алар окутуучулардын

мобилдүүлүк программасына катышуу үчүн зарыл документтерди толтурууга көмөктөшөт», 14,2% «окуу жайдын жарыя илинүүчү тактасына окутуучулардын мобилдүүлүк программасы боюнча маалымат жайгаштырылат», 12,2% «окуу жайда студенттерди чет тилинен (DALF, DELF, TestDaf, DSH, EILTS, TOEFL ж.б) экзамен тапшырууга даярдайт», 8,2% «окутуучуларга дайыма эле маалыматтар жете бербейт», 8,1% «окуу жайда окутуучулардын мобилдүүлүк программасы боюнча кезигишүүлөр сессия, маалыматтык семинарлар байма-бай өткөрүлөт», 6,3% «жооп берүүдөн кыйналып турам», 2,1% «биздин окуу жайда жогоруда айтылгандардын бири да жок»- деген жоопторду алдык. Төмөнкү таблицаны караңыз (табл.4)

**Таблица 4.**

**Жогорку окуу жайда окутуучулардын мобилдүүлүгүн каржы жагынан колдоонун формалары**

| Формалар | Процент |
|---|---|
| Окуу жайдын сайтында окутуучулардын мобилдүүлүк программасынын маалыматы үзгүлтүксүз жаңыланып турат | 26,5 |
| Окуу жайда атайын бөлүм бар, алар окутуучулардын мобилдүүлүк программасына катышуу үчүн зарыл документтерди толтурууга көмөктөшөт | 22,4 |
| Окуу жайдын жарыя илинүүчү тактасына окутуучулардын мобилдүүлүк программасы боюнча маалымат жайгаштырылат | 14,2 |
| Окуу жайда студенттерди чет тилинен (DALF, DELF, TestDaf, DSH, EILTS, TOEFL ж.б) экзамен тапшырууга даярдайт | 12,2 |
| Окутуучуларга дайыма эле маалыматтар жете бербейт | 8,2 |
| Окуу жайда окутуучулардын мобилдүүлүк программасы боюнча жолугушуулар, сессия, маалыматтык семинарлар байма-бай өткөрүлөт | 8,1 |
| Жооп берүүдөн кыйналып турам | 6,3 |
| Биздин окуу жайда жогоруда айтылгандардын бири да жок | 2,1 |
| **Бардыгы** | 100,0 |

Профессордук-окутуучулук түзүм билим берүүдөгү инновация – бул билим берүү практикасына жаңылык киргизүүнүн процесси жана натыйжасы, педагогикалык системанын өнүгүүсүнүн белгиси, билим берүү мекемелеринин

атаандаштыкка туруктуулук шарты деп эсептешет. Ал эми бөлүм жетекчилери болсо бул зарылдык жана аныкталган ишмердүүлүк продуктысы катары эффективдүүлүккө ээ экендигин ырасташат.

Эксперттердин пикири боюнча инновация – Кыргызстандын азыркы жогорку мектептери үчүн мүнөздүү, бул билим алуудагы жана берүүдөгү маалыматтык компьютердик технология (МКТ), аралыктан окутуу, окутуунун жаңы методикасын киргизүү, компетенцияларды, модулдук баллдык-рейтингдик системаны калыптандыруу, билим берүү консорциумдарын (локалдык долбоорлордон баш тартуу) түзүү, санариптештирүү, дисциплиналар аралык изилдөө, чыгармачыл мамиле кылуу болуп саналат.

Сурамжылоого алынгандардын дээрлик бардыгы «окутуучулардын жана студенттердин иш процессине тоскоол болбосо эле» инновацияны колдоого аларын билдиришкен.

Жүргүзүлгөн сурамжылоонун жыйынтыгы боюнча тыянак чыгарсак: сурамжылоого алынгандардын ар бири «билим берүүдөгү инновация» түшүнүгүнүн интерпретациясына өзүнүн оюн кошумчалашат, бирок анын зарылчылыгы тууралуу маселе ачык бойдон калууда.

Салттуулук менен инновациянын карым-катышы теориялык багытын андан ары тереңдетип карайбыз. Он тогузунчу жүз жылдыкта эле теориялык ыкмалар структурасында карама-каршы пикирлердин бир нече тобу белгилүү болгон.

**Биринчи багыт (К.Маркс жана М.Вебер)** салттуулуктун сарамжалдуулугу дихотомиялык карама-каршы коюу менен түшүндүрүлөт. Муну менен традиция өткөндүн калдыгы катары эсептелип, аны прогресстин, техникалык өнүгүштүн пайдасы үчүн жоюп, жок кылуу керек экендиги белгиленет.

**Экинчи багыт (О.Конт, Г.Спенсер)** – бул эки кубулуш (салттуу жана инновация) коомдук өнүгүштүн бирдиктүү процессинин өз ара байланыштагы бөлүктөрү экендигин, салттуу прогресстин пайдасын көздөп мамиле кылууга

болбой тургандыгын, коом канчалык салттуу болсо жана салттуулукка таянса, ошончолук инновациялык өсүү ишке ашаарын түшүндүрүү аракети [26].

**Үчүнчү багыт (Э.Дюркгейм, М.Мосс, М.Хальбвакс)** салтты коомдук жашоодогу эң маанилүү фактор катары түшүнүү. Салттар адаптация каражаты жана социалдык-маданий инновациянын булагы катары иштейт.

XX кылымдын башында адамга ишмердүүлүктүн субъектиси катары кызыгуу келип чыккан (Г.Тард, Й.Шумпетер ж.б.) Инновация концепциясын изилдөөчүлөр инновациялык системада инсандын ролу негизги элемент болуп саналат деп эсептешкен. Инновация процессиндеги субъект ишмердүүлүгүн кароодо Л.Я.Косалс «инновациялык аң-сезим», «инновациялык жүрүм-турум», «инновациялык иш-аракет» деген сыяктуу түшүнүктөрдү колдонот [91, Б.107].

Л.Я.Косалстын пикирине караганда, инновациялык аң-сезим – бул өз ичине кызыкчылыктарды, максаттарды, мотивдерди, багыттарды кучагына алган, инновациялык иш-чараларды ишке ашыруу менен байланышкан экономикалык аң-сезимдин бир бөлүгү. Инновациялык аң-сезим жогорку мектептерде инновациялык иш-аракет процессинде субъект аркылуу ишке ашырылган иш-аракеттердин жана жоруктардын системасы катары чечмеленген анын инновациялык жүрүм-турумун айрым жөнгө салуу кызматын да аркалайт.

Инновациялык жүрүм-турум – жашоонун ар түрдүү коомдук сферасындагы же материалдык жана рухий маданияттын жаңы объектилерин түзүүдөгү ишмердүүлүктүн жаңы ыкмаларын социалдык субъектинин системалуу түрдө өздөштүрүүсүнө байланышкан индивидуалдуу же жамааттык жүрүм-турумдун демилгелүү тиби [140]. Жогорку мектептерде инновациялык жүрүм-турум массалык жана табигый болууда. Жогорку форма катары Л. Косалс анын жаңылыкты өз алдынча иштеп чыгуу жана аны активдүү ишке ашыруу деген тибин бөлүп көрсөтөт [91, Б.107 ].

Н.Ю. Молостованын пикирине таянсак, инсандын инновациялык жүрүм-турумунун калыптанышына инновациялык аң-сезим өтө зор таасир тийгизет. Инновациялык жүрүм-турумдун өзгөчөлүгүнө төмөнкү инсандык сапаттын универсалдык бүтүн комплексин киргизүүгө болот: 1) акылдуулук; 2) лидерлик;

3) демилгелүүлүк; 4) коммуникабелдүүлүк; 5) жоопкерчиликтүүлүк; 6) уюштуруучулук жөндөм; 7) чечкиндүүлүк [83, Б.1160].

Билим берүүдөгү инновация жана салттуу проблемасын модернизация теориялык призмасы аркылуу кароого болот. Өзүнүн өнүгүшүндө теория салттуу коомдон заманбап коомго, агрардыктан индустриалдуулукка, андан ары постиндустриалдуулукка өтүүсүн негиздейт. Эгерде салттуу коом инсанга караганда коомго артыкчылык бергени, туруктуулукка таянганы, туруктуулугу, өзүн өзгөрүлбөгөн формада калыптандыруусу менен мүнөздөлсө, анда модернизацияланган коомдо тескерисинче адамдардын артыкчылыгына, анын эркиндигине жана жоопкерчилигине берилип, коом өзү динамикалуулугу, өзгөрүүнүн жогорку даражасы менен мүнөздөлөт [35]. Өз учурунда өндүрүш революциясы окутулган жумушчуларды ири санда даярдоону талап кылган. Билим берүү «массалык мүнөз» күтүп, анын негиздөөчүсү Я.А. Коменский болуп калган. Индустриялаштыруу шартында «билимдүү адамдардын» жаңы классы өсүп тездик менен өсүүдө, артыкчылыктардын диаметралдык өзгөрүүсү болуп жатат: эгерде мурун жумуш берүүчү кызматкерге өз шарттарын таңуулап келсе, эми ишке орношуу учурунда жаңы класс өз талаптарын коё алат.

Ааламдашуу шартында модернизацияланган коом тез өнүгүү өзгөчөлүгүнө ээ болот. Албетте, салттуу коомдордо салт жүрүм-турумдун негизин түзөт. Модернизацияланган коом үчүн, тескерисинче, инновацияга мүнөздүү өзгөчөлүк болуп саналат. Ошентип, «билим парадигмасы» коомдун сырткы суроо-талабына жооп бербей калды, анын ордун Л.С.Выготский, А.Н.Леонтьевдер негиздеген жаңы системалык- ишмердүүлүк ыкмасы ээледи.

В.Панина өзүнүн «Жогорку мектептердеги окутууга багытталган инновациялык методдор жана технологиялар» деген аталыштагы макаласында салттык жана инновациялык мектептердин ортосундагы билим берүү технологиялары боюнча негизги айырмачылыктарды аныктоого алган. Төмөнкү таблицаны караңыз (табл. 5).

Билим берүүнүн салттык системасы жогорку мектептер камтыган чөйрөлөрдүн бардыгын стандартизациялоону ишке ашырат. Негизги максаты:

мамлекеттик суроо-талапты аткаруу, же т.а. жогорку окуу жайын аяктагандыгы тууралуу дипломдуу адистерди чыгаруу. Окутуучу менен окуучунун ортосунда бир тараптуу билим берүү байланышы бар окутуунун пассивдүү методдору артыкчылыктуу бойдон калууда.

**Таблица 5**

**Билим берүү системасы**

| **Мамлекеттик мектеп** | | **Инновациялык мектеп** |
|---|---|---|
| мамлекеттик буйрутманы аткаруу | максатты | максаттуу багыт |
| аткаруу иши | мазмуну | изилдөөчүлүк, долбоордук ишмердүүлүк |
| катышуучунун функциясын стандартташтыруу | процесси | жекече, биргелешкен иш-чаралар |
| класс, сабак-имарат, иш-чара | формасы | биригүү, окуя, диалог-сабак |
| салттуу система: стабилдүүлүк, функционалдуулук, туруктуулук | системанын түрү | өзү өнүгүүчү система: жасалгалоо, кризис, башаламандык, өнүгүү |

Окутуунун негизги методдору: таркатылбаган салттуу лекция жана мультимедиялык колдоо, лабораториялык иш, негизги материалдык маселелерди талкуулоо түрүндөгү практикалык иш. Инновациялык билим берүү иш-аракетинин негизги түшүнүгү - бул даректөө. Дал ушул билим берүү технологиясы инновациялык ой жүгүртүүнү калыптандырат.

Билим берүү системасына жаңы технологияны (аралыктан окутуу, ачык билим берүү платформасы, электрондук портфолио, «электрондук университет жана андан ары» базасын түзүү) киргизүү менен жаңы билим берүү парадигмасы калыптанат. «Эгерде мындан бир нече ондогон жылдар мурун билимди

аралыктан окутуу мүмкүн эмес болсо, бүгүнкү күндө Орусиянын алдыңкы жогорку окуу жайлары окутуунун аталган формасына артыкчылык берет» [14]. Окутуунун салттуу методдору бүтүрүүчүнүн эмгек рыногуна карай ийкемдүү багыт алуусуна жана окуусун андан ары улантууга даяр болушуна мүмкүнчүлүк берүүчү жалпы жана атайын компетенцияларды түзүп калыптандырууга ылайыкталган эмес [93, Б.316].

Ошондуктан, коомдун азыркы өнүгүү шартында билим берүү мейкиндигине инновацияны киргизүү зарылдыгы төмөнкү детерминанттар менен аныкталат:

- социалдык-экономикалык чөйрөдө кайра түзүлүп, калыптанган билим берүү системасын жаңыртууга муктаж экендигин шарттады;
- эгер мурда киргизилүүчү жаңыланууларды колдонууга карата сунуш катары гана кабыл алышса, эми жогорку мектептин лекторлору өздөрү инновациянын демилгечиси болуп саналышат;
- окутуунун салттуу технологиясы жана методдору баардык эле учурда билим берүү институтунун сырткы суроо-талабына жооп бербейт, ошондуктан жаңы билим берүү технологиясын киргизүү зарыл;
- окутуунун ишмердүүлүк техологиясын киргизүү билим берүү инновациясы болуп саналат, а бул болсо окутуу процессин уюштурууга бир кыйла өзгөрүүлөрдү алып келет.

Ошондуктан, жогорку мектептердеги инновация – бул жогорку мектептер системасы үчүн системанын ичинде системалык жана структуралык өзгөрүүлөргө чейинки олуттуу трансформацияга алып келе турган жаңылануу болуп эсептелинет.

## 2-глава боюнча корутунду

Бул главага төмөнкүдөй жыйынтык чыгарууга болот:

1) Болондук процесс жогорку билим берүүнү ишке ашырууда жогорку билим берүү чөйрөсүн комплекстүү өзгөртүүнүн негизги элементи болуп

саналды. Болондук процессти билим берүү процессине киргизүү менен жогорку кесиптик билим берүүнүн сапаты жана жеткиликтүүлүк принциптеринин ортосундагы оптималдуу мамилелештикти изилдөө маселеси чечилген.

Болондук процессте жогорку билим берүү төмөнкү түзүмдүк элементтерден турат: максаттар үчүн жаралган; окуу маалыматы, коммуникация каражаттары; окуп жаткандар; окутуучулар бардык социалдык институттар, ошондой эле Болондук макулдашуунун чегиндеги бардык эл аралык уюмдардын байланышынын негизинде өнүгөт. Биздин коом динамикалуу, өзгөрүп турат, ал эми эки деңгээлдүү билим берүү процессин киргизүү коомдун жашоо ишмердүүлүгүн жүргүзгөн бардык системаларын трансформациялоо жыйынтыгы болуп саналды.

Азыркы рыноктук шарттарда жогорку окуу жайлардын негизги маселеси-бул жаңы билим берүү технологияларын киргизүү максатында окуу процессинин узактыгын оптималдаштыра ала турган, процесс структурасын өзгөртүп уюштуруп анын интенсивдүүлүгүн көтөрө ала турган инновациялык усулдарды табуу.

Жогорку кесиптик билим берүүнүн эки деңгээлин түзүү зарылдыгы төмөнкү жагдайлар менен аныкталат: ааламдашуу жана маалыматтык революция процессинде жогорку мектептерде билим берүүнүн салттуу максаты тездик менен эскирүүдө. Автоматташтыруунун жана коммуникациялык технологиянын кириши салттуу кесиптер идентификациясын жоготуусуна алып келүүдө, жогорку окуу жайынын бүтүрүүчүлөрүнүн компетенттүүлүгүнө болгон талаптар тездик менен өзгөрүүдө. Ошондуктан, Кыргыз Республикасында кадрларды даярдоо түзүмүнө өзгөртүүнү киргизүү жана жогорку окуу жайларынын ишмердүүлүгүн дүйнөлүк билим берүү мейкиндигинин жалпыга таанылган принциптерине негиздеп уюштуруу зарылдыгы келип чыкты.

Кыргызстанда жогорку кесиптик билим берүүнүн эки деңгээлдүү түзүмүн киргизүү ата мекендик жана европалык билим берүү системасынын гармонизациясына багытталган Болондук процесстин негизги принциптерин иш жүзүнө ашырууга мүмкүндүк берет, азыркы билим берүү технологияларын

өнүктүрүүнү жана жогорку мектептердеги билим берүү кызматтарынын сапатын жогорулатууну арттырат.

2) Профессордук-окутуучулук түзүм билим берүүдөгү инновация бул билим берүү практикасына жаңылык киргизүүнүн процесси жана натыйжасы, педагогикалык системанын өнүгүшүнүн белгиси, билим берүү мекемелеринин атаандаштыкка туруктуулук шарты болуп эсептелет. Ал эми бөлүм жетекчилери болсо, бул зарылдык жана аныкталган ишмердүүлүк натыйжасы катары эффективдүүлүккө ээ экендигин ырастаган.

Респонденттердин пикири боюнча инновация – Кыргызстандын азыркы жогорку мектептери үчүн мүнөздүү, бул билим алуудагы жана берүүдөгү маалыматтык компьютердик технология, аралыктан окутуу, окутуунун жаңы методикасын киргизүү, компетенцияларды, модулдук баллдык-рейтингдик системаны калыптандыруу, билим берүү консорциумдарын (локалдык долбоорлордон баш тартуу) түзүү, санариптештирүү, дисциплиналар аралык изилдөө, чыгармачыл мамиле кылуу болуп саналган.

Билим берүүдөгү инновация жана салттуу проблеманы модернизация теориялык призмасы аркылуу кароого болот. Өзүнүн өнүгүшүндө теория коомдун салттыктан заманбаптыкка, агрардыктан индустриалдуулукка, андан ары постиндустриалдуулукка өтүшүн негиздеген. Эгерде салттуу коом инсанга караганда коомго артыкчылык бергени, туруктуулукка таянганы өзүн өзгөрүлбөгөн формада калыптандыруусу менен мүнөздөлсө, анда модернизацияланган коомдо, тескерисинче, адамдардын артыкчылыгы, анын эркиндигине жана жоопкерчилигине берилип, коомдун өзүн динамикалуулугу, өзгөрүүнүн жогорку даражасы менен мүнөздөсө болот.

# III ГЛАВА. БОЛОНДУК ПРОЦЕССТИН АЛКАГЫНДА КЫРГЫЗСТАНДА ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮНҮН ПРИОРИТЕТТҮҮ БАГЫТТАРЫ

## 3.1. Кыргызстанда Болондук процесске өтүү этаптары

Билим берүүнүн, атап айтканда жогорку билим берүүнүн реформасы билим берүү процессинин түздөн-түз катышуучуларынын гана кызыкчылыгы болбостон, азыркы учурда өлкөнүн ар бир жаранына, ошондой эле потенциалдуу иш берүүчүлөргө да, мамлекетке да бүтүндөй тиешелүү болгон Кыргызстанда өтө көп талкуулануучу тема болуп саналат.

Акыркы 20 жыл ичиндеги билим берүү тармагында кабыл алынган мыйзамдарга, стратегиялык жана программалык документтерге обзор жүргүзгөндө билим берүүнүн бардык ишмердүүлүк системасында ар түрдүү реформалар жарыяланып келгенин көрүүгө болот. Бардык реформалар билим берүүнүн негизги максатына – өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүшүнө жана коомдун талабына карай улам кийинки саясий документте кеңейтилип турган ар түрдүү мүнөздөмөдөгү жогорку билимдүү жана маданияттуу инсанды калыптандырууга жетишүүгө багытталган . Акыркы жылдары «Кыргызстандагы Болондук процесске өтүү боюнча жогорку окуу жайларда чоң иш-чаралар жүрүп жатат, министрлик тарабынан жүргүзүлгөн реформа канааттандырабы?» деген суроо менен *эксперттерге кайрылганда*, 60% ооба, канааттандырат, 40% жок, канааттандырбайт деп жооп беришкен.

**Диаграмма 10.**

**Кыргызстандагы Болондук процесске өтүү боюнча министрлик тарабынан жүргүзүлгөн реформа канааттандырабы**



*Жогорку окуу жайларынын кызматкерлерине:* «Кыргызстанда ЖОЖдорду Болония процессине өткөрүү боюнча да чоң иш-чаралар жүргүзүлүүдө, министрлик тарабынан жүргүзүлгөн реформа канааттандырабы», деген суроого 69,4% жок, канааттандырбайт, 20,4% жооп берүүдөн кыйналып турам, 10,2% ооба, канааттандырат. Демек, азыркы учурдагы министрлик тарабынан жүргүзүлүп жаткан реформа көпчүлүк жогорку окуу жайлардын кызматкерлерин канааттандырбайт.

**Диаграмма 11.**

**Кыргызстангыда Болондук процесске өтүү боюнча министрлик тарабынан жүргүзүлгөн реформа канааттандырабы**




«Кыргызстанда жогорку билим тармагында жүргүзүлүп жаткан реформалар туура багытта бара жатабы жана келечекте кандай жолго түшүүн каалайсыз» - деген суроо менен *эксперттерге кайрылганда*, төмөнкүдөй жооп алдык. Төмөнкү таблицаны караңыз (табл. 6).

**Таблица 6.**

**Кыргызстанда жогорку билим берүү тармагында жүргүзүлүп жаткан реформалар**

| Көрсөткүчтөр | Процент |
|---|---|
| Туура эле багытта баратат, мындан да өнүгүшүн каалайм | 38,0 |
| Жооп берүүдөн кыйналып турам | 20,0 |
| Жаңы реформага жараша сапаттуу билим болсо болмок, студенттерге жеткиликтүү  билим берилбейт, билимдин сапаты түшүп кетти | 14,0 |
| Беш жылдык жана акысыз билим болсо жакшы болмок, Болондук процесс билимдин сапаттын түшүрүп жатат | 10,0 |
| Келечекте көбүрөөк инновациялык жаңы методдор менен окуу процесстери жүргүзүлүшүн каалайт элем | 6,0 |
| Жүргүзүлүп жаткан реформалар аягына чыкса жакшы болмок | 4,0 |
| Бул система туура эмес, жогорку билим 5 жылдык болуш керек | 4,0 |
| Азыркы учурдагы билим алуудагы контракттын аябай эле көбөйүп кетиши, контрактты азайтса жакшы болмок | 2,0 |
| Кошумча сабактарды азайтып өз кесибине ылайык сабактар өтүлсө жакшы болмок | 2,0 |
| **Бардыгы** | 100,0 |

Ушул суроонун негизинде *жогорку окуу жайдын кызматкерлерине* кайрылганда төмөндөгүдөй жооп алдык. Төмөнкү таблицаны караңыз (табл. 7).

**Таблица 7.**

**Кыргызстанда жогорку билим берүү тармагында жүргүзүлүп жаткан реформалар**

| Көрсөткүчтөр | Процент |
|---|---|
| Советтик билим берүү системасы жакшы болчу, 5жылдык билим берүү системасына өтүү керек | 24,5 |
| Кыргызстандагы ЖОЖдордогу билим берүү тармагындагы реформалар толук түрдө жолго салынды деп айтууга азырынча эрте | 16,4 |
| Туура жол менен баратабыз, дүйнөлүк стандартка жооп беришибиз керек, үч баскычтуу системага тезирээк өтүш керек | 16,3 |
| Жооп берүүдөн кыйналып турам | 12,2 |
| Билим берүү министрлери тез алмашып тургандыгына байланыштуу, жасалып жаткан реформалар аягына чыкпай калып жатат | 8,2 |
| Акырындык менен билимдин сапаты жогорулап келе жатат | 8,2 |
| Жогорку билим берүү реформасы канааттандырбайт, көп саат студенттердин өз алдынча ишине берилгендиктен билим берүү деңгээлин төмөндөтүп жатат | 6,1 |
| ЖОЖдордо билим берүү системасы студенттердин талабына ылайык жана техникалык жетишкендиктерин пайдалануу менен реформа киргизүү зарыл. Мисалы, кагаз ишин азайтып электрондук системага өтүү керек | 4,1 |
| Жок туура эмес, Кыргыз Республикасынын Билим Берүү жана Илим Министрлиги тарабынан лицензиялоо жетиштүү болчу, аккредитация батыш өлкөлөрдүкү, кагаз жумушу алаксытат, советтик билим берүү системасы жакшы болчу | 2,0 |
| Министрлик милдеттүү сабактарды кыскартууга тийиш | 2,0 |
| **Бардыгы** | 100,0 |

«Кыргызстандагы Болондук системага өтүүдө билим берүү реформасынын өзгөчөлүгү» - деген суроого *эксперттер* 28% - жогорку билимдин сапатынын керектөөсүн камсыздоо, 25% - жогорку окууда бакалавр жана магистратура схемасына өтүү, 19%- ECTS зачеттук бирдик курсун баалоого киришүү, 13% - административдик башкаруу персоналдын жана окутуучулардын, студенттердин мобилдүүлүгүн көтөрүү, 10% - кошумча билим системасын өнүктүрүү, 3% - жогорку окуу жайларын автономдуулугун камсыздоо, 2% - жооп берүүдөн

кыйналып турам деп билдиришкен. Эксперттердин үчтөн бир бөлүгү Болондук процесстин реформалоодо биринчи өзгөчөлүгү билимдин сапатын камсыздаш керек экендигине басым жасашкан.

**Диаграмма 12.**

**Болондук системага өтүүгө билим берүү реформасынын өзгөчөлүгү**




*Эксперттерге* «Кыргызстанда Болондук системанын принциптерин ишке ашырууда кандай жагдайлар күтүлүүдө?» деген суроого 46%- жумушка орношуу көйгөйү, 24% - ишмерлердин адистерди окутууда кызыгуусунун жоктугу, 16% - Кыргызстандын башка өнүккөн өлкөлөрдөн артта калышы, 14% - базар экономикасына өтүү керектигин билдиришти. Азыркы учурда Кыргызстандын рынок шартына байланыштуу бүтүрүүчүлөр үчүн, жогорку окуу жайды бүткөндөн кийин, жумушка орношуу проблемасын жаратаары баарыбызга белгилүү.

**Диаграмма 13.**

**Кыргызстанда Болондук системанын принциптерин ишке ашыруу**



Бул жылдары билим берүү системасынын максаты жалпысынан өзгөрбөгөнүнө карабастан, билим берүү системасы коомдун кичи системасынын бири катары экономикалык жана саясий системага ылайыкташып келген жана ылайыкташып кала берет, б.а. маңызы боюнча тарыхый өзгөрүлмөлүү келип, коомдун конкреттүү өнүгүү этабынан көз каранды болот. Мына ушул этаптарга шайкеш келүү менен мезгил-мезгили менен алардын функцияларынын, алгылыктуу өнүгүү багыттарынын жаңы билим берүү түзүмдөрүнүн жана шайкеш келүүчү социалдык институттардын пайда болушунун багыты болуп турат.

Кыргыз Республикасынын суверендүү мамлекет болгонунан бери ата мекендик билим берүү системасынын өнүгүшүн шарттуу түрдө бир нече этаптарга бөлүүгө болот:

1-этап (80-жылдардын аягы – 90-жылдардын башы);

2-этап (1992-2000 – жылдар);

3-этап (2000-жылдардан тартып биздин учурга чейин).

**1-этап (80-жылдардын аягы – 90-жылдардын башы)**. Ушунда билим берүү тармагын жаңылоо иштери 1992-жылга чейин эле башталганын белгилей кетишибиз керек. Билим берүү кызматкерлеринин 1989-жылдын декабрь айында өткөн Бүткүл союздук курултайында билим берүү системасын кайрадан түзүүнүн башкы принциптери иштелип чыккан.

Реформанын алгылыктуу багыттары катары мазмунунда төмөнкүлөрдү камтып турган он негизги принцип белгиленген:

1. билим берүүнү демократиялаштыруу;
2. көп варианттуулук жана көп түрдүүлүк; инновацияга ачыктык;
3. билим берүү системасын аймакташтыруу;
4. көп улуттуу мамлекетте улуттук өзгөчөлүктөрдү эске алуу;
5. билим берүүнүн мазмунун гумандаштыруу;
6. билим берүүнү гуманитарлаштыруу;
7. билим берүүнүн ар түрдүүлүгүн жана дифференциациясын камсыз кылуу;

8. окутуунун өнүгүү мүнөзү;
9. окуунун үзгүлтүксүздүгү;
10. билим берүүнүн активдүү мүнөзү [101].

Бул өзгөрүүлөр ата мекендик билим берүүгө олуттуу таасирин тийгизип, жогорку окуу жайларынын академиялык өз алдынчалыгын ишке ашырууга, билим берүү мекемелеринин ар түрдүүлүгүн жана билим берүү программаларынын өзгөрүлмөлүүлүгүн, ошондой эле мамлекеттик эмес билим берүү секторунун өнүгүүсүн камсыз кылды.

Бирок 90-жылдары болуп өткөн жалпы системалык социалдык-экономикалык кризис билим берүү тармагынын позитивдик өзгөрүүсүн бир топ эле кечеңдетти. Ошону менен бирге ата мекендик билим берүүдө калыптанып калган көрүнүштөр дагы жоюлуп кеткенин да көрүүгө болот.

Ошондой эле мамлекеттик бюджеттен каржылоо кыскарып, өзгөчө калктын аз камсыз болгон катмары үчүн билим алууга болгон мүмкүнчүлүктүн кыскаруу тенденциясы пайда боло баштады. Педагогдордун, билим берүү тармагында иштегендердин айлык маянасын төлөп берүүдө кыйынчылыктар келип чыкты, жаш муундар үчүн мыйзам чыгаруу базасынын толук иштелип чыкпагандыгы, жаңы эрежелердин жана нормативдердин, окуу китептеринин жана окуу материалдарынын ж.б. жоктугу белгилүү болду. Бул проблемаларды чечүүдө ички резервдер сыяктуу эле жеке менчик секторлордун, эл аралык уюмдардын, фонддордун, ассоциациялардын ж.б. колдоосу да пайдаланылды [4].

**2-этап (1992-2000 – жылдар).** Ошентип, 1990-жылдар Кыргыз Республикасынын жогорку билим берүү системасы үчүн чындап эле бурулуш учур болуп калды. Коомдун саясий, экономикалык жана социалдык турмушун реформалоо процесси билим берүү тармагынын мазмундук жана методикалык жактан кайра курулушун мыйзамдуу талап кылды.

Өлкөнүн билим берүү саясатын реформалоонун алгылыктуу жактары Кыргыз Республикасынын Конституциясы, Кыргыз Республикасынын «Билим

берүү жөнүндө» Мыйзамы (1992-ж.) сыяктуу башкы нормативдик документтерде аныкталган.

Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамынын кабылданылышы билим берүүнү мамлекеттик деңгээлде жаңылап өнүктүрүүнүн укуктук негизин камсыз кылды, Кыргызстандын билим берүү системасынын олуттуу өзгөрүшүнө багытталган иш жүргүзүүнүн убактысын аныктады. Анда билим берүү программаларынын диверсификацияга өтүшү, жаңы формаларды жана окутуу технологияларын издөөнү, каржылоонун калыптанып калган көп каналдуулугу, билим берүү кызматтарын көрсөтүү үчүн ар түрдүү өнөктөштөрдү тартуусу, ар бир кыргызстандыктын жогорку билим алуу талаптарына, багытына, жөндөмдүүлүгүнө жана талантына ылайык келген жогорку сапаттагы билим алууга болгон мүмкүнчүлүгүнө жол бериле турган билим берүү секторунун болушу каралган [39].

Бул артыкчылыктар 1996-жылы кабыл алынган «Билим» Улуттук билим берүү программасында өнүктүрүлгөн. Программада мыйзамдык базаны жакшыртуу, мектептик жана ЖОЖдук билим берүүнүн мазмунун ар тараптуу жаңылоо, терендетүү, сапаттык жактан өстүрүү, социалдык коргоо боюнча окуучулардын жана педагог-окутуучулардын сабак процессинде алып барчу иш-чаралары, билим берүү мекемелерин туруктуу каржылоо механизмдерин иштеп чыгуу маселелери каралган.

Билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүн жана сапатын камсыздоого карата «XXI кылымдын кадрлары» (1995-ж.) Президенттик программасы, жакырчылыкты жоюуга арналган «Аракет» (1998-ж.), «Аялзат» (1997-ж.), «Маданият» (1996-ж.) сыяктуу Улуттук башка программалар да багытталган.

Бул аталган программаларды жүзөгө ашыруу жылдарында билим берүүнүн бардык тепкичтеринин нормативдик-укуктук базасы негизинен түзүлүп бекемделди, айры конструктивдүү өзгөртүүлөр киргизилди, билим берүү стандарттары иштелип чыкты, окутуу процессине инновациялык технологияларды киргизүү күчүнө кирип баштады, билим берүү тармагынын экономикалык жактан турукташуусу боюнча бир топ иштер аткарылды.

**3-этап (2000-жылдардан тартып биздин учурга чейин).** Билим берүү тармагынын өнүгүшү үчүн мындан аркы натыйжалуу мамиле стратегиясын аныктоо максатында анын жогорку деңгээлине жана натыйжалуулугуна жетүүгө багытталган коомдук демилгени колдоп, 2000-жылдын августунда Кыргыз Республикасынын Президентинин Указы менен Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн Мамлекеттик Доктринасы кабыл алынган. Доктрина Кыргызстандагы билим берүү тармагынын 2025-жылга чейинки мезгилдеги өнүгүшүнүн стратегиясын жана тактикасын аныктай турган негизги документ болуп саналат. Анын эң бир алгылыктуу милдеттери болуп төмөндөгүлөр эсептелинет:

- окутуунун заманбап технологияларын эске алуу менен билим берүү чөйрөсүн каржылоодогу жана башкаруудагы туруктуулукту, окутуу ишин оптималдаштырууну, эмгек акыларынын өз убагында берилишин жана заман талабына шайкеш келүүсүн, билим берүүдөгү эмгек мыйзамдарынын сакталышын камсыз кылуу;
- билим берүү тармагындагы жетишкендиктердин тарыхый үзгүлтүксүздүгүн, элдик педагогиканын үзүрлүү салттарды сактоо;
- маданият, экономика, илим, техника жана окутуу технологияларындагы өзгөрүүлөрдү эске алуу менен жогорку кесиптик билим берүүнүн мазмунун системалуу түрдө жаңылоо;
- билим берүү мекемелеринин иш-аракеттеринин натыйжалуулугуна жана жогорку сапаттуулугуна жетишүү;
- билим берүү тармагынын кызматкерлерине артыкчылыктуу колдоо көрсөтүү, алардын коомчулуктагы кадыр-баркын жана социалдык абалын туруктуу жогорулатуу;
- билим берүүнү маалыматташтыруу жана басымдуу изденүүчүлүккө негизденген жаңы технологияларды киргизүү шартында кесиптик билим берүү маселелерин чечүүгө жөндөмдүү жогорку квалификациялуу адистерди даярдоо;

- студенттерде заманбап дүйнө таанымды жана илимий көз карашты калыптандыруу;
- бүгүнкү студентти (магистрантты), эртеңки адисти демократиялуу, көз карандысыз коомубуздун татыктуу уулу, кызы кылып тарбиялоо, улуттар аралык мамилелерди өнүктүрүү;
- жаратылышка жана айлана-чөйрөгө сарамжалдуу жана кылдат мамиле кылууга үйрөтүү, экологиялык билим, тарбия берүү;
- жекече гармониялуу өнүгүү жана өзүн-өзү ачылтуу кызыкчылыгында эстетикалык жана денелик тарбияны өнүктүрүү;
- билим берүү мекемелеринин түрлөрүн жана типтерин, көп варианттуу билим берүү программаларын, билим берүү мекемелеринин вертикалдык жана горизонталдык жактан интеграцияланышын өнүктүрүү.

Алдыга коюлган маселелерди чечүү үчүн, 2002-жылы өлкөнүн билим берүү системасынын андан ары өнүктүрүлүүсүн аныктаган «Кыргыз Республикасынын билим берүүсүн 2010-жылга чейин өнүктүрүүнүн Концепциясы» кабыл алынган.

Реформанын башкы максаты билим берүүнүн өз алдынча өнүгө турган төмөндөгүдөй натыйжалуу системасын түзүү болуп эсептелинет:

- Кыргызстандын билим берүүсүнүн натыйжалуулугун арттыруу жана өлкөнүн ар тараптуу туруктуу өнүгүүсүн камсыз кылуу;
- кадрдык ресурстарды өркүндөтүү, жаңы кылымдын реалдуулуктарында иштөөгө даяр жана жөндөмдүү кадрлар менен камсыз кылуу;
- өнүгүп келе жаткан инсандын билим берүү муктаждыктарын канааттандыруу [150].

Кыргызстанда жогорку билим тармагында жүргүзүлүп жаткан реформалар туура багытта бара жатабы жана келечекте кандай жолго түшүүсүн каалашарын жогорку *окуу жайларда иштеген кызматкерлердин* 24,5% советтик билим берүү системасы жакшы болчу, 5 жылдык жогорку билим берүү системасына өтүү

керек, 16,3% туура жол менен баратабыз, дүйнөлүк стандартка жооп беришибиз керек, үч баскычтуу системага тезирээк өтүшүбүз керек, 16,3% Кыргызстандын ЖОЖдорундагы, билим берүү тармагындагы реформалар толук түрдө жолго салынды деп айтууга азырынча эрте, 12,2 % жооп берүүдөн кыйналып турам, 8,3% билим берүү министрлери тез-тезден алмашып тургандыгына байланыштуу, жасалып жаткан реформалар аягына чыкпай калып жатат, 8,2% акырындык менен билимдин сапаты жогорулап келе жатат, 6,1% жогорку билим берүү реформасы канааттандырбайт, көп саат студенттердин өз алдынча ишине берилгендиктен, билим берүү деңгээлин төмөндөтүп жатат, 4,1% жогорку окуу жайларында билим берүү системасы студенттердин талабына ылайык жана техниканын жетишкендиктерин пайдалануу менен реформа киргизүү зарыл. Мисалы, кагаз ишин азайтып электрондук системага өтүү керек, 2,0% жок туура эмес, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан лицензиялоо жетиштүү болчу, аккредитация батыш өлкөлөрдүкү, кагаз жумушу өтө көп болгондуктан негизги жумуштан алаксытат, советтик билим берүү системасы жакшы болчу, 2,0% министрликтин милдеттүү сабактарды кыскартууга тийиш экендигин билдиришти. Төмөнкү таблицаны караңыз (табл. 8).

Жогорку окуу жайынын ишмердүүлүгү жеке менчиктин жана институционалдык тийиштүүлүктүн юридикалык формасынан көз карандылыктан тышкары бирдиктүү мыйзам, тактап айтканда, 2003-жылдын 30-апрелиндеги Билим берүү жөнүндөгү Мыйзам аркылуу жөнгө салынат. Ушул мыйзамга ылайык, билим берүү системасы төмөндөгү негизги принциптерге негизделет:

- мамлекеттик билим берүү мекемелеринде мамлекеттик стандартка ылайык башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүүгө карата эркин мүмкүнчүлүктөрдүн болушу;
- башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билимди коммерциялык негизде алууга мүмкүндүк берилип, мамлекеттик жогорку окуу жайларында да ушундай мүмкүнчүлүктүн болушу;

- билим берүүнүн гумандуулук мүнөзү;
- билим берүүнүн саясий жана диний уюмдардан көз карандысыздыгы; билим берүүнүн светтик мүнөзү;
- билим берүү мекемелеринин академиялык эркиндиги, академиялык бүтүндүүлүк [130].

**Таблица 8.**

**Кыргызстанда жогорку билим тармагында жүргүзүлүп жаткан реформаларга сунуштар**

| Сунуштар | Процент |
|---|---|
| Советтик билим берүү системасы жакшы болчу, 5 жылдык жогорку билим берүү системасына өтүү керек | 24,5 |
| Туура жол менен баратабыз, дүйнөлүк стандартка жооп беришибиз керек, үч баскычтуу системага тезирээк өтүшүбүз керек | 16,3 |
| Кыргызстандын ЖОЖдорундагы, билим берүү тармагындагы реформалар толук түрдө жолго салынды деп айтууга азырынча эрте | 16,3 |
| Жооп берүүдөн кыйналып турам | 12,2 |
| Билим берүү министрлери тез-тезден алмашып тургандыгына байланыштуу, жасалып жаткан реформалар аягына чыкпай калып жатат | 8,3 |
| Акырындык менен билимдин сапаты жогорулап келе жатат | 8,2 |
| Жогорку билим берүү реформасы канааттандырбайт, көп саат студенттердин өз алдынча ишине берилгендиктен билим берүү деңгээлин төмөндөтүп жатат | 6,1 |
| ЖОЖдордо билим берүү системасы студенттердин талабына ылайык жана техниканын жетишкендиктерин пайдалануу менен реформа киргизүү зарыл. Мисалы, кагаз ишин азайтып электрондук системага өтүү керек | 4,1 |
| Жок туура эмес, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан лицензиялоо жетиштүү болчу, аккредитация батыш өлкөлөрдүкү, кагаз жумушу өтө көп болгондуктан негизги жумуштан алаксытат, советтик билим берүү системасы жакшы болчу | 2,0 |
| Министрлик милдеттүү сабактарды кыскартууга тийиш. | 2,0 |
| **Бардыгы** | 100,0 |

Ошентип, Кыргызстан демократиялык принциптерге жана пикирлердин плюрализмине негизделген системаны киргизүү максатында билим берүү тармагында тажрыйба жүргүзө баштады. Реформанын негизги багыттары сапат, натыйжалуулук жана жеткиликтүүлүк болду.

2001-жылы «Кыргыз Республикасын 2010-жылга чейин комплекстүү өнүктүрүүнүн негиздери» аттуу улуттук программасы кабыл алынган. Өлкөнү өнүктүрүүнүн бул комплекстүү негиздерин иш жүзүнө ашыруу планында билим берүү тармагын алдыдагы он жылдыкка өнүктүрүүнүн үч маанилүү стратегиялык милдеттери аныкталган.

Өнүгүүнүн комплекстүү негиздери:

1. Билим алууга мүмкүндүктү жана билим берүүнүн сапатын камсыздоо;
2. Билим берүү мекемелериндеги окуу-методикалык жана материалдык-техникалык базаны бекемдөө;
3. Билим берүү системасынын ишмердүүлүгүндө экономиканын натыйжалуулугуна жана каржылык туруктуулугуна жетишүү [159].

Республиканын 2010-жылга чейинки өнүгүшүнүн Жалпы улуттук стратегиясы, билим берүү тармагындагы мамлекеттик саясат үзгүлтүксүз билим берүү системасынын ийкемдүү, ачык жана өнүгүү жолунда экендигине басым жасайт.

Мындан тышкары, көрсөтүлгөн мезгилде Кыргызстанда 2001-2010-жылдар аралыгындагы «жаңы муун» балдардын укугун коргоо боюнча мамлекеттик Программа бекитилген (2001-ж.), 2010-жылга чейин Кыргызстандагы жаштарды өнүктүрүү боюнча «Жаштык» Улуттук программасы (2001-ж.), Жакырчылыкты кыскартуунун 2003-2005-жылдардагы Улуттук стратегиясы (2002-ж.) кабыл алынган.

Баарына билим берүү боюнча 2015-жылга чейинки иш аракеттин Улуттук планы (2002-ж.), Кыргыз Республикасынын билим берүү концепциясы (2002-ж.), Кыргыз Республикасынын билим берүүнү каржылоо стратегиясы (2006-ж.) кабыл алынган, Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн 2010-жылга чейинки өнүгүү стратегиясы (2007-ж.) иштелип чыккан, Өлкөнүн 2007-2010-жылдарга карата өнүгүү стратегиясы (2007-ж.) ж.б. бекитилген.

Кыргызстандын билим берүү системасы үчүн Дакар келишиминин алкагындагы Бардыгы үчүн Билим Берүү ааламдык кыймылына кошулуу зор окуя болуп калды.

Дакардагы билим берүү боюнча өткөн форум бүткүл дүйнөлүк кыймылдын өзөктүү окуясы болчу. Бардыгы үчүн билим берүү Джомтьенде (Таиланд 1990) башталып, Джомтьен конференциясында белгиленген алты максатка жетүүнүн алкагындагы дүйнөлүк коомчулуктун он жылдык кыймылынын өз алдынча жыйынтыгы болуп калды.

Дакар Форумунан кийин андагы келишимдин алкагында Кыргыз Республикасында бардыгы үчүн билим берүүгө карата иш-аракеттердин Улуттук планы иштелип чыгып, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2002-жылдын 30-июлундагы №504 Токтому менен бекитилген.

Азыркы учурда республикада ишке ашырылып жаткан билим берүү реформасы анын уюштуруучулук-экономикалык, укуктук, түзүмдүк жана мазмундук маселелерин түп-тамырынан бери өзгөртүүгө багытталган комплекстик иш-чаралар менен байланыштуу.

Кыргызстандын билим берүү тармагындагы саясаты эл аралык кызматташтыктын бүтүн системасын уюштурууга багытталган. Билим берүүнү реформалоо процесси КМШ өлкөлөрүнүн аймагында бирдиктүү (жалпы) билим берүү мейкиндигин түзүүгө жана дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине чыгууга алып келет.

Реформалоонун азыркы учурдагы этабында өкмөт тарабынан жеке инсанга багытталган билим берүүгө жана билим берүү программасын калыптандырууга болгон компетенттүүлүк мамилеге, билим берүүнүн рынок талабына жана дүйнөлүк билим берүү мейкиндигинин интеграциясына ылайыкташына өтүүгө карата бир нече иш-чаралар катары иштелип чыгууда.

Болонья Конвенциясына кошулуп, Кыргызстан кесиптик билим берүүнүн курамын жана түзүмүн өзгөртүү менен, каржылоо каражаттарынын булагын тандоодо жогорку окуу жайларына эркиндик берүү жана ошондой эле өзүнүн негизги ишмердүүлүгүн коммерциялаштыруу мүмкүндүгү менен билим берүү

сапатынын дүйнөлүк стандартка ылайык келишин камсыздаган багыттагы жогорку квалификациялуу кадрларды даярдоо трансформациясына кирди.

Болонья декларациясы тарабынан негизги жаңы киргизилгендер:

- жогорку окуу жайларынын улуттук системасынын даярдоо программалары боюнча мөөнөтү жана мазмуну менен салыштырмалуулугун камсыздаган жогорку кесиптик билим берүүнүн эки деңгээлдүү (келечегинде үч деңгээлдүү) системасынын уюштурулушу;
- студенттердин жумушка орношуусуна таасир этүү жана европалык билим берүүгө карата атаандаштыкка туруктуулукту күчөтүү максаты менен дипломго бирдиктүү Европалык тиркеменин (Diploma Supplement) киргизилиши;
- ири масштабдагы студенттик мобилдүүлүктү колдоо каражаты катары кредитти Европалык Которуу Системасы ECTS (зачеттук бирдик системасы) түрүндө студенттердин өздөштүргөн билимин мазмунуна карата бирдиктүү эсепке алуу механизминин киргизилиши;
- студенттердин жана окутуучулардын, изденүүчүлөрдүн, жогорку окуу жайынын административдик персоналынын мобилдүүлүгүнүн олуттуу жогорулоосу үчүн тиешелүү шарттарды түзүү;
- билим берүүнүн сапатын жогорулатуу жаатында иш-чараларды иш жүзүнө ашыруу жана өз ара таанылган методологиялардын жана аны баалоонун мамлекеттер аралык критерийлеринин киргизилиши;
- бир жагынан жогорку окуу жайынын автономиялуулугунун өсүшү (сабактардын жыйымын тандоодогу жана түзүүдөгү, окуу планынын түзүүдөгү жогорку окуу жайынын өз алдынча иштеши), ал эми экинчи жагынан аларга билим берүүнүн сапаты боюнча толугу менен жоопкерчиликтин жүктөлүшү;
- билим берүү менен илимдин интеграциясын күчөтүү, университеттин илимий изилдөө борбору катары ишин активдештирүү;

- жогорку окуу жайынын билим берүү жаатындагы ишмердүүлүгүнүн сапатын баалоого студенттердин активдүү катышуусу, окулуучу сабактарды тандоодо студенттерге толугу менен өз алдынча иштин берилиши менен натыйжада алардагы билим алууга болгон жекече траекториясынын калыптанышы.

Болондук процесстин талабы боюнча Кыргызстандагы жогорку окуу жайларына дипломдун тиркемесин киргизүү болгон. Бул жөнүндө сурамжылап: «Сиз окуган окуу жайда Европа мейкиндигиндеги бардык мамлекеттерде квалификацияны таануучу, жалпы европалык бирдиктүү, англис тилиндеги дипломго тиркеме берилеби (Diploma Supplement)»? – деп *жогорку окуу жайда иштеген кызматкерлерге* кайрылдык. Төмөнкү таблицаны караңыз (табл. 9).

**Таблица 9.**

**Жогорку окуу жайларда дипломго тиркеме берилеби (Diploma Supplement)**

| Себептер | Процент |
|---|---|
| Берилбейт | 34,5 |
| Ооба, бардык студенттерге автоматтык түрдө бекер берилет | 16,4 |
| Бардык студенттерге берилет, бирок кошумча төлөм аркылуу | 14,3 |
| Суроо боюнча жана кошумча төлөм аркылуу берилет | 14,3 |
| Бекер берилет, бирок суроолор боюнча | 8,2 |
| Эмне жөнүндө сөз болуп жатканын түшүнгөн жокмун | 6,2 |
| Жооп берүүдөн кыйналып турам | 4,1 |
| Студенттер талап кыла элек | 2 |
| **Бардыгы** | **100,0** |

Ушул эле суроо менен *респонденттерге* кайрылганда: «Сиз окуган окуу жайда Европа мейкиндигиндеги бардык мамлекеттерде квалификацияны таануучу, жалпы европалык бирдиктүү, англис тилиндеги дипломго тиркеме берилеби (Diploma Supplement)»? –деген суроого 36% бардык студенттерге берилет, бирок кошумча төлөм аркылуу, 18% эмне жөнүндө сөз болуп жатканын түшүнгөн жокмун, 18% берилбейт, 14% суроо боюнча жана кошумча төлөм

аркылуу берилет, 6% ооба, бардык студенттерге автоматтык түрдө бекер берилет, 4% бекер берилет, бирок суроолор боюнча, 4% жооп берүүдөн кыйналып турам деп респонденттер жооп беришкен. Демек, Кыргызстандагы жогорку окуу жайлар Болондук процессине өткөн менен талапка ылайык дипломдун тиркемелери берилбегенин же кошумча акы төлөп аларын айтышкан.

**Диаграмма 14.**

**Жогорку окуу жайларда дипломго тиркеме берилеби (Diploma Supplement)**




Канчалык деңгээлде Кыргызстандагы жогорку окуу жайларында Europe Credit Transfer System (ECTS) кабыл алынганын, *жогорку окуу жайда иштеген кызматкерлерине*: «Университетиңизде баллдык бааларды кредиттик бирдикке өткөрүү системасы түзүлгөнбү (ECTS)?»- деген суроого, 77,6% түзүлгөн жана иштейт, 14,3% түзүлгөн эмес, 6,1% түзүлгөн, бирок бир нече предметтерге гана тиешелүү, 2% түзүлгөн, бирок бир нече багыттарга гана тиешелүү экендигин айтышкан.

**Диаграмма 15.**

**Окуу жайда академиялык баллдык бааларды кредиттик бирдикке өткөрүү системасы (ECTS)**




*Респонденттерге* жогорку суроо менен кайрылганда 60% түзүлгөн жана иштейт, 14% түзүлгөн, бирок бир нече багыттарга гана тиешелүү, 12% жооп берүүдөн кыйналып турам, 8% түзүлгөн эмес, 6% түзүлгөн, бирок бир нече предметтерге гана тиешелүү экендигин билдиришкен.

**Диаграмма 16.**

**Окуу жайда академиялык баллдык бааларды кредиттик бирдикке өткөрүү системасы (ECTS)**




Көрсөтүлгөн багыттарга ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-августундагы №496 Токтому бекитилген:

- эки деңгээлдүү окутууга өтүү (бакалавриат-магистратура);
- компетенттүүлүккө негизделген Мамлекеттик стандарттын жаңы муунунун макети.

Азыркы учурда жогоруда белгиленген программаларга ылайык негизги стратегиялык билим берүү документтери иштелип чыкты:

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик билим берүү Доктринасы (2025-жылга чейин), Билим берүүнү өнүктүрүүнүн Концепциясы (2020-жылга чейин), Билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясы (2012-2020-ж.ж., долбоор), Биринчи үч жылдык мезгилиндеги – 2012-2013-2014-ж.ж. стратегияларды ишке ашыруу планы.

Белгиленген документтердин стратегиялык максаты катары: *сапаттуу билим берүү үчүн натыйжага багытталган базалык негизди түзүү болуп саналат.*

Билим берүүнүн деңгээлдери боюнча өнүгүү стратегиясына ылайык фундаменталдык деп эсептелинген үч багыт бар: бул башкаруунун, каржылоонун жана чечим кабыл алууга негиз болгон мониторингдин жана баалоонун реформасы.

Бул стратегия башкаруунун жаңы ыкмаларын киргизүүнү жана ошондой эле билим берүү мекемелерин каржылоого да жаңы ыкманы киргизүүнү сунуштайт.

Стратегияда жогорку окуу жайларын реформалоонун үч маанилүү кадамы белгиленет:

- Профилдик жогорку окуу жайларында жакын тектүү багыттагы адистиктерди топтор боюнча даярдоого басым жасоо, жогорку окуу жайынан өзүн-өзү каржылоого өткөн ошондой жакын тектүү адистиктерди ачуу менен жогорку окуу жайларын профилдештирүүнү ишке ашыруу;
- Жогорку окуу жайларынын тармактык түзүмүн оптималдаштыруу: университет - институт –колледж;
- Бул профилдеги адистиктерди даярдоого кеткен бюджеттик чыгымдын көбөйүшүнө алып келе турган бюджеттик орундардын санын оптималдаштырууну жүргүзүү. Бул каражаттын бир бөлүгү жогорку окуу жайындагы илимдин өнүгүшүнө жумшалышы керек [159].

Жүргүзүлгөн реформанын рамкасындагы киргизилген жаңылыктар ата мекендик билим берүүнүн сапатын жогорулатууга кызмат кыларына, анын эл тарабынан жактырыларына жана атаандаштыкка туруктуулугуна, Кыргыз

Республикасынын жогорку билим берүүсүнүн фундаменталдык мүнөзүн колдой турганына ишеним артуу гана калат.

## 3.2. Болондук процесстин алкагындагы жогорку билим берүүнүн приоритеттүү багыттары

Билим берүү коомдогу эң маанилүү чөйрөлөрдүн бири болуп эсептелет. Анын конкреттүү окуу сабактарынын, социалдык институттарынын, маалыматты берүү методдорунун, билим берүү мекемелеринин, курулуш түзүмүнүн ар түрдүүлүгүнөн көпчүлүк учурда элдин келечеги анын интеллектуалдык, ошондой эле рухий өнүгүшүнөн көз каранды болот. Ушундан улам көпчүлүк өнүккөн өлкөлөрдө мамлекеттин негизги функцияларынын бири катары билим берүү болуп саналат да аны өнүктүрүүгө жыл сайын адамдын, ошондой эле материалдык ресурстардын көпчүлүк бөлүгү жумшалат.

Бирок, ошону менен катар эле билим берүү системасы анын бардык болгон элементтери менен бирге гармонияда ишке ашырыла турган жаңыланууга да муктаж экендигин белгилеп кетүү керек. Демек, ошол жаңылануу билим берүүгө пайда гана алып келбестен, кээде андагы кыйынчылыктарды жаратып, оор кесепеттерди алып келерин да тануга болбойт.

Билим берүүдөгү ушундай жаңылануунун бири болгон ушул эле Болондук билим берүү системасын (Болондук процесси) карап көрөлү. Бул процесстин башкы максаты жогорку билим берүү үчүн бирдиктүү мейкиндикти түзүү болуп саналат.

Кыргыз Республикасы Болондук процессине европа өлкөлөрүнүн билим берүү министрлеринин Берлинде өткөн саммитиндеги декларацияга 2011-жылдын сентябрында кол коюу менен кошулган. Аталган декларацияга ылайык Болондук процесстин принциптеринин негизи төмөнкүлөрдөн турат:

- эки деңгээлдүү билим берүүнү киргизүү (бакалавриат, магистратура);
- ECTS насыя системасын киргизүү;
- билим берүүнүн сапатын контролдоо;
- мобилдүүлүктү жогорулатуу;
- бүтүрүүчүлөрдү жумуш менен камсыз кылуу;
- европалык билим берүү системасынын артыкчылыгын камсыздоо [152].

Бүгүнкү күндө Болондук процесс тууралуу илимий жана педагогикалык чөйрөдө активдүү талкуулар жүрүүдө. Жыйынтыгында мындай суроолор коюлуп келген учурлар аз эмес: «Болондук процесстин оң жана терс жактары эмнеде?». Бул суроонун тегерегинде процессти бир жактуу колдоодон тартып аны толугу менен жокко чыгарганга чейинки өтө көп ар түрдүү пикирлер жолугат. Ошондуктан, чындап эле Болондук процесстин оң жана терс жактары эмнеде экендигин аныктап алуу зарылдыгы келип чыгат.

Алгач Болондук системасынын *оң жактарын* бөлүп көрсөтүп алалы. Болондук процесстин биринчи эле артыкчылыктары катары жогорку билим берүүнүн эки деңгээлдүү системасы, башкача айтканда бакалавриат жана магистратурага бөлүнүшү болуп саналат. Мындай система биринчи кезекте өзүнүн кесиптик даярдыгын жогорулатууну арттырууга толук мүмкүнчүлүк ачып берет. Бакалавриатты аяктагандан кийин студент андан жогорку кесиптик статус алуу үчүн магистратурага тапшыруу мүмкүнчүлүгүн алат. Экинчи жагынан алып караганда бул система ар дайым өзгөрүп туруучу рынок шартына карап өзүнүн даярдоо системасын ийкемдүү өзгөртүүгө мүмкүндүк берет. Муну менен катар эле студент бакалавриатты бир адистик менен бүтүрүп, ал эми магистратурадан башка адистиктен билим алуусуна уруксаат берилет [151]. *Эксперттердин* пикири боюнча жогорку билим системасындагы эки деңгээлдүү билимдин артыкчылыктары, 52% билимдин сапатын жогорулатуу, 24% эки же андан көп жогорку билим алуу мүмкүнчүлүгү, 20% билимдин үзгүлтүксүз өнүгүшү, 4% студенттер менен окутуучулардын ортосундагы байланышуу мүмкүнчүлүгү бар экендигин билдиришкен.

**Диаграмма 17.**

**Жогорку билим системасындагы эки деңгээлдүү билимдин артыкчылыктары**




Сурамжылоонун негизинде *жогорку окуу жайдын кызматкерлери* «Жогорку окуу жайлардын Болондук системага өтүшү кандай артыкчылыктарды жаратты» деген суроого төмөнкүдөй белгилешкен. Төмөнкү таблицаны караңыз (табл. 10).

**Таблица 10.**

**Жогорку окуу жайлардын Болондук системага өтүүдөгү артыкчылыктар**

| Артыкчылыктар | Процент | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | Өтө начар | Начар | Канааттандырарлык | Жакшы | Абдан жакшы |
| Билим жана илимий эл-аралык программаларга катышуу мүмкүнчүлүгү | 8,2 | 14,3 | 22,4 | 34,7 | 20,4 |
| Орусия жана Европанын окуу жайларында стажировка өтүүгө мүмкүнчүлүк | 10,2 | 10,3 | 36,7 | 30,6 | 12,2 |
| Студенттерди окутууда жаңы методдорду колдону | 6,1 | 12,2 | 30,6 | 32,7 | 18,4 |
| Чет тилдерин билүүгө даярдоонун деңгээлин көтөрүү | 6,1 | 10,2 | 28,6 | 30,6 | 24,5 |
| Билим берүүнүн сапатын көтөрүү | 10,2 | 14,3 | 18,4 | 32,7 | 24,4 |
| Заманбап окутуу методикасын жана электрондук китептердин иштеп чыгуу мүмкүнчүлүгү | 8,2 | 2,0 | 34,7 | 36,7 | 18,4 |
| Дистанттык окутуу системасынын артыкчылыктары жана иштеп чыгуу мүмкүнчүлүгү | 10,2 | 16,3 | 28,6 | 28,6 | 16,3 |

*Респонденттерге*: «Жогорку окуу жайлардын Болондук системага өтүшү кандай артыкчылыктарды жаратты» деген суроого төмөнкүдөй жооп беришкен. Төмөнкү таблицаны караңыз (табл. 11).

**Таблица 11.**

**Жогорку окуу жайлардын Болондук системага өтүүдөгү артыкчылыктар**

| Артыкчылыктар | Процент | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | Өтө начар | Начар | Канааттан-дырарлык | Жакшы | Абдан жакшы |
| Европалык ЖОЖдо бир нече семестр окуу мүмкүнчүлүгү | 28,0 | 12,0 | 6,0 | 28,0 | 26,0 |
| Семинарларга, жыйындарга, эл аралык илимий-изилдөө долбоорлорго, катышуу мүмкүнчүлүгү ж.б. | 12,0 | 18,0 | 10,0 | 38,0 | 22,0 |
| Окуу жайды башкарууга катышуу мүмкүнчүлүгү | 14,0 | 10,0 | 18,0 | 40,0 | 18,0 |
| Европада Кыргызстандын ЖОЖдун дипломун таануу | 2,0 | 10,0 | 28,0 | 38,0 | 22,0 |
| ЖОЖдордун бүтүрүүчүлөрүнүн эмгек рыногунда конкуренцияга атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу | 4,0 | 14,0 | 18,0 | 38,0 | 26,0 |
| Окуу курстарын билим алууда тандоо мүмкүнчүлүгү | 10,0 | 6,0 | 22,0 | 38,0 | 24,0 |
| Магистратура боюнча билим берүүнүн сапатын жогорулатуу мүмкүнчүлүгү, квалификацияны жогорулатуу курстары ж.б. кошумча окутуунун түрлөрү | 2,0 | 14,0 | 28,0 | 30,0 | 26,0 |
| Атайын ЖОЖго чакырылган мыкты окутуучулардан сабак алуу мүмкүнчүлүгү | 4,0 | 4,0 | 22,0 | 40,0 | 30,0 |
| Кызматкерлерди кызматташуу жөнүндө Европалык талаптар боюнча маалыматтарды алуу | 12,0 | 8,0 | 18,0 | 44,0 | 18,0 |
| Европага жумушка орношу мүмкүнчүлүктөрү | 14,0 | 14,0 | 18,0 | 34,0 | 20,0 |

Болондук процесстин артыкчылыгы катары бүтүрүүчүлөрдүн дипломуна тиркеме киргизилди. *Жогорку окуу жайлардын кызматкерлерине:* «Сиздин көз карашыңызда Diploma Supplement алууда студенттер үчүн кандай артыкчылыктар камсыз кылынмак?» деген суроо менен кайрылганда, 29,6% эл аралык компанияларда жумушка орношуу мүмкүнчүлүгү, 28,6% окууну чет өлкөдө улантуу мүмкүнчүлүгү, 17,4% бардык чет өлкөлөрдө биздин бүтүрүүчүлөрдүн квалификациясын таануу, 14,2% бүтүрүүчүлөргө эч кандай артыкчылыктар берилген эмес, 4% дүйнөлүк эмгек рыногунда бүтүрүүчүлөрдүн атаандаштык мүмкүнчүлүктөрүнүн жогорулатылышы, 3,2% адистиги боюнча жумушка орношуудагы жеңилдиктердин болушу, 3% бүтүрүүчүнүн беделинин көтөрүлүшү керек деп жооп беришти. Төмөнкү таблицаны караңыз (табл. 12).

**Таблица12.**

**Diploma Supplement алууда студенттер үчүн артыкчылыктар**

| Diploma Supplement алууда артыкчылыктар | Процент |
|---|---|
| Эл аралык компанияларда жумушка орношуу мүмкүнчүлүгү | 29,6 |
| Окууну чет өлкөдө улантуу мүмкүнчүлүгү | 28,6 |
| Бардык чет өлкөлөрдө биздин бүтүрүүчүлөрдүн квалификациясын таануу | 17,4 |
| Бүтүрүүчүлөргө эч кандай артыкчылыктар берилген эмес | 14,2 |
| Дүйнөлүк эмгек рыногунда бүтүрүүчүлөрдүн атаандаштык мүмкүнчүлүктөрүнүн жогорулатылышы | 4,0 |
| Адистиги боюнча жумушка орношуудагы жеңилдиктердин болушу | 3,2 |
| Бүтүрүүчүнүн беделинин көтөрүлүшү | 3,0 |
| **Бардыгы** | 100,0 |

*Респонденттерге:* «Diploma Supplement алууда сиз үчүн кандай артыкчылыктар камсыз кылынат?» деген суроого 28% эл-аралык компанияларда жумушка орношуу мүмкүнчүлүгү, 19% чет өлкөдө окууну улантуу мүмкүнчүлүгү, 18% бардык өлкөдө бүтүрүүчүлөрдүн квалификациясын таануу, 12% бүтүрүүчүлөр эч кандай артыкчылык албайт, 7% Эмгек рыногунда бүтүрүүчүлөрдүн атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн көтөрүлүшү, 7% адистиги

боюнча жумушка орношууда жеңилдиктер, 5% бүтүрүүчүнүн беделинин көтөрүлүшү, 4% жооп берүүдөн кыйналып турам деп белгилешти. Төмөнкү таблицаны караңыз (табл. 13).

**Таблица 13.**

**Diploma Supplement алууда студенттер үчүн артыкчылыктар**

| Diploma Supplement алууда артыкчылыктар | Процент |
|---|---|
| Эл-аралык компанияларда жумушка орношуу мүмкүнчүлүгү | 28,0 |
| Чет өлкөдө окууну улантуу мүмкүнчүлүгү | 19,0 |
| Бардык өлкөдө бүтүрүүчүлөрдүн квалификациясын таануу | 18,0 |
| Бүтүрүүчүлөр эч кандай артыкчылык албайт | 12,0 |
| Эмгек рыногунда бүтүрүүчүлөрдүн атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүнүн көтөрүлүшү | 7,0 |
| Адистиги боюнча жумушка орношууда жеңилдиктер | 7,0 |
| Бүтүрүүчүнүн беделинин көтөрүлүшү | 5,0 |
| Жооп берүүдөн кыйналып турам | 4,0 |
| **Бардыгы** | 100,0 |

Болондук процесстин Diploma Supplement алууда көпчүлүк жогорку окуу жайлардын кызматкерлери жана респонденттер тарабынан, эл-аралык компанияларда жумушка орношуу мүмкүнчүлүгү бар экендигин жана чет өлкөдө окууну улантуу мүмкүнчүлүгү бар экенин белгилешкен. Буга ылайык, Болондук процесстин дагы бир принциби окутуучулардын мобилдүүлүгү, чет өлкөгө чыгып, чет тилинде эркин сүйлөгөндүгүнө жана билимин да жогорулатууга мүмкүнчүлүк түзүлгөн. Жогорку окуу жайлардын студенттери канчалык деңгээлде чет тилин билерине кызыгып, *респонденттерге берилген*: «Сиздин билим деңгээлиңиз чет тилинде курстарды окууга даярбы?» деген суроого 38% жок, жетиштүү эмес, чет тилин тиричилик деңгээлде билем, 32% жок, жетиштүү эмес, сөздүктүн жардамы менен, 24% ооба, жетиштүү, чет тилин жетиштүү деңгээлде билем, 4% ооба, жетиштүү, чет тилин толугу менен эркин билем, 2% жооп берүүдөн кыйналып турам деп белгилешти. Бул жерден, респонденттердин көпчүлүк бөлүгү чет тилин жетишерлик билбегенин байкасак болот.

**Диаграмма 18.**

**Магистранттардын чет тилинде даярдыгы**




*Болондук системасынын дагы бир өзгөчө артыкчылыгы катары* студенттин мобилдүүлүгү эсептелет. Ал студент бир өлкөнүн жогорку окуу жайында окуп баштап, кийин башка өлкөнүн жогорку окуу жайына которула алары жана ошол жактан окуп бүтө алары, ошону менен эле бирге ага ылайык жогорку билими тууралуу диплом алары менен түшүндүрүлөт. Мындан тышкары, Болондук процесске кирген өлкөлөрдүн дипломдорунун мындан ары юридикалык жактан бирдей болушу каралууда. Бул, албетте, ылайыктуу жумуш издөөдө бир гана өлкө менен чектелип калбоого шарт түзөт.

Кыргызстандагы жогорку окуу жайлардын окутуучуларынын жана студенттеринин ийкемдүүлүгүн камсыз кылууда бир катар чечилбей келаткан маселелер бар. Студенттердин, окутуучулардын, илимий кызматкерлердин билим алууга делинген ийкемдүүлүгү начар, ошондуктан аны иреттештирүү жагы канааттандыраарлык болбой жатат. Мындай түзүлгөн абалдын себептеринин арасында уюштурууучулук, каржылык, социалдык жана башка суроолор толук иштелип чыкпагандыгын атасак болот. Академиялык мобилдүүлүк боюнча *эксперттерге:* «Билим программасы менен академиялык мобилдүүлүктүн чогуу болушунун кандай тиешеси бар?» деген суроого, 48% параллелдүү бир канча адистикти алуу, 40% катышуучулардын бардык потенциалын колдонуу, 12% Катышуучулардын бардык потенциалын колдонуу деп жооп беришкен.

**Диаграмма 19.**

**Билим программасы менен академиялык мобилдүүлүктүн чогуу болушунун кандай тиешеси бар**




*Респонденттерге:* «Сиздин окуу жайда окутуучулардын мобилдүүлүгүн каржы жагынан колдоонун башка дагы кандай формалары бар?» деген сурообузга 34% «окуу жайдын сайтында окутуучулардын мобилдүүлүк программасынын маалыматы үзгүлтүксүз жаңыланып турат», 22% окуу жайдын жарыя илинүүчү жайында окутуучулардын мобилдүүлүк программасы боюнча жарыя илинет», 16% «окуу жайда окутуучулардын мобилдүүлүк программасы боюнча жолугушуулар сессия, маалыматтык семинарлар байма-бай өткөрүлөт», 14% «окуу жайда атайын бөлүм бар, алар окутуучулардын мобилдүүлүк программасына катышуу үчүн зарыл документтерди толтурууга жардам берет», 10% «атайын бюллетендер берилет, окутуучулардын мобилдүүлүгү боюнча окуу жайдын басылмасынан жарыяланат», 2% «эч кандай программа жок», 2% «жооп берүүдөн кыйналып турам»- деген жоопторду алдык.

**Диаграмма 20.**

**Магистранттардын мобилдүүлүгүн каржы жагынан колдоонун формалары**




Дагы бир үчүнчү маанилүү оң жагы, Болондук процесс жогорку билимдүү адистин рынок атаандаштыгына туруктуулук жөндөмүн калыптандырат.

*Бирок,* жогорудагыдай *оң жактары* менен катар эле Болондук процесстин *терс жактарын* да белгилөөгө болот. Көңүл бура турган *биринчи терс жагы* – бул жогорку окуу жайындагы окутуунун мөөнөтүнүн кыскарышы. Мындай өзгөртүү сөзсүз түрдө студенттерди даярдоо сапатына терс таасир тийгизери шексиз. Мындан тышкары, бакалавриатты бүтүргөндөн кийин көпчүлүк студенттер ушул аяктаган этапта базалык гана билим алгандыгын, алган билими кийин практикада жетишсиз болуп чыгаарын ойлошпой туруп андан ары окууну токтотуп коюшат. *Жогорку окуу жайлардын кызматкерлеринен* «жогорку окуу жайларда Болондук системага өтүүгө байланыштуу актуалдуу проблемаларды» сураганда төмөнкүдөй баа беришкен. Төмөнкү таблицаны караңыз (табл. 14).

*Респонденттерге*: «жогорку окуу жайларда Болондук системага өтүүгө байланыштуу актуалдуу көйгөйлөрдү» сураганда төмөнкүдөй белгилешти. Төмөнкү таблицаны караңыз (табл. 15).

Дагы бир көңүл бура турган *кийинки терс жагы* болуп студенттин өз алдынча билим алуусу жана өз алдынчалуулугу болуп саналат. Ушул студенттин өз алдынча билим алуусу деген аталыш менен система аудиториялык сааттарды кыскартууну жана студенттин өз алдынча даярдануусуна убакытты көбөйтүп берүүнү ишке ашырып келет. Ушундан улам эмне үчүн бул Болондук системасынын артыкчылыгы катары эмес, кемчилиги катары каралышы керек

деген суроо туулат. Мунун терс жагы же кемчилиги болуп студент көп бош убактыга ээ болуу менен ал ошол убакытты өз максатына туура колдонору, же башкача айтканда окууга гана жумшаары күмөн туудурары эсептелет.

**Таблица 14.**

**Жогорку окуу жайларда Болондук системага өтүүгө байланыштуу актуалдуу проблемалар**

| Көйгөйлөр | Процент | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | Таптакыр актуалдуу эмес | Актуалдуу эмес | Орто | Актуалдуу | Абдан актуалдуу |
| Тилге болгон даярдыктын деңгээлинин төмөндүгү | 4,1 | 20,4 | 40,8 | 20,4 | 14,3 |
| Европалык стандартка туура келиши үчүн окуу курстарын кайрадан уюштуруу | 6,1 | 14,3 | 44,9 | 14,3 | 20,4 |
| Предметти окууда өз алдынча студенттин ишинин көптүгү | 2,0 | 20,4 | 42,8 | 24,5 | 10,3 |
| Окуу технологиясынын жана жаңы методиканы колдонуунун татаалдыгы | 6,1 | 20,4 | 34,7 | 24,5 | 14,3 |
| Окутуучулардын мобилдүүлүк программасында каржы ресурсунун жоктугу | 6,2 | 16,3 | 32,6 | 18,4 | 26,5 |
| Окуу процессинде илимий, материалдык –техникалык камсыздоонун жетишсиздиги | 8,1 | 16,3 | 28,5 | 34,7 | 12,4 |
| Эл-аралык окутуучулардын мобилдүүлүк программасы жөнүндө маалыматтын жетишсиздиги | 6,1 | 8,2 | 26,6 | 40,8 | 18,3 |

Ошондой эле жумушка кирүү жагы да проблема жаратууда, *эксперттер* беш жылдык билим берүү билим жагынан, ошондой эле дипломунун барктуулугу жагынан да кыйла жогору турарын белгилешет. «Бүгүнкү күндө бакалавр диплому жогорку билим деңгээлиндеги диплом катары таанылабы?» деген суроого *эксперттер*: 42% көпчүлүк жумуш берүүчүлөр тарабынан таанылат, 32% бир нече жумуш берүүчүлөр тарабынан таанылат, 18%

жалпысынан жумуш берүүчүлөр тарабынан таанылбайт, 6% айлык акысы адистерге караганда аз болуп калат, бул система туура эмес, 2% жогорку билим 5 жылдык болуш керек экендигин билдиришти. Төмөнкү диаграмманы караңыз (диаграмма. 21).

**Таблица 15.**

**Жогорку окуу жайларда Болондук системага өтүүгө байланыштуу актуалдуу көйгөйлөр**

| Көйгөйлөр | Процент | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | Таптакыр актуалдуу эмес | Актуалдуу эмес | Орто | Актуалдуу | Абдан актуалдуу |
| Тилге болгон даярдыктын деңгээлинин төмөндүгү | 16,0 | 16,0 | 26,0 | 38,0 | 4,0 |
| Кыргызстандын эмгек рыногунда бакалавр дипломун таануу төмөн даражада | 4,0 | 8,0 | 32,0 | 46,0 | 10,0 |
| Европалык окуу жайга окутууга каржылоо жоктугу | 6,0 | 8,0 | 32,0 | 40,0 | 14,0 |
| Окуу процессинде, окуу сабактарын атайын тандап ишке ашыруу | 14,0 | 2,0 | 34,0 | 30,0 | 20,0 |
| Окуу сабактары боюнча, өз алдынча иштин (аудиториядан тышкары) көбөйүшү | 4,0 | 16,0 | 28,0 | 48,0 | 4,0 |
| Окуу процессинде илимий материалдык –техникалык камсыздоонун жетишсиздиги | 6,0 | 4,0 | 38,0 | 40,0 | 12,0 |
| Окуу жайда эл аралык мобилдүүлүк программасы жөнүндө маалыматтын жетишсиздиги | 4,0 | 18,0 | 34,0 | 34,0 | 10,0 |
| Европада окуу жайдын дипломун төмөн даражада таануусу ыктымал | 12,0 | 8,0 | 34,0 | 36,0 | 10,0 |

**Диаграмма 21.**

**Бакалавр дипломy жогорку билим деңгээлиндеги диплом катары таанылабы**




Учурда респонденттердин 54% бакалавр дипломy жогорку билим деңгээлиндеги диплом эсебинде бир нече жумуш берүүчүлөр тарабынан таанылат дешсе, 28% көпчүлүк жумуш берүүчүлөр тарабынан таанылат, 16% жумуш берүүчүлөр тарабынан дегеле таанылбайт деп, ал эми 2% жооп берүүдөн кыйналып жатышканын белгилеп кетишкен.

**Диаграмма 22.**

**Бакалавр дипломy жогорку билим деңгээлиндеги диплом катары таанылабы**




Ошондой эле, системанын дагы бир терс жагы же кемчилиги Болондук процесстин максатынын басымдуу бөлүгү өлкөнү өнүктүрүүгө багытталгандыгында болуп саналат. Демек, бул жогорку окуу жайын аяктаган адис алда канча жогорку өлчөмдөгү эмгек акылуу жана эмгек шарты жакшы

жумушту табуу максаты менен башка өлкөгө кетип кала алат дегенди билдирет. Бул мыкты адистерди жоготуу менен мүнөздөлөт. Жыйынтыгында, экономикалык жактан өнүккөн мамлекеттер ого бетер гүлдөп өнүгө берет да, ал эми жакыр мамлекеттер улам барган сайын жакырдана берет [151]. Сурамжылоонун негизинде азыркы шартка ылайык *эксперттер тарабынан* «адистиги боюнча көбүрөөк маани берилчү дипломдор»: 40% – бакалаврдыкы, 38% – адистердин, 16% – магистрдин, 6% – маанилүү эмес делип атыкталган. Төмөнкү 16-таблицаны караңыз.

**Таблица 16.**

**Кандай даражадагы диплом, адистиги боюнча жумуш берүүчүлөр тарабынан азыркы шартка ылайык**

| Диплом | Процент |
|---|---|
| Бакалавр | 40,0 |
| Адистер | 38,0 |
| Магистр | 16,0 |
| Маанилүү эмес | 6,0 |
| **Бардыгы** | 100,0 |

*Респонденттердин айтымында*, көбүрөөк маани берилчү дипломдор 62% – магистр диплому, 16% – бакалавр диплому, 12% – маанилүү эместигин, 10% адистердин диплому, адистиги боюнча жумуш берүүчүлөр тарабынан азыркы шартка ылайык экендигин белгилешкен. Төмөнкү таблицаны караңыз (табл. 17).

**Таблица 17.**

**Кандай даражадагы диплом, адистиги боюнча жумуш берүүчүлөр тарабынан азыркы шартка ылайык**

| Диплом | Процент |
|---|---|
| Магистр | 62,0 |
| Бакалавр | 16,0 |
| Маанилүү эмес | 12,0 |
| Адистер | 10,0 |
| **Бардыгы** | **100,0** |

Жалпы жыйынтык чыгарганда, азыркы учурда Болондук процесстин оң жагы менен эле катар терс жактары да бар экендигин белгилөөгө болот. Албетте,

Болондук системасынын оң жагы менен терс жагын саноо жана статистика менен гана алектенүү пайдасыз экендиги баарыбызга белгилүү. Билим берүүнүн бирдиктүү европалык системасын түзүү идеясы жыйынтык берген жана бүгүнкү күндүн реалдуу абалына шайкеш келген система болуп саналат, бирок бул система дагы да иштеп чыгууну талап кылып турат.

## 3-глава боюнча корутунду

Бул глава боюнча төмөнкүдөй жыйынтык чыгарууга болот:

1) Акыркы 20 жыл ичиндеги билим берүү тармагында кабыл алынган мыйзамдарга, стратегиялык жана программалык документтерге обзор жүргүзгөндө, билим берүүнүн бардык ишмердүүлүк системасында ар түрдүү реформалар жарыяланып келгенин көрүүгө болот. Бардык реформалар билим берүүнүн негизги максатына – өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүшүнө жана коомдун талабына карай улам кийинки саясий документте кеңейтилип турган ар түрдүү мүнөздөмөдөгү жогорку билимдүү жана маданияттуу инсанды калыптандырууга жетишүүгө багытталган.

Бул жылдары билим берүү системасынын максаты жалпысынан өзгөрбөгөнүнө карабастан, билим берүү системасы коомдун кичи системасынын бири катары экономикалык жана саясий системага ылайыкташып келген жана ылайыкташып кала берет, б.а. маңызы боюнча тарыхый өзгөрүлмөлүү келип, коомдун конкреттүү өнүгүү этабына көз каранды болгон. Мына ушул этаптарга шайкеш келүү менен мезгил-мезгили менен алардын функцияларынын, алгылыктуу өнүгүү багыттарынын жаңы билим берүү түзүмдөрүнүн жана шайкеш келүүчү социалдык институттардын пайда болушунун багыты болуп турган.

